Нурлан Шакиев:

“Бөлөк тилди эмес, эне тилди билбеген уят”

3-БЕТТЕ

Ахматбек КЕЛДИБЕКОВ:

“Азыр дүйнөдө экономикалык кризис жүрүп жатат”

5-БЕТТЕ

Замир кары РАКИЕВ:

“Терс диний агымдарга бөгөт коюу биздин милдет”

9-БЕТТЕ

№105 (3440)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

Шейшемби, 2022-жылдын 29-ноябры

www.erkin-too.kg

Президент Садыр ЖАПАРОВ:

“ЭЛДИК КУРУЛТАЙ УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН АЙЛАНАСЫНДА КООМДУ БИРИКТИРҮҮГӨ КӨМӨКТӨШӨТ”

2-БЕТТЕ

ЖЕТИМИШКЕ ТАЯГАН КАНАТБЕК АБДРАХМАТОВ ЭЭРГЕ ОТУРДУ

Буга дейре Сейсмология институтун жетектеп келген 69 жаштагы Канатбек Абдрахматов Улуттук илимдер академиясынын президенти болуп шайланды. Албетте, куттуктайбыз! Куттуу жайдын жетекчисин шайлоо 28-ноябрда өтүп, ага баш бакан Акылбек Жапаров өзү барды. Кызыгы, Абдрахматов аталган кызматка жалгыз талапкер болгон. Илимдеги башка академик, илимпоз, кандидаттарга не болгон, ыя? 15-ноябрдан бери каарманыбыз Улуттук илимдер академиясынын президентинин милдетин аткарып жаткан. 2017-жылдан ушул мезгилге чейин мекемени Мурат Жуматаев жетектеп келген.

БИШКЕКТЕ КАРЫЗЫН ТӨЛӨБӨГӨНДӨРДҮН ЖАРЫГЫ ӨЧҮРҮЛӨТ

Бүгүн, “акылдуу” эсептегичтер Бишкек шаарындагы төлөмдөрдү өз маалында жүргүзбөгөн 4 300 турмуш-тиричилик жана турмуш-тиричилик эмес абоненттердин электр камсыздоосун аралыктан өчүрөт.

Чүй электр тармактар ишканасы билдиргендей, ыңгайсыздыктарга кабылбаш үчүн компания абоненттерди электр энергияга болгон эсеп-кысапты өз маалында жүргүзүүгө чакырат. Чүй электр тармактар ишканасынын сайтында “Абоненттин балансы” рубрикасы иштейт. Анын жардамы менен бардык абоненттер өздүк эсебин каалаган учурда биле алышат.

Мындан сырткары, абоненттер өз эсебин 1209, 0772/0702/0556 00-12-09 номериндеги күнү-түнү иштеген чалуу-борборуна кайрылып, же болбосо (0556) 00-12-09 номериндеги WhatsApp тиркемесине жазышса болот.

ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН АВТОБУСТАР КАТТАЙТ

Бишкек шаарынын окуучулары үчүн атайын автобустар каттай баштайт. Бишкек шаарынын мэри Эмилбек Абдыкадыров, бул автобустарда азырынча шаардын №29, 28, 69, 70 жана 13-мектептеринин окуучулары гана жүрө алышарын айтты. Автобустар ушул аптада каттамга чыгат. Атайын долбоорду Жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаменти менен биргеликте жеке компания ишке ашырууда. Жол кире мектеп жетекчилери, ата-энелер комитети жана окуучуларды ташый турган компания ортосунда сүйлөшүү жүргөн соң такталмакчы. Эгер долбоор ийгиликтүү ишке ашса, шаардын бардык мектептеринин окуучулары атайын автобустарда жүрүп калышат.

"Эркин-Тоо" пресс

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Ой жеткенге кол жетет

КУРУЛТАЙ – ЭЛДИК БИЙЛИККЕ КАРАЙ ЖОЛ

Коомдо Элдик курултай жөнүндө көптөн бери эле айтылып келген. 2021-жылы кабыл алынган азыркы Конституцияда курултай институту коомдук-өкүлчүлүктүү орган катары бекемделип, курултайдын өтүшү менен ал бүгүн турмушубузга реалдуу түрдө кирди десек болот. Өткөн жума күнү Т.Сатылганов атындагы кыргыз улуттук филармониясында биринчи Элдик курултай өттү. Курултайдын иштөө жол-жоболору боюнча "Элдик курултай жөнүндө" конституциялык мыйзам учурда ЖКнын кароосунда болгондуктан август айында Президент Садыр Жапаровдун Элдик курултайды чакыруу жөнүндө Жарлыгы чыккан. Жарлыкка ылайык Элдик курултай убактылуу Жобонун негизинде өттү.

Курултайга республикабыздагы жалпы 450 айыл өкмөтүнөн 2ден делегаттар келишкен. Курултайдын ишине 1072 делегат катышты. Алардын баары жергиликтүү курултайларда элдин тандоосу менен шайланышкан. Мындан тышкары курултайга 7 чет өлкөдөгү кыргыз диаспоралардан 21 делегат жана өлкөбүздөгү дин чөйрөсүнүн өкүлдөрү да шайланып келишкен. Белгилей кетчү жагдай, курултайдын делегаттарынын арасында бир да мамлекеттик бийлик өкүлдөрү жок. Бирок курултайга бардык мамлекеттик бийлик органдарынын жетекчилери катышты.

Курултайда эсептөө комиссиясы жана анын төрагасы, Аксакалдар кеңеши жана анын төрагасы, курултайдын жооптуу катчысы шайланды. Элдик курултайдын төрагасы болуп Аксакалдар кеңешине кирген белгилүү коомдук ишмер Кадыр Кошалиев шайланды. Аксакалдар кеңешинин мүчөлөрү Элдик курултайдын президиуму болуп саналат. Аксакалдар кеңешине киргендердин арасынан 7 облустун бирден өкүлдөрү Элдик курултайдын төрагасынын орун басары болуп шайланышты.

Эки күнгө созулган биринчи Элдик курултайдын жүрүшү КТРК жана башка каналдардан, соцтармактарда түз алынып көрсөтүлдү. Андыктан жалпы элибиз курултайдын өтүшү, андагы көтөрүлгөн маселелер боюнча жакшы кабардар боло алышты.

ПРЕЗИДЕНТ КУРУЛТАЙДЫН МААНИСИ ЖӨНҮНДӨ

Курултайда делегаттардын астында Президент Садыр Жапаров жалпы коомдук турмушубуздун ар кыл маселелери жана алдыдагы максаттар тууралуда кеңири мазмундагы сөз сүйлөдү.

Мамлекет башчысы курултайдын маани-маңызына токтолуп, калкыбыздын элдик жыйын аркылуу мамлекет куруп, келечекти аныктаган учурлары оголе көп кездешкенин белгиледи. "Биздин заманга чейинки X кылымда эле кытай булактарында эскерилген Кыргыз дөөлөтү, биздин доорго чейинки III кылымда хуннулар менен таймашкан мамлекетибиз, Барсбек каган жана анын жолун жолдоочулар башында турган, 840-жылдан тарта "Улуу кыргыз дөөлөтү" атагына ээ болгон каганатыбыздан тартып, берегидеги Мухаммед Кыргыздын, Ормон хан Ниязбек уулунун тушундагы мамлекеттик түзүлүштөргө чейинки тажрыйбабыздын топтолушуна биз сөз кылып жаткан Элдик курултай негиз болуп берген!" деп белгиледи Президент. Садыр Жапаров улуттук наркнасил, баалуулуктар менен жаңы технология, экономикалык реформалар айкалышканда гана өлкөдө өнүгүү болооруна, күчтүү улут түптөлөрүнө азыркы жапон, кытай, корей эли айдан ачык далил болуп берерин айтып өттү.

Президент Садыр Жапаров акыркы убактарда кен байлыктар, суу-энергетикалык, темир жол тармагы, билим берүү, маданият, коопсуздук жана чек ара маселелери багытында жасалган жана алдыда жасалчу иштерге токтолду. Президент өз сөзүндө илимдин, техниканын жана инновациянын өсүү деңгээли коомдун өнүгүүсүнүн негизги артыкчылыктарынын бири болот деп баса белгиледи.

ЗАРЫЛДЫКТЫН БОЛУШУ ШАРТ

Мамлекет башчысы мамлекеттик тил маселесине да кайрылып, келечекте кыргыз жарандары кыргыз тилинде эркин сүйлөй алган, жаза жана ойлоно алгандай чыныгы мамлекеттик тилге айлантуу милдети турганын айтты. Бул үчүн кандайдыр деңгээлде ички зарылдыктын болушу шарт, ансыз тилибиз өз макамына толук ээ боло албайт деген Президенттин пикирине толук кошулууга болот. Мамлекеттик тилибиз жөнүндө курултайда сөз сүйлөгөн Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев да ташка тамга баскандай ачык-айкын пикирин айтып өттү. Нурланбек Шакиев ошондой эле билим берүү, сот реформасы боюнча да омоктуу ойлорун айтты.

КЫРГЫЗ "ЧУДОСУ"

Курултайда Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров да сөз сүйлөп, Министрлер Кабинети тарабынан өлкө экономикасынын өнүгүүсү үчүн аткарылып жаткан иштер жөнүндө айтты. Анын айтымында өлкөнүн өнүгүүсү үчүн Президент тарабынан 3 постулат жарыяланган. Алар: "мамлекеттин бүтүндүгү, элдин биримдиги жана салык төлөө милдети". Акылбек Жапаров эл аралык институттардын пессимисттик божомолдоруна карабай жакшы ийгиликтер болуп жатканын айтып, быйылкы жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча экономиканын өсүшү 7%ды түзгөнүн белгиледи. Ал эми 2023-жылдын бюджети 503 миллиард сомду түзөт. 2-3 жыл аралыгында бюджеттин 2-3 эсеге өсүшү "экономикалык чудо" көрсөткөн мамлекеттердин тарыхында да сейрек кездешет, - дейт Акылбек Жапаров. Мындай жетишкендик анын ишениминде салык жол-жоболорун санариптештирүү жана фискалдаштыруунун аркасында жетишилген. Жаңы салыкты эч ким киргизген жок, бирок ар биребиз контролдук-кассалык машиналарды пайдалануу менен өлкөбүздүн өнүгүүсүнө өз салымыбызды кошо алдык, - деп белгиледи Министрлер Кабинетинин Төрагасы.

КУРУЛТАЙДАН КИЙИНКИ ОЙЛОР

Курултайда республикабыздын ар бир айылынан элдик жыйындарда шайланып келген депутаттар өз айылынын көйгөйлөрүнөн баштап мамлекеттик маанидеги маселелерге чейин көтөрүштү. Делегаттар арасында мектеп, оорукана, ирригация, жумушсуздук, жайыт, миграция, коррупция жана башка маселелер айтылды. Чек ара, Баткен маселеси да унутта калган жок. Ошондой эле айрым делегаттар "Элдик курултай жөнүндөгү" мыйзам Жогорку Кеңеште ушул кезге чейин кабыл алынбай жатканын сынга алышты. Талас облусунун Манас районунан шайланып келген делегат Замир Көчөрбаев Конституцияга толуктоо киргизип, Курултайдын таасирин күчөтүү жөнүндө айтты. Бул суныш залда отургандардын маанайына караганда делегаттарга жаккандай болду. Бирок, бул албетте, терең каралчу маселе. Учурдагы Конституцияда ылайык курултай элдик өкүлчүлүктүү орган катары бекемделген. Курултайга Кыргызстандын бир да айылы калбай делегаттар шайланып келип, жогорку трибунада сүйлөөгө мүмкүнчүлүк алууда. Бирок курултай күндөлүк көйгөйлөрдү гана талкуулап, тарап кеткен жыйын болуп калбашы маанилүү. Мамлекеттик катчы айткандай "маселени туура коё билүү анын жарым чечилгенине" барабар. 1000 делегат баары сөз сүйлөй албайт. Ошондуктан ар бир облустан шайланган депутаттар биргелешип орчундуу кайсы маселелерди алып чыгуу боюнча өз ара кеңешип алышканы максатка ылайык болмокчу деген ойдобуз. Курултай элдик бийликке жол. Эл майда-барат маселелерди эмес, мамлекеттин өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө болчу маселелерди таба билип, бийликтин барометри боло алса курултай өз максатына жеткен болот.

Албетте, курултай экинчи жагынан элдин маанайын көргөзчү, мамлекеттик бийлик жетпей жаткан жерлерде жогорку мамлекеттик бийликтин, Президенттин көзү, кулагы сыяктуу элдик жыйын. Бардык маселелер айтылышы керек, бирок жергиликтүү бийлик аркылуу чечилчү маселелерди курултай трибунасында көтөрүүнүн канчалык зарылчылыгы бар деген ой келет. Бекеринен Президент Садыр Жапаров да делегаттарга мектеп көйгөйлөрүн жакшы билебиз, башка мамлекет үчүн орчундуу маселелер боюнча айтсаңар деп кайрылбаган чыгар. Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев да өз сөзүндө курултайдын макамы Конституцияда аныкталганын айтып, "жыйындагы башкы маселе айтылган сөздөрдүн маанимаңызында деп белгиледи. Эгерде биз кайра эле майда-барат, күндөлүк сөздөргө өтсөк, бул курултайдын башка жыйындардан эч айырмасы болбой калат. Андыктан ааламдашкан доордо 7 млн калкыбыздын мындан аркы тагдыры, орду, дүйнөлүк чакырыктардагы кыргыз элинин үнү кандай болорун кеп кылганыбыз туура", – деген пикирин айткан эле. Көч бара-бара түзөлөт дейт эмеспи. Биринчи Элдик курултайдын өтүшү кийинки жыйындарга сабак болор.

Элдик курултайды чакыруу маселесинин айланасында коомдо ар кандай пикирлер айтылып жатты. Курултайдын эмне кереги бар, дүжүрлөрдү шайлап алып, алар болсо бийликти мактагандан башка эмне кылмак эле деген сын пикирлер басымдуулук кылды. Бирок курултайда бийликтин ишин колдоп, рахмат айтып, ыраазы болгондор да, сындагандардан да кем болгон жок. Жогорку бийлик өкүлдөрүнө, атүгүл Президенттин өзүнө да сын көз караштарын айткандар болду. Ошондой эле Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнө карата да кескин пикирлер айтылды. Айылынын көйгөйүн айтып бул маселелени чечип бербесеңиздер "үйүмө кайра кетпейм" деген делегаттар да болду. Кыскасы, делегаттар кайсы темада болбосун ойлорун эркин айта алышты. Биринчи курултайга шайланган делегаттарды жана алардын маанайын көрүп бул курултай "дүжүрлөрдүн" курултайы болбогонуна эл өзү күбө болду деп ойлойбуз.

Элдик курултайда делегаттар сүйлөп бүткөндөн кийин Президент Садыр Жапаров жыйынтыктоочу сөз сүйлөп, коюлган маселелерге, берилген суроолорго ынанымдуу жоопторду берди.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Айтыла турган сөз эле...

ТӨРАГАДАН ТУУРА СУНУШ

Жалпы Элдик курултайда Жогорку Кеңештин төрагасы Нурланбек Шакиев Бишкек шаарындагы төрт райондун аталышын тез арада кыргызчага өзгөртүүнү сунуштады. Ал ар бир кыргыз жараны өз эне тилин билип, сүйлөшүүгө милдеттүү деген ураан менен жашаш керектигин айтып, бөлөк тилди билбөө уят эмес, эне тилди билбөө айып экендигин баса белгиледи. Ал өлкөдө дагы деле башка тилдеги жер-суу аталыштары бар экендигин айтып, алардын бардыгын кыргызча атоо учурдагы эң башкы маселе экендигине токтолду.

Төраганын мындай сунушуна Орусиянын Мамлекеттик Думасынын депутаты Светлана Журова заматта көңүлүн буруп, жооп кайтарууга үлгүрдү. Ал "Москва сүйлөйт" радиостанциясы аркылуу Кыргызстан Бишкектин райондорунун атын өзгөртсө, Украинанын жолуна түшөт деген пикирин билдирүү менен, бул Кыргызстанда жашаган орустардын укугун бузарын, Орусиянын президенти Кыргызстандын Мамлекет башчысына кандайдыр бир эскертүү берет деген оюн айтты.

Орус саясатчысынын мындай билдирүүсүн ар ким ар кандай кабыл алууда. Көпчүлүк Светлана Журованы өлкөнүн ички маселесине чектен чыккан кийлигишүү деп эсептешсе, орус жергесинде бир жарым миллиондон ашкан мекендештерибиз мигрант болуп жүргөндүктөн жана аларга саясий-экономикалык көз карандылыгыбыздан улам мындай кадам кыргыз-орус мамилесине доо кетирет деп чоочулагандар да жок эмес. Чынында Кыргызстанда жер-суу аттарын кыргызчалоо маселеси мурунку бийлик учурунда деле чечилбей чоң саясатка айланып кеткен учурлар болгон. Атүгүл учурунда мындай демилге көтөргөндөрдү кызматтан алууга чейин барышкан. Мамлекеттик тил комиссиясын түзүүчүлөрдүн бири маркум Казат Акматов дагы жетекчилик кылган жылдары орусча аталыштагы жерлерди кыргызчалоо иштерине бир топ каршылык болгондугун эскерген жайы бар. Бирок, ал айрым маселелер улуттук баалуулуктар үчүн эл көтөрүлүп турган учурга туура келип, өлкөнүн эгемендигинин жаңы деми менен ишке ашкандыгын танган эмес. Ал эми азырчы...

Төрага Н.Шакиевдин айтканында калет жок. Өзгөрүүнүн убагы эчак эле келген. Качанга дейре кыргыз тилин кор кылабыз. Улуттук баалуулуктарыбызды, нарк-насилибизди сактап, муундан-муунга өткөрүп берүү мына ушул маселелерден башталат эмеспи. Тарыхты сыйлап, Улуу Ата Мекендик согушта эрдик көрсөтүп, Советтер Союзунун Баатырларынын урматына ыйгарылган аталыштарды тим коёлу. Алыс барбай эле саясий жана маданий борборубуз Бишкек шаарынын төрт районунун аталышын кыргыздын белгилүү адамдарынын атына алмаштырууга эмнеге болбосун? Райондорду тарых тактап, таптап, алаканга салып берген сыймыктуу уул-кыздардын атынан атоо өзгөчө сый-урмат эмеспи. Жалпы Элдик курултайда бул маселе Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев тарабынан эл алдында көтөрүлүп чыгуусу көпчүлүктүн колдоосуна татыды. Төрага көтөргөн маселе эчак айтылышы керек болгон тема болчу. Бирок, ушул мезгилге чейин бийлик башындагы адамдар "улуу агабыздын" көңүлүн оорутуп албайбызбы деп кылчактап мамиле жасап келгени чындык. Өзүбүздүн улуттук идеологиябызды өзгөлөрдөн коркуп түптөй албасак, күчтүү мамлекет курабыз деген ураанybыз куу кыйкырыкка айланбайбы. Бул маселе боюнча кыргыз эли да бийлик башындагылардан татыктуу жооп күтөт.

Разия ЖООШБАЕВА

Тойдун эртеси

БИЙЛИК МЕНЕН ЭЛДИН ДИАЛОГУ МҮМКҮН ЭКЕНИ АЙГИНЕЛЕНДИ

Өткөн жуманын соңу бүйүр кызыткан кептер менен коштолгон Курултай менен жыйынтыкталды. Мамлекеттик маанидеги чоң иш-чара түз эфир аркылуу көрсөтүлүп, ушул күндөрү ар ким алына жараша чечмелеп жаткан чагы. Биз айрым эл көзүндөгү инсандардын Курултайдын жыйынтыгы боюнча пикирлерине орун бердик.

КР аксакалдар кеңешинин төрагасы Дөөлөтбек ШАДЫБЕКОВ:

"Курултайда көтөрүлгөн көйгөйлөргө адилеттүү баа берилсе..."

- Курултай жөнүндө Баш мыйзамда жазылган. Анын ишке ашырылышы жакшы жөрөлгө. Бул жолку курултай мурдагылардай болбой, кескин түрдө айырмаланып кенен, коомчулуктун катышуусунда болду. Делегаттардын ачык кеби айтылды. Өлкөдөгү экономикалык, кадрдык саясат, илим-билим, курулуш, айыл чарбасы, маалымат жагындагы баш аламандыктар, чек ара жаатындагы көйгөйлөр бийликке жеткизилди. Айрым маселелер жаатын канткенде өнүктүрүү боюнча ачык айрым пикирлер ортого салынып, айтылды. Эми курултайда көтөрүлгөн сунуштарга адилеттүү баа берилип, ишке ашыруу жагын бийлик колго алса максатына жетет деген ойдомун. Муну менен алдыга жылуу болмок демекчимин.

Нookат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Данир ИМАНАЛИЕВ:

"Курултай жаңы институт катары иштеп кетет"

- Биринчиден, курултай мамлекеттик башкаруу системасындагы жаңы институт. Бул институт карапайым элдин үнүн жогорку мамлекеттик башкаруу органдарына түз жеткизүүчү көпүрө болуп кала тургандыгы менен айырмаланат. Өзүнөр көргөндөй эл арасында ар тараптуу көйгөйлүү болгон маселелер чоң трибунадан түз айтылды. Эми ушул көйгөйлөргө карата туура чечим кабыл алынса, анан да ар бир суроого адилеттүү мамиле кылынса, анда бул орган иштеп кетет. Менин кыскача жеке пикирим ушундай.

Президенттин алдындагы башкаруу академиясынын ректору Алмазбек АКМАТАЛИЕВ:

"Курултайды жакшы уюшкандыкта өткөргөн уюштуруучуларга таазим"

- Терең анализдер али алдыда. Бирок, бийлик менен элдин ушундай формадагы диалогу мүмкүн экени айгинеленди. Бийликтин да айтчу, элдин алдында тартуулоочу ийгиликтери бар экени аныкталды. Эл ал жакшы жышаандарды кабыл алып, баалаганы менен бийликке дагы деле көп тапшырмалары жана үмүттөрү бар экени билинди. "Пахтакорлордун, дүжүрлөрдүн" курултайы болот деп акылдуусунуп жүргөн демагогдор өзүлөрү 2 күн кечке социалдык тармакта "тигил укмуш сүйлөдү, бул министрге катуу айтылды, ушул көйгөй туура көтөрүлдү" деп кече эле болочок курултайды жээрип турганын унутуп калышканын да көрдүк. Жабык тема болгон жок: Кемпир-Абад, сөз эркиндиги, коррупция, кадр саясаты, Кумтөр. Бул курултай да тарых болуп калды. Эми айтылган сунуш-пикирлерден тыянак чыгып, аларды көзөмөлдөө боюнча иш-чара бекитилип, алдыга жыла бергенибиз оң. Эркин элбиз. "Түркмөнстан" болбойбуз, боло да албайбыз. Эркиндик менен жоопкерчилик эриш-аркак жүрсүн деп тилейли. Курултайды жакшы уюшкандыкта өткөзгөн уюштуруу комитетине таазим!

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Күнсобол

САММИТТЕН КИЙИНКИ САН МИҢ ОЙ

Өткөн аптанын шаршемби күнү (23.11.2022-жылы) Армениянын Ереван шаарында Жамааттык коопсуздук келишими уюмунун кезектеги саммити болуп өттү. Анда Армениянын өкмөт башчысы Никол Пашинян уюмду кескин сынга алып: “ЖККУга мүчө мамлекет – Армения соңку эки жыл аралыгында кеминде үч жолу Азербайжан мамлекетинин куралдуу кол салуусуна кабылды. Ошентсе дагы ушул күнгө чейин биз Азербайжандын агрессиясы боюнча бул уюмдан эч кандай кабатырлануу укпан жокпуз. Бул албетте, Жамааттык коопсуздук келишими уюмунун беделине шек келтирет. 2022-жылы 13-14-сентябрь күндөрү Азербайжан мамлекети менен Армениянын чек арасында болгон куралдуу кагылышуудан кийин расмий Ереван Жамааттык коопсуздук келишими уюмуна жардам сурап кайрылганбыз. Уюм тарабынан кырдаалды жеринен баалоо максатында Арменияга атайын өкүл жөнөтүү чечими кабыл алынган. Соңку кагылышууда эки тараптан үч жүзгө чукул адам курман болгон. Расмий Баку бу жаңжалга Арменияны айыптап келет,” - деп сөзүн жыйынтыктаган. Саммиттин соңунда Пашинян жыйынтыктоочу декларацияга кол коюудан баш тартканы маалым болду. Бул тууралуу Армян өкмөтүнүн басма сөз кызматы кабарлады.

Беларусь лидери Александр Лукашенконун айтымында Армениянын өкмөт башчысы Никол Пашинян саммитте кол коюлчу документтерге кошумча пункттарды киргизүүнү сунуштаганын, бирок ал уюмдун калган өкүлдөрү тарабынан колдоо таппаганы маалымдалган. Расмий Кремлдин басма сөз катчысы Дмитрий Песков саммиттин жыйынтыгы тууралуу комментарий берип жатып, Армениянын ЖККУнун курамынан чыгуусу тууралуу сөз болбогонун билдирди. Бирок, лидерлер орток пикир таппаган талаштуу учурлар болгонун ырастап, аны соңку жагдайдын көйгөй жараткан маселелери менен байланыштырган.

Ал эми Беларусь лидери Александр Лукашенко тажик президентинин маалыматына таянып, кыргыз-тажик чек арасындагы талаштуу маселелерди чечүүдө жылыштар бар экенин билдирди. Биринчи жолу алар ачык сүйлөшүп, Кыргыз Республикасы менен Тажикстандын чек арасындагы кырдаал тууралуу, аны дипломатиялык жол менен чечүү жөнүндө сөз болгонун белгилеп: “Кыргызстан менен Тажикстандын президенттери биргеликте эки мамлекеттин чек арасындагы талаштуу аймактарды чечүүдө жакшы кадамдар бар. Эгер биз олуттуу, чыныгы уюм болууну кааласак, анда ич-ара жаңжалдарды токтотушубуз зарыл. Уюмга мүчө болгон мамлекеттер ушундай негизги маселелерди чечип, алдыга жыла албасак, анда биздин колубуздан эмне келет? Ошондуктан бул багытта олуттуу иш алып барышыбыз керек," - деп билдирген.

Беларусь лидери Александр Лукашенко таянып маалымат берген Тажик президенти Эмомали Рахмон кандай жылыштар тууралуу айтканы белгисиз. Анын расмий сайты жарыялаган маалыматта бул тууралуу бир да сөз айтылган эмес. Болгону, тажик-ооган чек арасын бекемдөө учур талабы экенин айтканы жазылган. Кыргыз Республикасынын президентинин расмий сайтында да эки өлкөнүн чек ара маселеси тууралуу соңку маалымат жарыялана элек. Садыр Жапаров өзгөрүлүп жаткан кырдаалга өз убагында жооп кайтаруу үчүн кызматташууну ырааттуу активдештирүү зарыл экенин гана билдирген. КР ЖКнын 17-ноябрдагы отурумунда Президент Садыр Жапаров парламенттеги сөзүндө Кыргызстандын Тажикстан менен чек арасын тактоо боюнча документтери өлкө парламентинин кароосуна жыл соңуна чейин сунуш кылынарын мындай деп айткан: “Кудай буюрса, Тажикстан менен да чек ара тилкелерибизди бүтүрөбүз. Тоскоолдуктар болбосо жаңы жылга чейин бүтүрүп, Жогорку Кеңешке алып келебиз деп жатабыз,” - деген.

Армения, Беларусь, Орусия, Кыргыз Республикасы, Казакстан жана Тажикстандын лидерлери 23-ноябрда Ереванда алгач тар чөйрөдө жолугушуу өткөрүп анда Уюмдун ишмердүүлүгүнүн бир катар кемчилдиктерин талкууланганы маалым болду. Ал эми уюмдун баш катчысы Станислав Зась ЖККУ Тажикстан менен Кыргызстандын чек арасындагы кырдаалды турукташтырууга көмөк көрсөткөнгө даяр экенин айтып: “Борбор Азия аймагында кыргыз-тажик чек арасындагы кырдаалды турукташтырууга өзгөчө көңүл буруп жатабыз. Эгер Тажикстан менен Кыргызстан зарыл десе, ЖККУга мүчө эки мамлекетке тең өз максатына жетүүгө жардам берүү үчүн уюмдун керектүү ресурстары жана тажрыйбасы жетиштүү деп эсептейбиз,” - деп сөзүн жыйынтыктады. Үч жыл уюмда баш катчылыкты аркалаган Станислав Зась эмдиги жылы бул кызматты казак саясатчысы Имангали Тасмагамбетовго өткөрүп берери айтылды. Ал эми ЖККУга мындан ары төрагалык кылуу Арменияга Беларусь мамлекетине өттү.

ЖККУнун ишмердүүлүгүндө бир топ кемчиликтер бар экенин Орусиянын президенти Владимир Путин да мойнуна алганы маалым болду: “Биз албетте, бир гана жетишкендиктерди эмес, кемчиликтерди да көрүп турабыз. Бул тууралуу жабык жыйында дагы сүйлөшөбүз...” – деди Путин. Саммиттин жүрүшү расмий Ераванда ЖККУга каршы митинг менен коштолгону да Армения жарандарынын ЖККУнун ишмердүүлүгүнө нааразы экенинин бир далили деп түшүнүүгө болот. Саммит өтүп жаткан убакта Ереванда Жамааттык коопсуздук келишими уюмуна каршы эки жерде нааразылык акциясы өткөнү маалым болду. Митингдердин бирин жарандык активисттер, экинчисин “Улутчул-демократиячыл полюс” деп аталган оппозициячыл альянс уюштурган. Алар расмий Еревандын ЖККУнун мүчөлүгүнөн бир тараптуу чыгуусун талап кылып митингге чыгышкан.

Кыргызстанда да Жамааттык коопсуздук келишими уюмуна байланыштуу коомчулуктун пикири ар тараптуу. Кайчы пикирлер эки жыл катары менен болгон кыргыз-тажик чек арасындагы куралдуу кагылышуулардан соң келип чыкты. Уюмга мүчө болгон эки мамлекет чек ара маселесин дипломатиялык жол менен чече албай согушуп, анын кесепетинен ондогон жайкын тургундардын, аскер кызматкерлеринин өмүрү кыйылып жатса, ага эч кабатырланбаган ЖККУнун кайдыгер позициясын сындап, коопсуздук жаатында реалдуу уюмга айлана албаганы, бир тараптуу кызыкчылыктын негизинде гана түзүлгөнү айтылып келет.

2022-жылы 15-16-сентябрда Өзбекстандын Самарканд шаарында Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин саммити өтүп жатканда Тажикстан тараптан Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун аймагына куралдуу кол салуу болуп, чек арага жакын жашаган айылдардан ондогон жайкын тургундар менен аскер адамдары каза болду. ШКУнун курамында да ЖККУга мүчө мамлекеттердин баары бар. 15-16-сентябрда Өзбекстандын Самарканд шаарында өткөн ШКУнун саммитине да Армения, Беларусь, Орусия, Кыргыз Республикасы, Казакстан жана Тажикстандын лидерлери толук катышкан. Бирок кыргыз-тажик чек арасындагы согуштук кырдаал боюнча толук маалыматты угуп, көрүп туруп ЖККУга мүчө мамлекеттердин лидерлеринин бирөө да согуштук абалды токтотуу жөнүндө маселе көтөрбөй, кайдигер мамиле кылганы кыргыз жарандарынын ар тараптуу пикир айтуусуна себеп болду. “Ич ара келишпестиктерди чече албаган Жамааттык коопсуздук келишими уюмунун кимге кереги бар? Уюмга мүчө болуу менен Кыргыз Республикасы кандай жетишкендиктерге ээ болду?..” - деген жоопсуз суроо Ереванда өткөн саммиттеги Никол Пашиняндын пикиринен кийин кайрадан коомчулукта жандана баштады.

Бахпурбек АЛЕНОВ

Кылым козголушу

ҮРҮМЧҮДӨГҮ ОН КИШИНИН ӨЛҮМҮ...

Бир катар маалымат агенттиктер тараткан видео материалдарда жекшембиде (27. 11. 22.) таң эрте менен Кытай эл республикасынын эң көп калк жашаган Шанхай шаарында катаал карантинге нааразылыгын билдирип чыккандар: “Укук коргоо органдарынын кызматкерлери, силер өз элиңерге кызмат кылгыла!” “Эне-ата, бир тууган, үй-бүлө, балдарыңар барбы?! Эмнеге бей күнөө элге курал такайсыңар?!” “Полиция өз элине каршы чыгабы?!”, “Силер го ишteп, акча таап жашап жатасыңар, биз карапайым эл кантебиз?!” “Үч жылдан бери чектөөдөбүз!..” - деп нааразылык акциясына чыккан эл менен укук коргоочулар ушинтип тирешип турганын көрүүгө болот. Кытайдагы нааразылыктын толкуну 24-ноябрда Үрүмчүдө он кишинин өмүрүн алган өрттөн кийин ого бетер күчөдү. Үрүмчүнүн 4 миллион жашоочусу 100 күндөн бери пандемиялык чектөөлөрдүн шартында жашап, расмий бийлик тарабынан үйлөрүнөн чыкпоо көрсөтмөсү берилген. 15-кабаттан 17-кабатка чейин чалган өрттү өчүрүүгө үч саат убакыт корогон. Байкоочулар жарандык наразычылыктын масштабы чоң экенин айтып жатышат.

Associated Press (AP) маалымат агенттиги Швейцарияда бозгунда жашаган шинжаңдык Уйгур улутундагы адамдын видеосун жарыялаган. Анда Абдулхафиз Мухаммед Эминдин таяжеси менен балдары каза болгону маалым болгон: “Куткаруучулар, полиция келгенден кийин имаратка дароо кире алган эмес. Алар бийик тосмолордон ашып өтүүгө, кулпуланган эшиктерди ачып кирүүгө аргасыз болгон. Алар киргиче ичиндегилер ар кандай абалда каза болуп калган. Албетте, аны көргөн эл ачууланат да...” – деп маалымат берген.

Шанхайлыктар адегенде Шинжаңдын борбор шаарында көп кабаттуу турак үйдө чыккан өрттө сыртка чыга албай, аргасыз каза тапкан карапайым адамдарды эскерүү үчүн ишембиден жекшембиге караган түнү чогулган. Алар шам жагып, плакаттарды көтөрүп тынчтык митингине чыгышкан. Айрым адамдар Кытайдын мамлекеттик гимнин ырдап турушкан. Күбөлөр социалдык түйүндөргө бөлүшкөн видеолордон Үрүмчү деп аталган борбордук көчөдө “Си Цзинпин кетсин! Партиянын жетекчилери кетсин!” деген нааразычылык ураандардын жаңырганын да көрүүгө болот. Байкоочулар өлкө лидерлерине каршы пикирин билдирүү Кытайда сейрек көрүнүш экенин баса белгилеп айтууда. Расмий Пекин Шанхайдагы нааразылык акциясына тиешелүү материалдарды, талкууларды социалдык тармактардан дароо алып жок кылып жатканы кабарлануууда.

Акыркы мезгилде Кытай бийлигинин “COVID-19”ду түптамыры менен жок кылуу саясатына каршы коомчулуктун нааразылыгы күчөп баратканы ачкай айтыла баштаган. Өткөн жумада Кытайдын Гуанчжоу шаарынын көчөлөрүнө чыккан миңдеген киши азык-түлүк, күндөлүк эң керектүү товарлардын тартыштыгына, дүкөндөрдүн жабылышына, киреше-ден куру калып жумушсуз калышканына, эң негизгиси өз убагында медициналык жардам ала албай кыйынчылыктарга кабылганын айтып нааразылыгын билдиришкен. 25 миллион калк жашаган Шанхайда да буга чейин эки айга толук карантин кирзилгенде азык-түлүк жетпей, карапайым эл каатчылыкка кептелген учурлар болгон.

Бахпурбек АЛЕНОВ

Эсеп-чотчу

КР Жогорку Кеңешинин мурдагы төрагасы Ахматбек КЕЛДИБЕКОВ:

“ПЕНСИЯГА ЧЫГУУ КУРАГЫН КӨТӨРҮҮ ТУУРА ЭМЕС”

Өлкөбүздө экономиканын ийне-жибине чейин талдай билген, тармактан кыйла тажрыйба күткөн 5 үлкөн болсо, Ахматбек Келдибеков ошол үлкөндөрдүн бири экенин эч ким тана албаса керек. Эсеп-чотту жаңылбай жатка каккан мындай ишмер менен мамлекетибиздеги экономикалык жагдайлар боюнча маектештик.

- Ахматбек Келдибекович, акыркы жылдары дүйнөлүк экономика, өзүбүздүн чакан экономикабыз оор мезгилди баштан кечирип жатат. Өлкө казынасындагы таңкыстык оор экени айтылды. Бул жагдайдан чыгуунун кайсы жолун көрүп турасыз?

- Бүгүн дүйнө жүзүндө Россия менен Украина ортосунда жаралган окуянын кесепетинен, таажы ылаңынын экономикага болгон соккусунун айынан көптөгөн өлкөлөр оңолуп кете элек. Мындай шартта бүтүндөй дүйнөнү экономикалык кризис каптаары айтпаса да түшүнүктүү да. Мындан тышкары Россияга болгон экономикалык санкциялардын кесепети сөзсүз түрдө бизге да тийет. Кечеги эле Россиядагы мобилизация өнөктүгүндө орустардан бизге жүз миңдеген адамдар келди. Биздеги соңку 2 айды эле карап көргөндө кыймыл кичине башталды. Ошол жүз миңдеген адамдар бир айда миң доллардан коротушса дагы бул көрсөткүч эбегейсиз чоң каражат болуп эсептелет. Бул албетте, экономиканын жүрүп кеткени деле эмес. Болгону товар алмашуунун, кызмат көрсөтүүлөрдүн чоңойгонунун негизи болду десек болот. Ал эми казынадагы тартыштык салык саясатындагы туура эмес кадамдардан жасалып калууда. Тиешелүү тармактагы адистердин туура эмес эсептөөсүнүн айынан ушундай жагдайлар жаралууда. Мындай шартта бизнести сактап калып, текшерүүнү азайтып, айыл чарба, туризм баштаган тармактарды күчөтүп, ишкерлердин кыйынчылыктан чыгуусуна шарт түзүп берүү керек. Бизде тескерисинче салыкты, кээ бир төлөмдөрдү көбөйтүү менен ишкерчиликтин айрым түрлөрү жабылып кетип жатат. Жеке өзүм да азыр бизнес чөйрөсүндө жүргөндүктөн жогорудагы жагдайлардын кесепетин угуп, көрүп-билип жатам. Казынанын тартыштыгы сөзсүз түрдө болот. Себеби, быйылкы жылы айлык-маяналар бүтүндөй тармактарда эбегейсиз көтөрүлдү. Айлык-акыларга төлөмдөр аябагандай чоң каражатты талап кылаары белгилүү. Мунун бардыгын Министрлер Кабинети эсептеш керек. Дагы бир жагдай, быйылкы жылы Баткендеги кайгылуу окуялар да болуп кетти. Мунун баары албетте, чоң каражатты талап кылат.

- Социалдык фонддун пенсияга чыгуу жашын көбөйтүү сыяктуу демилгеси казынадагы тартыштыктан улам деп билсек болобу?

- Туура, бүгүн пенсияга чыгуу жашын көбөйтүү, ар кандай жеңилдиктерди кыскартуу сыяктуу демилгелерди байма-бай көтөрө башташты. Бул туура эмес! Мындай демилгени кескин түрдө айыптасак болот. Бул идея системаны талкалоого алып келиши мүмкүн. Анан калса бул демилге Өкмөттө каралбай, айрым адистер тарабынан көтөрүлүп, даярдалып жатканынан кабардар болдум. Эгерде дал ушул идеяны коомдук талкууга алып чыкса, мен да өзүмдүн аргументтүү ой-пикиримди сөзсүз түрдө айтам. Бүгүн акча-насыялык, фискалдык саясатты биз туура алып барышыбыз керек.

- Мамлекеттик бажы кызматы бажы төлөмдөрдү талаптагыдай чогулта албаганында кандай сыр бар? Акылбек Жапаров бул тармактагыларды түгөлү менен кызматынан айдоого даяр экенин, жаңы система иштеши керектигин билдирди го...

- Ооба, мен дагы бажычыларды дүңүнөн айдоо керектиги боюнча маалыматтарды окудум. Бул тармакта велосипед ойлоп чыгыштын кереги жок. Акылбек Жапаров айткандай эң оболу системаны өзгөртүш керек. Бардыгын санарипке өткөрүү зарыл. Жөнөкөй гана мисал, Грузияда бажы тармагында бардыгына бирдей шарт түзүлгөн. Мамлекеттин экономикасына керектүү нерселерди алып келгендерге бажы төлөмдөрүн кыскартышат. Себеби, стимул дагы болуш керек да. Бардыгы электрондук форматта чечилүүгө тийиш. А эмне үчүн бизде муну жасай албайбыз? Жасаса сонун болот! Бизде адамдын кийлигишүү факторлору көбүрөөк болуп жатат деп ойлойм. Грузияда реформаны Саакашвили учурунда жасады эле, ошондон бери система аппак болуп иштеп келе жатат. Ошонун эсебинен аларда бажы төлөмдөрүн чогултуу эселеп көбөйдү. Бизге дагы ошол системаны киргизип коюш керек болчу. Бажы кызматынан кызматкерлер Грузияга окуп, тажрыйба алмашып да барып келишти. Алардын системасын өздөштүрүп, киргизип коюш бүгүнкү техниканын мүмкүнчүлүгү менен көп деле каражатты талап кылбайт. Болгону эрк жетиштүү болушу абзел. Биз бажы биримдигине киргенден бери бажы төлөмдөрүн чогултуу ошол жагынан да түздөнтүз көз каранды. Анан калса бажы тармагы импорт менен экспорт жагын талдап, экономиканы жөнгө салгандай болууга тийиш. Бул тармактан канчалык көп каражат түшсө, биздин ички экономикабыз начарлады дегенди билдирет. Бажы бул импорт. Импорт канчалык көбөйсө бизде чыгып жаткан товарлардын, ишканалардын азайганы десек болот. Соңку 10-15 жылдан бери биздин кийип-ичкенибиздин дээрлик бардыгы импорт болуп калгандыгын кайда катат элек? Анын бардыгын биз долларга сатып келебиз. Мындай жагдайда импорттун ордун баскан иш алып баруу мезгилдин талабы болууда. Албетте, азыркыдай шартта бажыдан тыңгылыктуу каражат түшпөйт, керек болсо азаят. Бул жагы эми объективдүү көрүнүш.

- Камчыбек Ташиев башында турган укук коргоо органдары жемкорлордон казынага миллиондорду төктүрүп жатышпайбы. Бул мамлекеттик казынанын “жыртык тешигин” канчалык деңгээлде “жамаганга” жарайт?

- Атайын кызмат тарабынан “кылтакка илинишкен” айрым жарандарыбыз миллиондорду төгүп жатышпайбы. Биздин мамлекеттик казынанын көлөмү 200 миллиард сомду түзүп жатканда, атайын кызматтын арты менен ондогон миллиондор төгүлүп жатса бул чоң каражат. Албетте, бул суммалар деле көп жыртыкты жаба албайт. Казынанын 1-2 пайыз керектөөчү чыгашасын жапканга гана жарайт. Мунун баары атайын эсепке катталып, эсеп-кысабы тизмектелип турат.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

ПРЕЗИДЕНТТИН “ЭЛ ҮМҮТҮ” СТИПЕНДИЯСЫ

Президенттин “Эл үмүтү” стипендиясын алууга тогуз студент тандалган. Бул тууралуу билим берүү жана илим министри Уланбек Мамбетакунов түз эфирде жарандардын суроолоруна жооп берип жатып билдирди.

Анын айтымында "Эл үмүтү" стипендиясына кабыл алынган документтердин негизинде тогуз талапкер аныкталган. Аларга 30 млн сомдон ашык суммага стипендия катары каражаттар төлөнүп берилди. Магистранттар Колумбия, Стенфорд, Лондон, Пенсильвания, Копенгаген, Жон Хопкинс, Техас университеттерине өтүшкөн.

Эскерте кетсек, үстүбүздөгү жылдын 11-майында Президент Садыр Жапаров “Эл үмүтү” эл аралык стипендиясын уюштурууга кол койгон. Ага ылайык, дүйнөнүн алдыңкы 100 университетине өткөн кыргызстандыктарга стипендия төлөнөт.

ПАМИРБЕК КАЗЫБАЕВДИН 70 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНҮҮДӨ

Белгилүү Алыкул изилдөөчү, А.Осмонов атындагы сыйлыктын эки жолку лауреаты Памирбек Казыбаев билинбей 70 жашты арытты. Кыргыз кыйырына белгилүү калемгердин мааракелик салтанаты апта башында К.Карасаев атындагы БГУнун жыйындар залында “Алыкул жана алыкулчулар” аттуу поэзия кечеси менен башталды. Кечеге Тилектеш Ишемкулов, Токтосун Самудинов баштаган залкарлар, бир катар интеленгция өкүлдөрү катышып, Памирбек Казыбаевдин баскан жолу, чыгармачылыгы, кылган иш-аракети, а эң башкысы Алыкул акынга кылган кызматы тууралуу кызуу кептер айтылды. Кара жанын карч уруп, кайран залкар тууралуу атан төөдөй иш кылып жүргөн калемдешибиздин мааракелик салтанаты мунu менен бүтпөйт. Алдыда да мааракенин шаниси өткөрүлмөкчү. Кызыгы, кыргыздын мындай залкар калемгерине келгенде мамлекеттик сыйлыктарды эмнеге аянып жатабыз ыя? Биз Казыбаевдин чыгармачылыгы тууралуу алдыда кенен сөз кылмакчыбыз.

ЭКИ УНИВЕРСИТЕТ ТАЖРЫЙБА АЛМАШАТ



Ош мамлекеттик университети менен Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети өз ара кызматташуу тууралуу келишимди жаңылады. ОшМУнун басма сөз кызматынан кабарлашкандай И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору Айгүл Абдраева ОшМУга болгон иш сапарынын алкагында окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков, эл аралык байланыштар департаментинин директору Абдыганы Абдувалиев менен жолукту. Жолугушууда эки окуу жайдын кызматташтыгы, “Ош декларациясын” жандандыруу боюнча пикир алышуулар болду. Андан сырткары, буга чейинки эки тараптуу кызматташуу келишими жаңыланды. Келишимге ылайык, мындан ары эки университетте билим берүү, илим изилдөө, академиялык мобилдүүлүк, биргелешкен илимий диссертациялык кеңештерге катышуу, илимий конференцияларды уюштуруу, тажрыйба алмашуу багыттары ишке ашат.

Айгүл Абдраева ОшМУнун “Маркетинг, коммуникация, коомчулук менен байланыш борбору” маалымат бөлүмүндө болуп, “Үмүт” телестудиясы жана “Нур” гезити, расмий сайты жана санарип университет багытындагы аткарылып жаткан иштер менен таанышты.

"Эркин-Тоо" пресс

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Өмүр сереси

Атыркүл ЖАМГЫРЧИЕВА:

“БИЙИКТИКТЕРДЕН ГАНА ЖОЛУГУШАЛЫ”

Атыркүл Жамгырчиева Кочкор районундагы “Тулпар” автоунаа мектебинин директору кызматын аркалап келет. Быйылкы жылы 60 жаштын ашуусун ашып, эли-жерине жасаган асыл эмгектеринин үзүрүн көрүп турган чагы. Маараке ээсинин өмүр сапарынын урунттуу учурлары жөнүндө окурмандарыбызды кабардар кылууну туура көрдүк.

БАЛАЛЫКТЫН БАШАТЫ

Балалыгымдын башаты Жумгал районунун андагы Ленин колхозунун Кайырма айылынан башталган. 1962-жылы 1-июнда туулганмын. Чоң атам болуш болуп, калкка кадыры сиңген адам болгон. Ал эми өзүмдүн атам Орозкан 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согушка кетип, 15 жылдан кийин элине келген экен. Согуштун ардагери болчу. Атам колхоздо чабан болуп иштеди. Чабандын түйшүгүн аялы кошо тарчу эмес беле. Апам Күлшарт эмгекке бышкан, мээримдүү эне болчу. 8 уул-кызды өстүрүп, эрезеге жеткирди. Атам менен апам колхоздун коюн кайтарып, кабагым-кашым дебей жайы-кышы мээнет кылып аброй топтогон инсандар болчу. Тестиер кезибизден эле эмгекчилдикке, чынчылдыкка тарбиялашты. Атам биз кичинекей кезибизде эле 52 жашында каза болгон.

Мектепте окуп жүргөндө коомдук иштерге активдүү катышып жүрдүм. Кичинекей кезибизден эле чөп чапканы барчубуз. 7-класста окуп жүргөндө апам менен апийим тергени барганыбыз эсимде. Азыр ойлосом, ошол учурда окуу менен иште айкалыштырган күндөр өтүптүр. Кыйналып-кысталганды деле билбептирбиз. Эмнегедир окуучулук күндөрдү эстесем мага жылуу сезим тартуулай берет. Азыркы күндөгү бели ката элек балдардын базарда тиричилик кылып жүргөнүн көргөндө, чынында зээним кейийт. Ушул балдарга биздин бактылуу балалыгыбыздай күндөр буйруса экен деп ичимен тиленип калам. Эч нерсени капарга илбеген сонун күндөрүбүз өткөн экен. Окуткан эже-агайлар биз үчүн идеал болчу. Алардын ар бир сөзү бизге сабак эле да. Мугалимдер өтө барктуу эмес беле. Алардын жолун кесип өтө албай, ийменип турар элек. Орто мектепти дагы ийгиликтүү аяктадым. Ата-энемдин, эже-агайларымдын мага берген таалим-тарбиясы турмуш жолумду тандашыма, өмүр сапарыма чоң таасирин тийгизди.

ИШЕНИМДИ АКТОО – СЫЙМЫК

1979-жылы Жумгал районунун Кайырма орто мектебин аяктап эле Нарын облустук РЭОдо иш алып баруучу болуп эмгек жолум башталды. Россиянын Тюмень

шаарындагы мамлекеттик университетинин контролер-ревизор факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө 1980-жылы тапшырып, окуу жайын 1986-жылы ийгиликтүү бүтүрдүм.

1979-жылдан баштап 1989-жылга чейин Нарын шаарында РЭОдо иштедим. 1989-жылдан бери Кочкор районунда эмгек жолум уланды. Ал кезде дагы кышында сакмалга барчубуз. Козуларды коюнубузга катып, ысыткан күндөрүбүз болду. Жамгыр болобу, кар жаайбы өзүңө жүктөлгөн милдетти так аткарууга аракет кылчубуз.

Өлкөбүз эгемендүүлүккө жеткенден кийин чарбалык алакалар бузулуп, мурдагыдай мамлекеттик колдоо болбой калды. Ар ким мүмкүнчүлүгүнө жараша иш таап, жанын баккан күндөрдү башыбыздан кечирдик. Мен дагы 2019-жылга чейин Кочкор райондук РЭОдо иштеп, андан кийин “Тулпар” автоунаа мектебинин төрайымы кызматын аркалап калдым. Жумушум өзүмө жагат. Ушул жерден баар таап, кадыр-барк күтүп жаткан соң, элибиздин, жамаатымдын ишенимин актоо мен үчүн сыймык десем болот.

Мектебибиз замандын талабына жараша айдоочуларды даярдайт. Материалдык-техникалык базабыз жетиштүү. Бизге окуганы келген айдоочуларга сапаттуу билим берүүгө жакшы шарттар түзүлгөн. Жылына 100дөгөн айдоочуларды окутуп, аларга атайын жобонун негизинде айдоочулук күбөлүктөрдү берип келебиз. Өз ишинин устаты болгон жамаатым менен сыймыктанамын. Алар менин ишиме жөлөк-таяк болушуп, учурдагы экономикалык оор кырдаалга карабастан, татыктуу эмгек өтөп келатышат.

НЕБЕРЕЛЕРДИН КҮЛКҮСҮНӨН КУБАТ АЛЫП...

“Ние - кайып” деп бекеринен айтпайт тура. Болочок кайнежем экөөбүз мурунтан эле тааныш болуп, ынак мамиледе жүрчүбүз. Бир күнү эле иниси менен тааныштырып, жылдызыбыз келишип, ошентип, Кочкорго келин болуп калдым. Турмуш туткасын бирге кармап, 18 жыл бирге жашаган жолдошум Асангазы Абдылдаев адамгерчилиги бийик, жакшы адам болчу. Атабыздын баскан-турганы, сүйлөгөнү бизге сабак эле. Арман дүйнө, балдарынын жакшылыгын көрөрдө, бизди өкүткө салып акыретке аттанып кете берди.

Кудайдын кулагы сүйүнсүн, жолдошум экөөбүз төрт кыз, бир уулдун бактылуу ата-энеси болдук. Улуу кызым жогорку окуу жайды аяктаган. Кесиби юрист. Учурда Москвада иштеп жатат. Экинчи кызым “Сапат” лицейин кызыл аттестат менен бүтүрүп, Бишкектеги Ала-Тоо университетин дагы кызыл диплом менен ийгиликтүү бүтүргөн. Азыр Японияның курулуш компаниясында юрист кызматын аркалап жүрөт. Үчүнчү кызым экономикалык жаатта билим алып, Ислам банкында кредит боюнча адис болуп иштейт. Төртүнчү кызым дагы университетти аяктаган, баш калаабыздагы №42 мектепте мугалим болуп, балдарга тарбия берет. Ал эми көкүрөк күчүгүбүз кенже уулум Юридикалык академияда 3-курста окуйт. Прокурорлук кесипти тандап, билим алуу менен алпурушуп жүрөт. Үч неберем бар. Чоңу 1-класста окуса, экинчиси балдар бакчасына барат. Үчүнчүсү жакында бир жашка чыгат. “Балалуу үй – базар” демекчи, неберелеримдин күлкүсүнөн кубат алып, өмүр сапарын арытып келатабыз.

ТАЛБАС ЭМГЕК – ИЙГИЛИКТИН АЧКЫЧЫ

Жан үрөп иштеп, мүдөө-максатыңдын өтөөсүнөн чыгууга болгон аракетиң акыры өзүңүн үзүрүн берерине ишенемин. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында кыйналбаган эл болгон жок. Мына ошондо дагы “каруубузду казык кылып”, алдыбызга койгон милдеттерди так аткарууга болгон дитибизди коюп эмгектендик. Чынында эмгек текке кеткен жок.

Эгемендүүлүктүн 25 жылдыгынын урматына, кызматтагы жетишкендиктерим үчүн Нарын облусунун Ардактуу айымы, Ички иштер министрлигинин ардагерлер кеңешинин Ардактуу айымы, Кочкор районунун Ардактуу атуулу сыйлыктарына татыктуу болдум. ИИМдин “Датка айым”, Эл аралык коомдун “Насаатчы”, “Кыргыз Туусу” гезитинин “Эл сыймыгы”, “Кыргыздын кыраан кызы” төш белгилери жана башка Нарын облустук, Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйландым.

Убакытка укурук сала албайт экенсиң. Мезгил зымырык куштай учуп, 60 жаштын ашуусуна келгенимди деле билбей калдым. Балдар чоңоюп өз алдынча очор-бачар турмуш кечиришип, неберелердин күлкүсү жан эргитип турса, мындан өткөн бакыт жок тура. Жолдошум Асангазы ушундай жүрөк балкыткан күндөрдү көрсө гана деген өкүнүчүм болбосо, жашоо деген өз нугунда өтө берет экен. Дале каруу-күчтөн тайбай ардактуу эс алууга чыксам да, “Тулпар” автоунаа мектебинин түйшүгүн тартып жүргөнүмө каниет кыламын. Ишке болгон жоопкерчилик мени чыйралтып, жаңы максаттарга шыктандырып турат. Алдыда дагы жасай турган иштер көп. Өмүр сапарымда элиме, жериме тынчтык, бардар жашоо каалап, эл арасында балдарымдын, жакын туугандарымдын амандыгын тилеп келем. 60 жаштын ашуусу мени зор тажрыйба топтогон, акылга зирек мүнөз менен тосуп алды. Ылайым эле мындан ары багындыруучу дабандарга барчуу чыйыр жолдун сапары арыбасын. Бийиктиктерден гана жолугушуп жүрө берели.

Кагазга түшүргөн
Шекербек КАЛЫКОВ

Биринчи байлык – ден соолук

Жалпыбызга белгилүү болгондой байыркы Ош шаары учурда учу-кыйырына көз жетпеген ири калаага айланып баратат. Сыймыктуу шаарда жашаган ар бир жарандын ден соолугуна, оорулардын алдын алууга кам көрүү учурдун маанилүү маселеси. Ош шаардык мамлекеттик залалсыздандыруу бекети ушул жооптуу милдеттерин өз мезгилинен кечиктирбей так, тыкан аткарышууда. Бирок, ушул мекеменин жалпы абалы азыр заман талабынан артта калганы коомчулукта ар кандай пикирлерди жаратууда. Ушундан улам, коомчулукту тынчсыздандырган суроолорго жооп алуу максатында Ош шаардык мамлекеттик залалсыздандыруу бекетинин башкы дарыгери Мамаев Эркин Темирбаевичке кайрылганыбызда, ал бизге төмөнкүлөрдү айтып берди.

Эркин МАМАЕВ:

“ЭЛДИН САЛАМАТТЫГЫН САКТОО – КЕСИПТИК ЖАНА ИНСАНДЫК МИЛДЕТИБИЗ”

- Эркин Темирбекович, оболу залалсыздандыруу мекемесинин таржымалынан сөздү баштасак.

- Жакшы болот. Биздин мекемебиз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чыгарган чечиминин негизинде, Ош шаар аймагында өтө кооптуу болгон: чума, кутурма, калтырама, лептоспироз, псевдотуберкулез, күйдүргү жана гепатит, ич келте, паратиф, дизентерия өңдүү жугуштуу илдеттердин чыгып эл арасына таркап кетпөөсүнүн алдын алуу максатында иш алып барат. Жогорудагы илдеттердин негизги таратуучулары болгон келемиштерге каршы дератизациялоо жана курт-кумурскалар классына кирүүчүлөргө каршы дезинфекциялоо иштерин жүргүзүү кызмат көрсөтүп келет.

Ош шаардык залалсыздандыруу бекетинин ак халатчандары

Ош шаарынын мамлекеттик профилактикалык залалсыздандыруу бекет-мекемеси 1971-жылдын 1-февралында Ош облустук саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн №184 буйругунун негизинде түштүк региону боюнча «Ош шаардык дезинфекциялоо станциясы» деген ат менен уюшулган. Ошентип, жарым кылымдык тарыхы бар биздин мекемебиз 51 жылдан бери элибиздин саламаттыгына кам көрүп дезинфекциялоо, дезинсекциялоо жана дератизациялоо жумуштарын өз убагында тез жана сапаттуу жүргүзүп келе жатат. Мекемеде 19 штаттык бирдик бар: 2 врач, 2 дезинструктор, 1 дерат. лаборант, 5 дезинфектор, 1 эсепчи, 1 айдоочу, 2 күзөтчү, 1 санитарка, 1 чарба кызматкери, 1 тендер адиси бар.

- Коомчулукта залалсыздандыруу борборунун абалына нааразы болгондор жок эмес экен. Мунун канчалык чындыгы бар?

- “Калк айтса –калп айтпайт” деген сөз бар элибизде. Коомчулук биздин борбордун иштөө шарты тууралуу жөндүү пикирлерди айтып келишет. Аны биз деле угуп жүрөбүз. Азыркы учурда 660 м.кв. жер тилкесинин аймагында жайгашкан эскилиги жеткен имаратта иштейбиз. 2015-жылы эле ӨКМнин Ош шаарындагы башкармалыгы тарабынан имаратты пайдалануга жараксыз деген корутунду чыгарылган. Жыл сайын үстүртөн оңдоп-түзөп турганыбыз менен толугу менен оңдоого чамабыз жетпейт чынында. Албетте биз кол куушуруп эле отурганыбыз жок, инвесторлорду тартууга долбоорлорду жазып жатабыз.

Биздин мекеме өзүн-өзү каржылоочу принцибинде иштегенине байланыштуу, жыл башында шаардагы мекеме-ишканалар менен келишим түзүп, ошол келишимдин негизинде иш алып барабыз. Каралбай калган жерлерде, таштанды ташталуучу жайларда, канал-арыктардын жээктеринде, көрүстөндөрдө жогорудагы илдеттердин негизги таратуучулары болгон келемиштерге каршы дератизациялоо иштерин жүргүзөбүз.

- Борбор ар кандай жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча иш алып барат экен. Коомчулук сиздердин ишиңиздерге канчалык маани берет?

- «Ооруну дарылоодон көрө алдын алуу жакшы» дегендей, эч ким кепил боло албаган күтүүсүз илдеттердин алдын алуу менен шаар элинин саламаттыгын сактоо, бул биздин кесиптик жана инсандык милдетибиз. Биздин мекеме жогорудагы илдеттер менен бирге эле күтүүсүздөн пайда боло калуучу вирустук инфекцияларга, жугуштуу дарттарга, ошол эле коронавирус, омикрон жана башка ушул сыяктуу ооруларга каршы дезинфекциялоо иштерин жүргүзүү менен да кызмат көрсөтөт.

2020-жылы миндеген адам өмүрлөрүн алып кеткен бүткүл дүйнөлүк пандемияда эпидзоотиялык абалды көзөмөлдөп туруу үчүн Ош шаарынын мамлекеттик профилактикалык залалсыздандыруу бекет-мекемесинде эки бригада түзүлүп, аларга коронавирус илдети жөнүндө атайын семинарлар өткөрүлдү жана илдеттин алдын алуу максатында өтө жоопкерчиликтүү иштерди жасадык.

Ош шаарында коронавирус илдети катталгандыгына байланыштуу, 2020-жылдын 15-мартынан коронавирус илдетине каршы дезинфекциялоо жумуштарын Ош шаарынын аймагындагы адамдар көп топтолуучу коомдук жайларда, ошондой эле коомдук автотранспорттордун ички салону, отургучтар, адамдар кармап туруучу кармагычтар, айдоочу отурган жай, түшүп чыгуучу эшиктер дезинфекцияланды. Автобус-троллейбустарга, коомдук унааларга коронавирус илдетинин белгилери, андан кандай сактануу керектиги жөнүндө көрнөктөр таркатылып берилип, айдоочуларга коронавирус илдети жөнүндө түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү. Дезинфекциялоо иштерин кандай жүргүзүү керектиги боюнча ар бир айдоочуга жеринде көрсөтүп, үйрөтүлдү. Таблетка түрүндөгү дезинфекциялык каражаттар менен камсыздалышты.

Ковид илдетине каршы күрөшүүдө биздин кызматкерлер өз өмүрлөрүн тобокелге салып күндөп-түндөп иш үстүндө болуп, илдетти жеңүүдө зор салым кошушту. Ошол кырдаал дезстанциянын канчалык деңгээлде шаарга керек экендигин дагы бир ирет тастыктады.

Союз маалында бул ишканада 17 бригаданын курамында 510дон көп ашуун адам эмгектенген. 27 атайын адистештирилген автоунаасы, 1 ДУК, 1 дезинфекциялоочу электр камерасы, 1 кыймылдагы камерасы бар ишкана эле. Убакыттын өтүшү менен анын баары, аларга кошулуп бир топ аянттарыбыз, автоунаалар, камералар иштен чыгып, кыскарып, башка ишканаларга өткөрүлүп жок болду.

Ош шаарынын калкы келечекке умтулуу менен өнүгүү жолунда келе жатат. Шаарда жыл санап калктын санынын өсүшү, калкты коопсуз тейлөөдө жаратылышта болгон кырсыктарда, улут аралык коогалаңдар учурунда, пандемия мезгилинде ж.б. дезстанциянын өтө керектигин далилдеп койду. Ош шаардык мамлекеттик профилактикалык залалсыздандыруу бекет-мекемесинин ар тараптан кеңейиши бул – заман талабы. Ошол себептүү, биздин мекемеге мамлекет тарабынан көңүл бурулуп, штаттык, техникалык жактан көбөйүшүбүзгө, имаратыбызды жаңылоого каражатты тактап, жардам берүүсүнө муктажбыз.

Ош шаардык мамлекеттик залалсыздандыруу бекетинин башкы дарыгери Мамаев Эркин Темирбаевич жетекчи катары эле эмес өз кесибинин устаты, калк саламаттыгын биринчи орунга койгон ак халатчан катары кыйроого учурап бара жаткан тармактын көйгөйлүү маселелерин көтөргөнү өтө маанилүү. Жетекчинин арыз-муңу, үнү тиешелүү мекемелерге жетип, коркунуч келтирилген жагдайлардын чечиле тургандыгына ишенебиз.

Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Мезгил арабасы

АКЫЛДЫН КҮЧҮ, КОЛДУН УЧУ МЕНЕН ЖАНЫҢДЫ БАК

Жакында эле мекендешибиз, киберспортсмен Бакыт Эмилжанов ойногон команда байге фонду 18,8 млн долларды түзгөн Dota 2 компьютердик оюну боюнча эл аралык турнирде экинчи орунду ээледи. Экинчи орун үчүн командага тийчү үлүш 2,4 млн долларды түздү. Киберспортсмен деген ким? Бул компьютердик оюндардын жекече жана командалык мелдешинин оюнчусу же электрондук спорт. Ал онлайн жана офлайн режиминде да өтө берет. Ал эми электрондук коммерцияны жакшылап өздөштүргөндөр дүйнөдө эле эмес, бизде дагы ойго келбеген кирешелерди таап жатышат.

Бүгүнкү күндө виртуалдуу дүйнө реалдуу турмуш менен тең адымдап, уламдан-улам адамды өз кучагына көбүрөөк тартып барат. Виртуалдуу дүйнө дегендин өзү компьютердик технологиянын негизинде программалоо аркылуу түзүлгөн жасалма дүйнө десек болот. Виртуалдуу дүйнө оюндар менен эле чектелбейт. Бүгүн онлайн конференция же соцтармактардагы чаттарда бааралашуу сыяктуу технология жетишкендиктери эч кимге жаңылык эмес. Интернет, компьютердик технология адамдын мүмкүнчүлүктөрүнүн географиясын чектебей бир мамлекетте жашап, башка мамлекетте иштеп, жашоосун тың кылгандарга да жол ачты. Азыр Кыргызстанда туруп америкалык компанияда иштеп, чоң акча таап жаткан мекендештерибиз бар. Же болбосо Кыргызстанда жашап Россиянын Валберис соода аянтында интернет аркылуу товар сатып, чоң кирешелерди алып жаткан мекендештерибиздин саны да күн санап арбып барат.

БИР ЭЛЕ САЛЫК РЕЖИМИ: ЖҮГҮРТҮҮДӨН 2%

Жакында Бишкекте электрондук коммерция боюнча экинчи форум өттү. Учурда кыргыз жарандары да электрондук коммерция менен шугулданып, эл аралык ири соода аянттарында интернет соода кылууну мыкты өздөштүрүп жатышат. Кыргызстандын электрондук коммерция ассоциациясынын президенти Айбек Куренкеевдин маалыматына ылайык Кыргызстан бул тармактын өнүгүүсү боюнча дүйнөдө 97-орунда турат. Биринчи форумдан берки бир жыл аралыгында республикабызда электрондук коммерция боюнча фундаменталдуу кадамдар жасалды. Биринчи кезекте "Электрондук коммерция жөнүндөгү" мыйзам кабыл алынды. Атайын салык режими кабыл алынып, электрондук коммерция бизнесинин өкүлдөрү жүгүртүүдөн 2% гана салык төлөп, кошумча нарк, сатуудан жана пайдага салык төлөөдөн бошотулган. Ал эми өткөн айда Министрлер Кабинети электрондук коммерциянын өнүгүү программасын бекитти.

Электрондук коммерцияны өнүктүрүү үчүн бизде мыйзамдык негизде бардык шарттар түзүлдү, эми иштөө гана керек. Иштөө үчүн адамдын жеке табити, кардар эмнени каалайт мына ушуну таба билүү да маанилүү. Мен билген бирөө дизайнын өзү иштеп чыгып 200 спорт костюмун биздин кийим тигүү цехтеринде эле тиктирип, Россиянын интернет платформасында дээрлик сатып бүттү. Учурда санкцияларга байланыштуу Россияда кийим-кече жана башка товарларга суроо-талап чоң. Андыктан өзгөчө Валберис интернет соода аянтчасы аркылуу соода кылуу ыңгайы келип турат. Ал үчүн Валберис интернет платформасына тиешелүү төлөмүн төлөп, каттоодон өтүп иш баштай берсе болот.

ТАНДОО ДАЙЫМА БАР

Айбек Куренкеевдин маалыматына таянсак, азыр биздин жарандар үчүн электрондук коммерция кылуу үчүн Валберистен тышкары америкалык Амазон интернет дүкөнүнө да катталуу мүмкүнчүлүгү бар. Мындан тышкары Европа аймагын кучагына алган Озон интернет дүкөн платформасы менен да сүйлөшүүлөр жүрүүдө. Бирок дүйнө чөлкөмүн камтыган интернет дүкөндөрүнө катталып, биз кардарларга өз өндүрүшүбүздөн эмне сунуш кыла алабыз? Менимче, бул ойлончу маселе. Азыркы учурда бул тармакта иштеп жаткан бирин-экин адамдардан кызыгып көрсөк кытай товарлары менен соода кылып жатышканын айтышты. Мунун келечеги канчалык, аны болжоп айтуу кыйын. Антсе да электрондук коммерция кардарларга каалаган сайтын карап, тандоо мүмкүнчүлүгүн берет. Бир эле товарды бир канча адам сатса да кардар өзүнө туш келгенин сатып алат.

ЭЛЕКТРОНДУК КОММЕРЦИЯ – БУЛ ЭКОНОМИКА

Бүгүнкү күнү электрондук коммерция дүйнөлүк экономиканын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Жылдан-жылга керектөөчүлөрдүн интернет аркылуу сатып алууларды жүргүзүүсү өсүүдө. 2012-жылы эле электрондук коммерция көлөмү дүйнө жүзү боюнча 1 триллион долларды түзүп, андан кийин улам туруктуу өсүш сакталууда. Президенттик Администрациянын саясий жана экономикалык иликтөөлөр башкармалыгынын башчысы Алмаз Исановдун электрондук коммерция боюнча экинчи форумдагы маалыматы боюнча азыр дүйнөдө электрондук коммерциянын көлөмү 23 триллионду чапчыйт. Кыргызстанда бул тармак акыркы бир жылда эле жандана баштады. Адистер алдыдагы эки жылда бул тармакта дүркүрөп өсүүнү күтүп жатышат. Мисалга айтсак, Американын калкынын күнүмдүк тиричилик товарларын керектөөгө кеткен чыгашасынын 60%дан ашыгы электрондук соодага туура келет. Улуу Британия, Германия, Франция жана башка өнүккөн өлкөлөрдүн калкынын турмушунда да электрондук коммерция бараандуу орунду ээлейт. Россияда электрондук коммерция көлөмү 2012-жылы эле 10,3 млрд еврону түзүп, андан мурдагы жылга салыштырмалуу 35%га өскөн. Бул сандар электрондук коммерциянын өнүгүү мүмкүнчүлүгүнүн көрсөткүчү боло алат.

Албетте, электрондук экономика бир эле соода дегендик эмес. Электрондук экономикага компьютердик түйүндөр аркылуу которуу жолу менен ишке ашкан бардык финансылык жана соода операциялары кирет десек болот. Учурда интернет аркылуу дизайн, Ютуб каналдар, реклама, архитектура, киноматография жаатында да акча таап жатышат. Булар дагы электрондук коммерциянын бир бөлүгү. Интернет бүгүн эмне болбосун соода кылууга же киреше табууга шарт түзгөн эбегейсиз чоң океан сыяктуу.

ДЕҢИЗГЕ ЖОЛУБУЗ ЖОК ДЕБЕГИЛЕ

Санариптештирүү жана электрондук соодага Улуттук өнүгүү стратегиясынын 2018-2040-жылдарга карата программасында артыкчылыктуу орун берилген. Биз ушуга чейин өсүп-өнүгүүбүз үчүн жаратылыш ресурстарыбыз аз, деңизге чыга албайбыз деп келдик. Мына эми алдыбызда океандай чалкыган электрондук дүйнө ачылып жатат. Бул чек ара менен чектелбейт, деңизге чыкчу жол да кереги жок. Таланттуу, компьютерди "чаккан", мезгил талабын илгиртпей аңдай билгендер үчүн бакубаттуулукка жеткирчү ушундай кыска жол бар. Бүгүн мына ушул жолдо жүргөндөр келечектин экономикасына чыйыр салып, кийинки муун үчүн түптөп жатышат. Электрондук коммерция форумунда Алмаз Исанов "табигый ресурска бай өлкөлөр туруктуулукту салттуу экономикага басым жасоо менен сактай алышы мүмкүн. Алар үчүн электрондук коммерция ашкере байлык, а биз үчүн бул жашап кетүүнүн жолу. Бизге өсүшкө жетүү үчүн санарип жана креативдүү экономика эң төтө жол. Эгерде салттуу экономикада өсүштүн эң жогорку чеги 6-7%ды түзсө, санарип жана креативдүү экономикада анын чеги жок, 30-50%га чейин өсүш берет", - деп белгиледи.

МАКСАТТАР ЧАКЫРАТ

Электрондук коммерцияны өнүктүрүү үчүн анын логистикасын жолго салуу керек. Электрондук коммерция ассоциациясынын президенти Айбек Куренкеевдин айтымында биздин интернет соода "оюнчуларынын" чыгымын азайтуучу Электрондук коммерция паркын түзүү боюнча ири бир долбоор даяр. Анда "Манас" аэропортуна жакын жерде каалаган ишкер өз товарын талапка ылайык оротуп, каалаган транспорту менен кардарга салып жиберчү кампа куруу каралган. Анын баштапкы инвестициясы 20 млн доллар, азыр стратегиялык инвестор издеп жатышат. "Бул кампа Амазон, FedEX сыяктуу гигант компаниялар менен иштеп, бүт аймакты тейлеген ири бөлүштүрүүчү-кампа хаб болсо дейбиз. Бизде ыңгайлуу саясий жайгашуубуз, өнүккөн интернет, инфраструктура бар. Биз ушундай демилгени өзүбүзгө алып, аны жылдыруу үстүндө иштейбиз", - дейт ассоциация башчысы.

Санариптештирүү биздин турмушубузга уламдан улам көп кирип, коом үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берип жатат. Жакынкы эле мезгилде электрондук коммерция биздин ишкерлер, товар өндүрүүчүлөр үчүн глобалдуу соода түйүндөрүнө чыгуусуна шарт түзөөрүндө күмөн жок. Ал гана эмес бүгүн эле ар бир жаран тигил бул интернет платформаларда соода жасоо менен кошумча кирешелерди таба алат. Же интернет оюндарын ойноп Бакыт Эмилжановго окшоп олуттуу кирешe табууга да болот. Кыскасы, азыр биз чынында эле фантастикалык дүйнө ачылчу эшиктин алдында турабыз. Ал эшикти ачып кирген адам гана виртуалдуу дүйнөнү колу менен кармап, даамын сезе алат.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

МАМЛЕКЕТТИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРГА ӨЗГӨЧӨ СТАТУС БЕРҮҮ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн дүйнөлүк рыногунда жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 "Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүүчү уюмдарынын иш-аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө жободо:

- 1.9-пункттун сегизинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Өзгөчө статусу бар мамлекеттик жоздорду кошпогондо, мамлекеттик жоздордун окуу иштери боюнча проректорлору жоздордун жетекчилеринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан дайындалат жана бошотулат. Өзгөчө статусу бар мамлекеттик жоздордун окуу иштери боюнча проректорлору жоздордун жетекчилери тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат. Мамлекеттик жоздордун окуу иштери боюнча проректорлорун кошпогондо, проректорлор жоздордун жетекчилери тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат.".

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө жободо:

- төмөнкүдөй мазмундагы 16^1-пункт менен толукталсын:

"16^1. Ушул Жобонун 16-пункту өзгөчө статусу бар ЖОЖдорго жайылтылбайт.".

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №788 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- төмөнкүдөй мазмундагы 1^2-пункт менен толукталсын:

"1^2. Бул токтомдун талаптары өзгөчө статусу бар жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына жайылтылбайт. Өзгөчө статусу бар жогорку кесиптик билим берүү уюмдары ички башкаруу түзүмүн жана кызматкерлеринин штаттык санын көзөмөлчүлүк кеңештери менен макулдашуу боюнча өз алдынча аныктайт.".

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №72 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө жободо:

- 15-пункттун он бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- өзгөчө статусу бар мамлекеттик жогорку окуу жайларды кошпогондо, мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жетекчилеринин сунушу боюнча жогорку окуу жайлардын окуу иштери боюнча проректорлорун дайындайт жана бошотот.".

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу тартибинде:

- 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Өзгөчө статусу бар мамлекеттик ЖОЖдорду кошпогондо, уюштуруу-укуктук формасына (менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө) карабастан ЖОЖдор кабыл алууну даярдоо багыттарынын жана адистиктердин тизмегин жана аларга кабыл алуу планын ыйгарым укуктуу орган менен макулдашкандан кийин жарыялайт. Жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууга кабыл алуу планын өзгөчө статусу бар мамлекеттик ЖОЖдор өз алдынча бекитет.".

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 21-ноябры, №654

ДАНЕКТҮҮ МАЕК

Учурда Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгын Замир Ракиев башкарууда. Ал муфтий болуп 2021-жылы жазда шайланган. Замир Ракиев буга чейинки муфтийлерден айырмаланып, ЖМКлар үчүн көп ачык эмес. Ошентсе да КМДБда кандай иштер жүрүп жатканына кызыгып, Азирети муфтий Замир Ракиевди сөзгө тарттык.

Замир кары РАКИЕВ:

“ТЕРС ДИНИЙ АГЫМДАРГА БӨГӨТ КОЮУ БИЗДИН МИЛДЕТ”

- Замир ага, сиз муфтий болуп келгенден бери тармакта кандай өзгөрүүлөр болду? Иш кандай жүрүп жатат?

- Бизге чейин муфтийлик кызматты аркалаган муфтийлердин баары динибиздин туура нугунун жайылышына жан үрөп кызмат кылышкан. Мындай аракеттер эч качан токтогон эмес. Биз ошол эле нукта иш алып барып жатабыз. Максатыбыз – Ханафий мазхабын жана Матуридий акыйдасын жайылтуу болуп келди. Азыр да ошондой эле аракет көрүлүүдө. Эл арасындагы диний лидерлерди, коомдорду, уюм, фонддорду, динге кызмат кылган адамдардын бардыгынын баштарын бириктирип, бир бүтүн кылуу аракети жүрүп жатат десем болот. Мындан сырткары, "Агартуу ыйман кербени" деген атайын аалымдардын тобун түзүп, аймактарды кыдыртып, насааттарды жана туура диний түшүнүктөрдү жеткирип, алардын суроолоруна жооп берип жатабыз. Диний билим берүүнү өнүктүрүү, медреселердин сапаттарын жакшыртуу жана башка пландарыбыз боюнча иштерди аткаруудабыз. Жакында дин кызматкерлерин ротациялоону баштадык. Пандемия башталгандан бери Муфтият умра сапарын уюштура элек болчу. Кичи ажылыктын ибадаттык маанисин көтөрүү, жарандарга сапаттуу диний кызмат көрсөтүү, Ханафий мазхабынын тартибин сактоо сыяктуу зарылдыктардан улам, КМДБ умра сапарын уюштурууга кайрадан киришип, алгачкы топтуу ыйык жайларга жөнөттүк. Мына ушундай иштер менен алекпиз. Дагы бир жакшы жаңылыгыбыз, эгемен өлкө болгондон тарта Муфтияттын өзүнүн имараты болгон эмес. Башкармалык Кыргызстан ислам университетинин имаратын ижарага алып иштетип келген. Ушул күндө жаңы имаратыбыз курулууда. Буюрса жаз айларында бүтөт деп турабыз. Муну менен катар өлкөдө 3000ден ашуун мечиттин каттоосун жүргүзүп, атайын база түзүп жатабыз. Өлкөдө мамлекеттик каттоодон өтпөгөн диний объект болбош керек. Биз мыйзамдуу өлкөдө жашап жаткандан кийин бардыгы мыйзамдуу болуусу зарыл. 2023-жылдын февраль айында дин кызматкерлерди да аттестациядан өтөт. Эң оболу элдин тамак-ашын адалдоо максатында Кыргыз Республикасынын Экономика министри менен халал-индустриясын өнүктүрүү туурасында кызматтаашуу меморандуму түзүлгөн. КМДБсы КР Экономика министрилиги алдындагы БССМБ менен халал сертификациясын өткөзүүгө келишимге кол коюшуп, халал сертификатын берүү башталган. Мечиттерде бирдиктүү жума хутба айтуу үчүн жума хутбаларынын жылдык планы долбоору иштеп келе жатат. Муну менен катар өлкө боюнча нике каттоо журналы ишке киргизилди. Кыскасы муфтиятта иш кызуу жүрүп жатат. Бардык тараптан дин башкармалыгы мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче жаңыча иш алып барууга далалат кылып жатат.

- Көп иштер жүрүп жаткан экен. Муфтият мындай иштерди алып барууда сөзсүз каржы маселесине туш келет. Өзүңүз билесиз, мурдагы муфтийдин каржыга байланыштуу чуулгандуу иштерге аралашып калган жайы да бар. Эмне себептен мындай болду деп ойлойсуз? Коом муфтиятты бардык арам делген нерселерден алыс деп билет эмеспи?

- Негизи эле бардык көйгөй мал, дүнүйө талашуудан башталат эмеспи. Пенде дайыма адашуучу болот. Бул адамдын табиятында бар нерсе экен. Ажылык сапарындагы акча тууралуу көп кеп кылышат, эл бизде акча заводу бардай көрөт. Андай эмес. Бул элдин аманат акчасы. Ал каражат менен алар өздөрүнүн ажылык милдеттерин аткарып келишет. Көп нааразычылыктар да ушул ажылыкка чогултулган акчадан улам келип чыгат. Биз ал аманатка кыянаттык кылбайбыз. Муфтияттын түзүмүндө иштеген кызматкерлерди диний багыт, руханий азык бере турган мекеме болушун каалайбыз жана бул жаатта бардык аракеттер көрүлүүдө. Биздин мекеме чуулгандуу окуялардан алыс болушу абзел.

- Муфтияттын кызматкерлерине да мамлекеттен айлык чегерип берүү маселеси каралып жатат деген кабар укканбыз. Бул долбоор эмне болду?

- Жараткан насип кылса «Ыйман» диний маданиятты агартуу фонду менен бир катар иштер жүрүп жатат. Бул маселе боюнча бир топ жыйындар өттү. Дин мамлекеттик башкаруудан ажырагандыктан «Ыйман» фонду жана КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы менен биргеликте иштеп жатабыз. Маселе кандай чечилет убакыт көрсөтөт.

- Диний чөйрөдө абал кандай? Көзөмөл кандай жүрүп жатат?

- Кыргыз Республикасы эгемендүү болгондон кийин динге болгон кызыгуу артып, өлкөдө диний уюмдар көбөйүп, көп конфессиялуу коом түзүлгөн. Кыргызстанда мамлекет менен диний уюмдардын өз ара байланышы, ишмердүүлүгү бир канча нормативдик укуктук актылар менен бекемделген. Тилекке каршы тынчтыктын динин өздөрүнүн кызыкчылыгына пайдаланып, аны зордук-зомбулуктун, экстремизмдин куралына айландырууга аракет жасагандар жок эмес. Ошондуктан радикалдуу диний агымдардын алдын алууда ата-бабаларыбыздан калган салттуу ислам динининбаалуулуктарын алдыга жылдырууга зарыл. Ошол эле мезгилде Ханафий мазхабы, Матурудий акыйдасы боюнча карапайым калк арасында түшүндүрүү иштерин күчөтүүбүз керек. Акыркы жылдары элибиздин динге болгон ишениминда жогорулап баратат. Мындай учурда жарандарыбызга туура диний багытты көрсөтүп, аларга туура маалымат берип, терс диний агымдарга бөгөт коюу биздин милдет. Бул багытта иш алып барууда имамдарга бирдиктүү жума хутбасы түзүлдү. Муну менен катар атайын дин кызматкерлери үчүн колдонмолорду иштеп чыгып, басып чыгаруунун алдында турабыз.

- Муфтийлер кандай учурда элге кайрылуу жасап, кайсы учурда өлкө ишине кийлигишүүгө акылуу?

- Муфтий саясий иштерге кийлигишпейт. Бирок Муфтий деле жаран. Ал дагы өз элинин тынчтыгы, биримдиги жана өлкөнүн туруктуулугу үчүн жан үрөп, күйөт. Кадимки жаран катары мыйзамдагы укуктарына ылайык ар кандай кырдаалдарда билдирүү же кайрылуу жасашы мүмкүн. Мисалы элди сабырдуулукка, биримдикке, ынтымакка, тынчтыкка чакырууда кайрылуу жасап, эли менен бирге болгонго эмне жетсин. Бул биздин парзыбыз деп белем.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КАЛКТЫ КАТТОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин, "Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-апрелиндеги №238 "Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү идентификациялык картасы - паспорту (ID-карта) жана Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006 жана 2020-жылдардын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту боюнча документтерди кабыл алуу жана аларды тариздөө, даярдоо (жекелештирүү), эсепке алуу, берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү идентификациялык картасы – паспорту (ID-карта) жана Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006 жана 2020-жылдардын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту боюнча документтерди кабыл алуу жана аларды тариздөө, даярдоо (жекелештирүү), эсепке алуу, берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө нускамада:

- 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган коопсуздук чаралары жүзөгө ашырылып жаткан адамдар үчүн Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү идентификациялык картасы – паспорту (ID-карта) жана Кыргыз Республикасынын жаранынын 2006 жана 2020-жылдардын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту боюнча документтерди кабыл алуу жана аларды тариздөө, даярдоо (жекелештирүү), эсепке алуу, берүү жана жок кылуу тартиби коопсуздук чараларын жүзөгө ашыруучу органдын жана калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосундагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү акты менен аныкталат.".

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-сентябрындагы №619 "Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартиби жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартибинде:

- 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган коопсуздук чаралары жүзөгө ашырылып жаткан адамдар үчүн жеке идентификациялык номерлерди ыйгаруу жана/же жеке идентификациялык номерге өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби коопсуздук чараларын жүзөгө ашыруучу органдын жана калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосундагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү акты менен аныкталат.".

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 11-мартындагы №90 "Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө нускамада:

- төмөнкүдөй мазмундагы 3^1-пункт менен толукталсын:

"3^1. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын коргоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган коопсуздук чаралары жүзөгө ашырылып жаткан адамдар үчүн жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби коопсуздук чараларын жүзөгө ашыруучу органдын жана калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосундагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү акты менен аныкталат.".

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин жана ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 21 -ноябры, №649

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 23-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №519 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АВТОУНАА ТРАНСПОРТУ МЕНЕН ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮ ТАШУУЛАРДЫ УЮШТУРУУ ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу жана жүргүнчүлөрдү ташыган транспорт каражаттарынын катышуусу менен оор кесепеттерге алып келген жол-транспорт кырсыктарын болтурбоо, бирдиктүү транспорттук саясаттын алкагында транспорттук ишти контролдоо жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-декабрындагы №548 "Кыргыз Республикасында жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 23-сентябрындагы №519 "Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелеринде:

- 1-пункттагы "транспорт чөйрөсүндөгү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдардын" деген сөздөр "транспорт, жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 2-пункттагы "транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга" деген сөздөр "транспорт, жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 4-пунктта:

он тогузунчу абзацтагы "техникалык паспортун (талонун)" деген сөздөр "каттоо документтерин" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

кырк жетинчи абзацтагы "ишин контролдоочу жана жөнгө салуучу" деген сөздөр "жөнгө салууну жүзөгө ашыруучу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы кырк сегизинчи абзац менен толукталсын:

"жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча ишти мамлекеттик контролдоону жана лицензиялоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган;";

- 6-пункттун үчүнчү абзацындагы "коопсуздугу чөйрөсүндөгү" деген сөздөр "коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 9-пунктта:

үчүнчү абзацтагы "жол кыймылынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын" деген сөздөр "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төртүнчү абзацтагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Президентинин" деген сөз менен, "коопсуздугу чөйрөсүндөгү" деген сөздөр "коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 14-пункттун үчүнчү абзацындагы "коопсуздугу" деген сөз "коопсуздугун камсыз кылуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

17-пункттун бешинчи абзацындагы "коопсуздугу чөйрөсүндөгү орган менен биргеликте" деген сөздөр "коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 39-пункттагы "коопсуздугу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы" деген сөздөр "коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 83-пункттун жетинчи абзацындагы "коопсуздугу" деген сөз "коопсуздугун камсыз кылуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 87-пункттагы "жол кыймылы коопсуздугу чөйрөсүндөгү көзөмөлдөөчү" деген сөздөр "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 197-пункттагы "жол кыймылы чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары" деген сөздөр "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 225-пункттагы "транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу, жол коопсуздук чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар" деген сөздөр "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган эрежелердин 12-тиркемесинде:

4-пункттун 8-пунктчасындагы "транспорт" деген сөз "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган эрежелердин 19-тиркемесинде:

5-пунктта:

үчүнчү абзацтагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Президентинин" деген сөз менен алмаштырылсын;

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын;";

- 15-пункттун жетинчи абзацындагы "жол кыймылынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдан" деген сөздөр "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- Байма-бай автобустук каттамдарды тейлөө үчүн автоташуучуну аныктоо конкурстарын (тендерлерин) уюштуруу тартиби жана өткөрүү жөнүндө жобонун 11-тиркемесинде:

1-пунктта:

13-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13) каттамдарда Ташуучунун ишине контролду уюштуруу жана жүргүзүү боюнча функциялар жүктөлгөн транспорт чөйрөсүндөгү жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын бардык талаптарын жана көрсөтмөлөрүн өз убагында аткарууну камсыз кылууга;";

19-пунктчадагы "унаа" деген сөз "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- Байма-бай автобустук каттамдарды тейлөө үчүн автоташуучуну аныктоо конкурстарын (тендерлерин) уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө жобонун 18-тиркемесинде:

7-пункттагы "транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган" деген сөздөр "жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №644

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САПАТ БОЮНЧА СЫЙЛЫКТАРЫ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Продукциянын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын, коопсуздугунун деңгээлин жогорулатууга дем берүү, атаандаштыкка жөндөмдүү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүнүн заманбап технологияларын жана сапат менеджментинин методдорун киргизүүгө көмөк көрсөтүү, ошондой эле соодада техникалык тоскоолдуктарды кыскартуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктары жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктарын ыйгаруу боюнча кеңеш жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы №478 "Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыгын уюштуруу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

-3,4 жана 5-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

- 6-пунктта "экономика жана" деген сөздөр алып салынсын;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктары жөнүндө жобо жана Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктарын ыйгаруу боюнча кеңеш жөнүндө жобо күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 1998-жылдын 29-майындагы №314 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы "Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктарын уюштуруу жөнүндө" №478 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 8-июнундагы №271 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктары жөнүндө айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-октябрындагы №487 "Сапат боюнча Кыргыз Республикасынын сыйлыктарын уюштуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы №478 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 18-июнундагы №311 "Сапат боюнча Кыргыз Республикасынын сыйлыгын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы №478 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 12-августундагы №516 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы №478 "Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктарын уюштуруу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-мартындагы №160 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы №478 "Сапат боюнча Кыргыз Республикасынын сыйлыгын уюштуруу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-майындагы №294 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы №478 "Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыктарын уюштуруу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №198 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 18-августундагы №478 "Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыгын уюштуруу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №645

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 3-ИЮНУНДАГЫ №303 «МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮНҮШТӨРҮ ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИ ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жарандарга жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 «Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарында:

- «Каттоо, маалымдама, күбөлүк жана башка документтерди, ошондой эле алардын көчүрмөлөрүн жана жуп нускаларын берүү тармагында» III бөлүмүнүн 81, 82, 83, 84-главаларынын 2-пункттарындагы «Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаменти» деген сөздөр «Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- «Изилдөө, талдоо, баалоо жана экспертиза тармагында» IV бөлүмүндө:

35 жана 36-главаларынын 2-пункттарындагы «Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаменти» деген сөздөр «Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы 59, 60, 61-главалар менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №646

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №249 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды натыйжалуу ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №249 «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө жободо:

- 6-пункттун 3-пунктчасынын он экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 11-пункт төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма бешинчи абзац менен толукталсын:

«- облустук деңгээлдеги саламаттык сактоо боюнча координаторлорго жана Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментине тиешелүү түрдө саламаттык сактоо уюмдарынын жана коомдук саламаттыкты сактоо боюнча уюмдардын жетекчилеринин эмгек өргүүлөрү маселелерин белгиленген тартипте өткөрүп берет;».

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 21-ноябры, №647

БААЛАРДЫН ӨСҮШҮНӨ БАЙЛАНЫШКАН ЖАГДАЙЛАРДЫН ОЛУТТУУ ӨЗГӨРҮШҮН БЕЛГИЛӨӨНҮН ЖАНА ЫРАСТООНУН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесин аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Баалардын өсүшүнө байланышкан жагдайлардын олуттуу өзгөрүшүн белгилөөнүн жана ырастоонун тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 21-ноябры, №651

Акын Байдылда Сарногоевге 90 жыл

“Кыргыз деп келгем дүйнөгө, Кыргыз деп өтөм дүйнөдөн”

Мен киммин, мен бир акын
жаман сары,
Колунда койкоңдогон калам сабы.
Энекем эптеп төрөп койсо керек,
Кыргызда көбөйсүн деп адам саны -

деген ыр саптардын автору Байдылда Сарногоев башынан багалегине чейин нукура улуттук акын. Күздүн күрдөөлдүү күнүндө акындын 90 жылдык мааракеси белгиленип жатат. Акындын юбилейине арналган иш-чара адегенде кичи мекени Таластан башталып, Талас шаарынын борборуна эстелиги коюлду. Башкы салтанат ордо калаабыздагы А. Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында болуп өттү. Театрдын фойесинде акындын өмүрү жана чыгармачылыгына арналган атайын көргөзмө ачылган. Андан соң көрүүчүлөргө Байдылда Сарногоев тууралуу тартылган даректүү тасма көрсөтүлдү. Тасмада акын “Мен он үч жашта калам кармаган элем. Ушу кезге чейин бүтпөгөн бир гана темам бар, бир гана ырым бар. Ал-кыргыз элим. Менин бүтпөс ырым дал ушул. Мен мунун бүтүшүн да каалабайм. Кыргыз эли канча кылымдар жашаса, менин ырым да бүтпөй эле кете берсин деп ойлойм” - деген акындын төмөнкү ырын эске салалы:

Улутчул дешет билбеген,
Улутун кимдер сүйбөгөн.
Кызыл эт кезден торолтуп,
Кыялым көккө күүлөгөн,
Кыргыз деп келгем дүйнөгө,
Кыргыз деп өтөм дүйнөдөн.

Салтанатты республиканын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максутов ачып акындын юбилейлик мааракеси менен калайык-калкты куттуктады. Ал акындын чыгармачылыгына кенен токтолду. Ал эми Түрксойдун баш катчысы, Кыргыз эл жазуучусу Султан Раев эмдиги жылы Байдылда Сарногоевдин бир томдук китеби түрк тилине которулуп чыгарын жарыя кылды. Ал жаш кезинде Байдылда Сарногоевди көрүп калганын, ал турсун “Байдылданын батальонуна” далай жолу “снаряд” ташыганын айтканда зал толо эл дуу түшүп, кол чаап калышты. Анысын акын өзү да жашырган эмес.

Жебедей учсам дейт элем,
Жел менен кошо сызыла.
Жеңил баа кылдым өзүмдү,
Жете албай максат учуна.
Желбей да калдым бир топ жыл,
«Жем» түшүп кетип бутума - деп жазганы бар.

Байдылда Сарногоевдин поэзиясында жазма адабияттагы ырдын салттуу формасы менен кадимки төкмө акындардын стили эриш-аркак жашайт. Анын жөнү бар. Анткени акын чыгармачылыгын адегенде төкмө акын катары баштаган. Таласта 1946-жылы өткөн өнөрпоздордун облустук кароосунда:

"Көк-Арык" менин мектебим,
Көп акын болуп кетпедим.
Ойнотуп кызыл тилимди,
Осмонкулга жетпедим —

деп ырдап чыккан. Ал жазма адабиятка, акындыкка качан гана Бишкекке (Фрунзеге) келгенден кийин өткөн. Акындын чыгармачылыгындагы биринчи бурулуш катары “Ак калпак” ырлар жыйнагын айтсак болот. Ал эми экинчи бурулушту “Мидинге кат” деген айтылуу чыгармасы менен жасаган. Кыргыздын көйкашка сынчысы Кадыркулң-Даутов “Б.Сарногоев кыргыз поэзиясында эч кимге окшобогон, эч кимди кайталабаган жана эч качан, эч ким тарабынан экинчи кайталанбай турган өзүнчө бир уникалдуу акын” - деп так, таамай баасын берген.

Ал эми акындын юбилейин өткөрүү боюнча уюштуруу комиссиясынын төрагасы, академик Алтай Бөрүбаев акындын юбилейине карата жасалган ишчараларга токтолду. Акындын чыгармалары совет заманында башка тилдерге которулбай калганын, анткени акынга “улутчул” деген жарнак тагылганын айтты. Акындын:

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт-

деген ж. б. канаттуу ыр саптары кылдан кыйкым издеген советтик идеологдорго жакпай калган. Улуттук илимдер академиясында “Байдылда Сарногоев – кыргыз поэзиясынын феномени” деген илимий-практикалык конференция өттү. Буга чейин акындын чыгармачылыгын иликтеген бир гана илимий иш жазылган. Аны окумуштуу Каныбек Исаков жазган. Андан башка акындын академиялык томдорун чыгаруу боюнча маселе көтөрүлдү. Ошондой эле акындын Таласта, университеттин жанына коюлган эстелиги үчүн жер аянтчасын бөлүп берүүдө Бишкек шаарынын мэри Эмилбек Абдыкадыровго, эстеликти жасоодо кол кабыш кылгандыгы үчүн КРнын эмгек сиңирген курулушчусу Аскар Молдобаевге, КР Президентинин Талас облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, райондун акимдерине ыраазычылык билдирди. Ал эми КР Улуттук жазуучулар союзунун төрагасы Нурлан Калыбеков акындар арасында Байдылда Сарногоев атындагы кароо-сынакты эң жогорку деңгээлде өткөрдү. Баш байгеси үчүн 100 миң сом коюлду. Бул айрыкча жаш акындар үчүн чоң дем болду. Ал эми акындын урматына арналып борбордогу ат майданында 10 миң адам катышкан улак тартыш оюну болуп өттү. Акындын мааракесин өткөрүүдө Талас районунун Бекмолдо айыл өкмөтү бир миллион сом, ал эми “Жерүй” алтын комбинаты 3 миллион сом акча бөлүп берген.

“Кыргызда Райкан, Мидин, Байдылда деген үч ысым калың элдин катмарына кеңири сиңип кеткен. Үчөө тең нукура улуттук колориттеги акындар” - деп айткан Жазуучулар союзунун төрагасы Нурлан Калыбеков, акын агасына арнап жазган ырын окуп берди. Салтанатта ошондой эле КРнын Президентинин Талас облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Бакытбек Нарбеков, акындын уулу Бахтияр Сарногоевдер сөз сүйлөшүп, акындын чыгармачылыгы тууралуу айтып бериштп. Салтанаттын соңунда атайын даярдалган концерттик программа тартууланды.

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

Ыр куржун

”Бөтөн тилге сугарганча дүйнөңдү, Ичкен артык өз тилиңен бир жутум”

Таалайбек Суеркулов 1965-жылы 15-октябрда Токтогул районунда туулган. Ырды мектепте окуп жүргөн кезинен бери жазып келет. Бир катар жылдар Токтогул райондук социалдык камсыздандыруу бөлүмүндө эмгектенген.

АЛЫКУЛДАЙ ЖАЗА АЛБАДЫМ

Ысык-Көлдүн жээгине мен да бардым,
Толкунуна толкундап, ырлар жаздым.
Канчалык эргисе да кыялдарым,
Көлүмдү Алыкулдай жаза албадым.

Айланаңды бир сырлуу тоолор курчай,
Шылдыраган булактарың мүрөк суудай.
Ата-Журтум жанымды бере алармын,
А дартыңды көтөрө албайм Алыкулдай.

Махабат жан дүйнөмө бүлүк салып,
Жетелеп алып барса, колдон алып.
Лирика дайрасынан Алыкулдун,
Турмакмын сүзө албай, жээкте калып.

АЛА-АРЧА КАПЧЫГАЙЫ

Ажайып кооз, Ала-Арча капчыгайы,
Жап - жашыл, өзгөрбөгөн кышы-жайы.
Сергитет, көңүлүңдү куунак кылып,
Чачырап аккан суунун шаркырагы.

Айланасын курчаган тоолор - бийик,
Аскасы булуттарды жара тилип.
Чокусуна бел байлап чыгып барсаң,
Калгыдай көк асманга башың тийип.

Жаздын алгач күнүндөй, белестери,
Гүлдөр жайнайт ар түркүн, элестеги.
Салкын соккон жел менен аралашып,
Жеримдин жыпар жыттуу келет деми.

ЭМНЕ ЫЙЫК?

Эмне ыйык? Айтар элем ыйык – тил,
Анткен себеп, жашоон менен тилиң бир.
Тилиң менен кадыр-баркың бийиктеп,
Тилиң менен башың төмөн, түшөт бил!

Жаратканым кайсы тилде сүйлөтсө,
Ошол тилди ыйык туткун, жүдөтпө.

Өз тилиңди билбей туруп чулдурап,
Жүрөгүңө башка тилди түнөтпө.

Эне тилиң, каның тынбай айланган,
Эне тилиң, бактың сага байланган.
Башка тилдин татып көрсөң ширесин,
Эне тилдей даам сезбейсиң, бал тамган.

Эне-тилди ыйык карма, сыйлагын,
Тынбай окуп, билим кенин жыйнагын.

Мекениңде өз тилиңде сүйлөбөй,
Эл журтуңа кыянаттык кылбагын.

Эне- тилиң, жеген наның, ичээр суун,
Эне-тилиң, кыргыз деген улутуң.
Бөтөн тилге сугарганча дүйнөңдү,
Ичкен артык өз тилиңен бир жутум.

БИЗДИН СУЛУУ АПАЛАР

Айланаңда ар башкача адамдар,
Бири досуң, бири тууган, жакындар.
Ушулардан даражасы эң бийик,
Касиеттүү бир өзүнчө адам бар.

Өмүр бою сени баалап кадырлаар,
Жаныңдагы жоодураган сүйгөн жар
«Жарың» дагы жарымына тең келбес,
Сага өмүр тартуулаган бирөө бар.

Ансыз сенин жарык күнүң караңгы,
Ансыз сенде бар турпатың бүт жарды.
Мындай улуу, жүзү сулуу адамды,
Таба албайбыз, айлансак да ааламды.

Ал болбосо, чексиз дүйнө болот тар,
Ал ооруса бүт турпатың жарадар.
Мээримине бөлөп төрөп, өстүргөн,
Аман жүрсүн, биздин асыл апалар.
Картайбасын биздин сулуу апалар

Таалайбек СУЕРКУЛОВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Аймак өнүксө – мамлекет өнүгөт

Ысык-Ата районундагы Логвиненко айыл аймагы борбор калаабызга жакын жайгашкан айыл аймактарынын бири. Аталган айыл өкмөттүн башчысы Адилет Асанбеков аймакты өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралар жана ийгиликтер туурасында ой бөлүштү.

Ысык-Ата районунун Логвиненко айыл өкмөтүнүн башчысы Адилет АСАНБЕКОВ:

“АЙЫЛ АЙМАГЫНДА САЗДАК ЖЕРЛЕР КӨЙГӨЙ ЖАРАТУУДА”

МАЕКТЕШ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Каарманыбыз Адилет Асанбеков Ысык-Ата районуна караштуу Чоң-Далы айылында туулуп-өскөн. Атасы Чымырбаев Асанбек 20 жылдан бери айдоочулук кесибинде үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Апасы Сатымкулова Гүлнара айылдагы ФАПты жетектейт. Үй-бүлөдө 4 бир тууганды ортончусу. Үй-бүлөлүү, бир баланын атасы.

- Адилет мырза, жыл соңуна чыгып, “жөжөнү күздө саначу” учур келди. Айыл өкмөттө жасалып жаткан иштер жөнүндө айтып берсең?

- Менден мурдагы айыл өкмөт болуп иштеген агаларыбыздын жасаган иштерин улантып, алардын алдыга койгон максаттарын жүзөгө ашыралы деген жакшы ниетте иштеп жатабыз. Жергиликтүү кеңештин депутаттары менен биргеликте жыл башынан эле айыл өкмөтүнүн өнүгүү иш-чарасын кабыл алганбыз. Иш-чараны ишке ашырууда айылдык кеңештин депутаттары жакындан жардам берип жатышат. Кудай буюрса ынтымагыбыз жакшы. Менин дагы айыл элинин жашоо-турмушун оңдоо үчүн, элиме кызматымды кылуу максатында белгилеген көп жакшы пландарым бар.

Логвиненко айыл өкмөтүндө 7600 эл катталган. Аймагыбыз Чоң-Далы, Покровка айылдарынан турат. Андан сырткары жаңы конуштарыбыз бар. Өзүңүздөр билгендей, Ново-Покровка айылында көп улуттун калкы жашайт. Жалпысынан 807 гектар, анын ичинде кайрак жерлер да, сугат жерлер дагы бар. Былтыр ноябрь айында Чоң-Далы айылына кичи футбол аянтчасын ачканбыз. Долбоор алкагында жасалган бул иш республикалык бюджеттен кошумча каржыланды.

Биздин айылдын жашоочулары дагы жаңы дем-күч менен жаңыча жашаганга умтулуп жатышат. Аймагыбыздагы негизги жолдорду оңдоо, асфальт төшөө, көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча тездетилген багыттагы иштерди жүргүзүүдөбүз. Мезгилдин өтүшү менен акырындап алдыбыздагы максатпландарыбыз ишке ашууда. Кечиктирилбей ишке ашса деген асыл максаттарыбыздын бири – аймагыбызда жаш жеткинчектерге билим берүүнү жеткиликтүү уюштуруу жана жаркыраган келечектерине кам көрүү. Ошол максаттардын алкагында ушул жылдын жай мезгилинде Катар фондусу менен бирге аймагыбыздагы жаңы конушка башталгыч класстар үчүн 250 орундуу мектеп курууну пландаштырып, иште баштадык. Кудай буйруса, бул иштин жалпы суммасы 24 млн сомдун алкагында болмокчу. Негизинен Катар фондусу тарабынан каржыланган бул долбоорду ийгиликтүү жыйынтыктоо үчүн дагы ири күчтөр жумшалып, көп аракеттер жасалууда. Бул мектептин ачылышы 2023-жылдын март айына болжолдонууда.

Ошондой эле Новопокровка айылындагы №2 орто мектептин базасында 225 орундуу кошумча имарат курулуп жатат. Бул долбоорубузга 37 млн сом каралган. Кошумча имараттын курулушу 2019-жылы башталганы менен пандемияга байланыштуу иш-аракеттер токтоп калган эле. Жакында ушул кошумча корпустун ачылуу аземин өткөрөбүз деген оюбуз бар. Азыр ал жерде 95 пайыз иш аяктап, имараттын тегерегин жашылдандыруу, көрктөндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. Чындыгында эле бул мектепте окуучулардын саны абдан көбөйүп кеткендиктен, кошумча окутуу корпусуна муктаждыгыбыз өсүп жетилип калгандыктан, суранып, күтүп жаткан чоң майрамыбыз – ушул.

- Азыр ар бир аймакта жаңы конуштар бар. Аларга шарт түзүү – учурдун маселеси болуп жатат. Сиздердин аймакта бул маселе кандай чечилип жатат?

- Биздин аймагыбыздагы жаңы конуштарга зарыл болгон жакшы шарттарды түзүү үчүн көп иштерди жасап жатабыз. Үстүбүздөгү жылы жаңы конушубуздагы 3 километр аралыктагы жолго шагыл төшөп берип, баткак жолдордон арылуусуна аз болсо дагы кам көрдүк. Андан тышкары, Новопокровка айылындагы Чехов көчөсүндөгү 706 метр жолду асфальтоо максатында СТИМгрантка долбоор жаздык. Иштерибиз ийгиликтүү болуп 2 айдан бери ал жол асфальталып жатат, жакында аягына чыгат. Эл аралык көптөгөн фонддорго долбоор жазып, маселелерибизди чечүүгө аракеттерди жасап жатабыз. Бирок, элетти өнүктүрүүгө жардам берүүгө багытталган фонддорго жардам сурап кайрылган айылдар өтө көп. Кайрылууларды атайын комиссия карап көрүп, өтө ылайыктууларына эле жардамдар берилет эмеспи. Азыр болсо эл көйгөйлөрүн чечүүдө тез арада жасалууга тийиш болгон иштерден канчасы аткарылып бүтөт, канчасы келээрки жылдын кечиктирилгис иштери экендигин аныктап жатабыз. Биз айыл өкмөттүн аппаратында ошол маселелерди талкуулап алып, анан жергиликтүү кеңештин жыйынында депутаттар менен бирге бекитип алабыз. Азыркы тапта көчөлөрүбүздү жарыктандыруу иштери дагы абдан активдүү жүрүүдө. Чукул арада жарыктандырууга өтө муктаж көчөлөрүбүз жаркырап, элибиз ыраазычылыктарын билдиришүүдө. Айыл жергесинде чындыгында көйгөй жараткан маселелер абдан көп. Ал маселелерди чечүү үчүн талапка ылайык каржы болуусу керек. Ошондуктан, маселелерди туура чечүүдө талкуу учурунда колдо болгон каражаттарды максатка ылайык, туура бөлүштүрүүгө аракеттерди жасайбыз.

- Айыл өкмөтүнүн каржы булактарын толтурууда кандай маселелер бар?

- Бул багытта иштерибиз жакшы. Пландарыбызды толтурууда дагы ар бирибиз жоопкерчиликти баарынан жогору коюп, белсенип эмгектенебиз. Салык кызматкерлерибиз мыйзам алкагында туура иштерди жүргүзүшөт. Жергиликтүү кеңештин депутаттары дагы ынтымак менен бизге чоң жардамдарды беришип, чогуу аракеттерин жасашат. Аймагыбыздагы айыл башчы, кварталдык комитеттин башчылары биз менен тыгыз иштеп, жакшы жардамдарды беришет. Ушул кезге чейинки кварталдык комитеттин мүчөлөрү 230 сомдон айлык акыларды алышчу экен. Биз депутаттар менен бирге талкуулап, алардын эмгек акыларын жогорулаттык. Эмгек акыларынын жогорулашы алардын маанайларын көтөрүп, ишке болгон кызыгууларын, жоопкерчиликтерин жогорулатты. Мындай жагдай биздин дагы бир жетишилген ийгиликтерибиздин бири болду десем жаңылышпайм. Мурунку мезгилдерде айыл башчыларына, кварталдык комитеттин жетекчилерине берилген тапшырмалар аткарылбай эле унутта калган учурлары көп болгон. Азыр берилген тапшырма тез арада аткарылып, эл ишеними дагы күчөгөн маал. Жаңы жылдан тартып алардын акчаларын кайрадан карап, дагы көтөрүп берүү жагын ойлонуштуруудабыз. Алар ар качан эл арасында болушуп, алардын мүдөө-талаптарын угушат, бизге жеткиришет. Элибиздин кандай талаптары бар экендигинен кабар алып, аларды аткаруу үчүн биз шашып турабыз. Эң негизгиси ынтымакты туу тутуп, аракеттене берсек ийгиликтер биз менен болооруна ишенебиз. Муну жергиликтүү кеңеш менен аппарат кызматкерлери абдан жакшы түшүнөбүз.

- Учурда аймак ичинде генплан менен иштөөдө кыйынчылык болгон жокпу?

- Ооба, чындыгында эле айыл аймактарда генпланды бекитүү чоң милдеттери бар олуттуу иш болгону турат. Биздин айыл аймактагы генпланды кайрадан иштеп чыгуу үчүн 3 млн сомдун тегерегиндеги акча керектелет. Депутаттарыбыздын колдоосу менен ушул ишти бүтүрүп алсак, заман талабына жараша көчөлөрдү куруп, инфратүзүмдөрүбүз жакшырат болчу.

- Аймакта эмне көйгөй бар?

- Ново-Покровкадагы саздак жерлер көйгөй жаратат. Эски дренаждардын тазалана элегине 30 жыл болуптур. Покровка айылы өзү эле негизи саздак жерде жайгашкан эмеспи, 1,5 метрден кийин эле суу чыга баштайт. Эл менен чогулганда ушул дренаждарды тазалап берүүбүздү суранышууда. Дагы бир көйгөй, бизде мурда маданият үйү бар эле, ал эскилиги жетип, урап калган. Анын ордуна маданий жай куруп берүү керек болуп турат. Ново-Покровкада эки көчөдө жана жаңы конушта таза суу жок. Албетте, эми айтып отурса көйгөйлөр арбын. “Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет” дегендей, бардыгы барып эле каражатка такалат экен. Ошентсе да чечүүнүн жолун караштырып жатабыз. Жер тилкесине муктаж жарандарыбыз арбын. 2010-жылы 498 жер тилкеси берилген экен. Азыр ал жерге турак-жайлар салынып, жаңы конушка айланды. Ошентсе деле учурда 1300 адам жер тилкесин сурап кайрылышууда. Ошол себептен ылайыктуу жерлерди караштырып жатабыз.

- Маанилүү маегиңиз үчүн чоң рахмат! Ийгиликтерди каалайбыз!

Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА

Айыл өкмөтүнүн эмгек жамааты

Айылдык кеңештин депутаттары

Учур маселеси

Ош муниципалдык «Жылуулук» камсыздоо ишканасынын башкы директору Бекмурза ЭРГЕШОВ:

«ЖЫЛУУЛУК БОРБОРУНА КОШУЛГАНДАР КӨБӨЙҮҮДӨ»

Кыштагы эң чоң көйгөйлөрдүн бири жылуулук маселеси. Элде айтылгандай "кыштын камын жазда көр" демекчи, жылдан жылга өнүгүп, алкагы кеңейип бараткан Ош шаарын кыш мезгилинде үшүтпөй, магистралдык түтүктөрдүн авариялык абалына жол бербей, аман-эсен алып чыгуунун өзү чоң маселе. Бүгүнкү күндө аталган жамаатта иш кызыган учур. Демейде ишкананын өзүндө үзгүлтүксүз эмгектенген 60тай кызматкер болсо, күзгү-кышкы сезон маалында 800гө жакын жумушчу эмгектенет. Күнү-түнү тынбай, айрыкча кыш чилдесиндеги оор көйгөйлөргө жол бербей же аномалдык кырдаалда жылуулукту бирдей кармап туруу айтканга оңой болгону менен аткара келгенде эң оор, түмөн түйшүктүү жумуш. Сезонду ийгиликтүү өткөрүш үчүн аталган жамаат отун, көмүр камдап, оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүп, дээрлик бир жыл бою даярдык көрөт. Жамаат менен, шаар тургундары менен жеңил тил табышкан, иш процессин ыргактуу уюштура билген иш билги менеджер, аталган ишкананын жетекчиси Бекмурза Эргешов учурдагы жамааттын иш-аракеттери жөнүндө ой бөлүштү.

– Бекмурза Аскарбаевич, быйылкы кышка даярдыгыңыздар кандай?

– Быйылкы кыштын кандай болору белгисиз. Бирок, ошого карабастан күзгү-кышкы сезонду ийгиликтүү өткөрүү, Ош шаарынын элин кышта үшүтпөй, мекеме-ишканаларда, окуу жайларында кала берсе, ар бир үйдө жылуулук болушун камсыздоо – биздин башкы милдетибиз. Үй жылуу болсо, ыр да болот, күлкү да болот дегендей...

Биздин Оштогу муниципалдык "Жылуулук" камсыздоо ишканасынын оперативдүү тейлөөсүндө 88 отказан бар. Анын ичинде 19 электр отказаны болсо, 69у көмүр отуну менен иштейт. Биздин ишкана балдар бакчаларын, мектептерди, медициналык мекемелерди, жогорку окуу жайларды, кесиптик лицейлерди жана башка социалдык объектилерди жалпысынан, шаардагы 98 мекемени, 306 көп кабаттуу үйдү, 270 жер үйлөрдү жылуулук менен камсыздайт. Өткөн жылдын сезону аяктары менен ушул жылдын сезонуна даярдык башталган. Сезондук жумуштардын баары графиктин негизинде бүткөрүлдү. Учурда күзгү-кышкы мезгилге толугу менен даярбыз.

Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, жылуулук маселесинде көп кабаттуу үйлөрдүн ички тутумдарын тагыраак айтканда, (подвал) жер төлөөлөрдү кынтыксыз жылуулап, шартка жараша таза жана иреттүү кармоо маселеси бир топ жылдан бери ар кандай көйгөйлөрдү жаратып келген. Ошондуктан, 2022-жылдын 1-январынан баштап, үйдүн ички тутумдарын (УИТ) тейлөөсү ишке киргизилди. Көп кабаттуу турак үйлөрдүн тургундары менен келишим түзүлгөн. Мындан ары көп кабаттуу үйлөрдүн жер төлөөсүн толугу менен биздин ишкана тейлөөгө алды. Антпесек, ар бир көп кабаттуу үйдүн жер төлөөсүн талаптагыдай кармоо керек. Түтүктөрдү жылуулап, жылуулукту сыртка чыгарып коромжуга учуртпай, жыртык-тешигин оңдоп-жамап, утурумдук жана капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүп турбаса, жылуулук берүү текке кеткендей болот. Анткени, жашоочулар өздөрүнүн батирлерине жоопкерчиликтүү мамиле жасагандай, үйдүн жер төлөөсүнө андай мамиле жасай алышпайт. Биз ушул маселелерди да жолго койдук десем болот.

– Күз-кыш мезгилине негизи канча тонна көмүр керектелет?

– Көмүр-отун маселеси бүгүнкү күндө графиктен алдын ала даярдалып, азыркы күндө 7300 тонна көмүр отуну менен камсыздалды. Буга чейин көмүрдүн майдасын сатып алсак, быйылкы жылы иргелген, чоң-чоң сапаттуусун сатып алдык.

– Бир кездерде "жакшы ысытпай жатат" деп шаардын жылуулук борборунан кол үзүп, көпчүлүк тургундар батирлериндеги жылуулук батареяларын кестирип алып таштаган учурлары болду. Азыр эми ошол көп кабаттуу үйлөрдөн быйылкы сезондо кайрадан кошулгандары болдубу?

– Ырас айтасыз, бир кездерде жылуулуктан баш тарткандардын көпчүлүгү азыркы учурда биздин ишибизге баа берип, шаардын жылуулук борборуна кошулгандардын саны улам көбөйүүдө. Бул биздин жамааттын ишинин жемиши, ийгилиги деп эсептейм.

Белгилей кетсем, кышкы сезондо биздин отканаларда иш кызуу жүрүп, бир саат да токтотпойт. Ишти өз ыргагы менен жүргүзүш үчүн көп, талыкпаган эмгек жумшалат. Кокустан кайсы бир жерде жылуулук түтүктөрү жарылып кете турган болсо, андан өткөн чоң түйшүк болбойт. Биздин жумушчулар чегараны кайтарган жоокерлер сыяктуу эле, күн-түн бою нөөмөт менен иштешет.

Быйыл Достук жана Анар кичи районундагы көп кабаттуу үйлөрдүн тургундары өз каалоолору менен жылуулукка кошулушту.

– Жылуулукту берүүнүн тарифи элдин чөнтөгүнө оорчулук келтирбейби?

– Биз ар дайым Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун жана Ош шаардык мэриясынын токтом-буйругунун негизинде мыйзамдуу иш алып барабыз. Жылуулукка коюлган тарифтер КР Министрлер Кабинетинин буйругунун негизинде коюлат. Жылуулук берүү тарифи боюнча көмүр отунунда жылытылган жылуулуктун бир гикколориясынын баасы 4 660 сом 75 тыйын болсо, электр отунунда жылытуучу отунда бир гикколориясынын баасы 5 198 сом 02 тыйын. Шаар тургундары тагыраак айтканда, керектөөчүлөр, калк бир гикколория жылуулукка 1134 сом 76 тыйын төлөйт. Калган сумманы мамлекет субсидия катары каржылайт.

– Дебитордук карызы бар менчик, мамлекеттик ишканалар барбы? Жеке жарандардан – көп жылдык карызы барлардан акча каражатын кантип өндүрөсүздөр?

– Дебитордук карызы барлар жок эмес. Биз жыл сайын шаар тургундарына түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзөбүз. Биздин ишибиздин натыйжасы да жарандардын өз убагында төлөп турушуна жараша болот. Адамдар мурунку жылдарга салыштырмалуу кыйла түшүнүү менен мамиле жасап калышты. Абоненттер төлөмдөрдү негизинен өз убагында төлөп жатышат. Арасында кенебеген, жылуулук алгандан кийин акысын төлөш керек деген ойдон алыс жүргөн, кайдыгер караган адамдар да жок эмес. Дебитордук карызы барлар мамлекеттик жана жеке менчик ишканалары, ошондой эле калктын арасында да көп жылдык карызы бар жарандар болсо, алар сот органдары аркылуу өндүрүлөт.

– Жамаатыңыз жөнүндө да айта кетсеңиз, алардын айлык маяналары көтөрүлдүбү?

– Биздин ишкананын жамааты абдан ынтымактуу, арасында көп жыл иштеп, элге эмгеги сиңген кызматкерлибиз бар. Учурда уюштургуч, ийкемдүү менеджер болбосоң, иштин ийгилигине жетишүү кыйын. Шаардын тургундарына барып, бетме-бет жолугуп, түшүндүрүп, жылуулуктун акысын, төлөмдөрүн үймөүй кыдырып чогулткан учурларыбыз жеңил эмес. Келген абоненттерге кичи пейил, сылык мамиле жасап, талаптагыдай кызмат көрсөтүп келебиз. Суроо-талаптарын өз учурунда аткарганга аракет кылабыз. Жамаатта арыздар менен иштеген атайын комиссия бар. Бардык мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларда айлык көтөрүлгөндөй эле биздин дагы айлык маянабыз көтөрүлдү.

От казандын ичиндеги насостун кыймылдаткычтары

Жер төлөөдөгү жылуулук түтүктөрү

Ош муниципалдык "Жылуулук" камсыздоо ишканасынын жамааты

Ризван ИСМАИЛОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 18-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №86 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛУСУНУН КАЛКЫНА МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Баткен облусунун статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №86 «Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун калкына мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун калкына мамлекеттик органдар тарабынан акысыз же жеңилдетилген негизде көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын тизмесинде:

- 1-пункттун мамлекеттик тилдеги тексти төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

1.	Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги	Эмгек рыногунда талап кылынган кесиптерге ишкананын жана жеке каражатынын эсебинен жарандарды окутуу (контракттык окутуу)	Окутуунун орточо наркы 8000 сом	Акысыз

";

- 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

2.	Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги	Аккредиттелген лабораториялардын ишин инспекциялык контролдоону эске алуу менен эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык лабораториялардын компетенттүүлүгүн ырастоо	27230 сом	Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз аккредитациялоо борбору аткарган акы төлөнүүчү жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын прейскурантында белгиленген нарктан 10% жеңилдик менен шайкештикти баалоо боюнча органдарды аккредитациялоого табыштамалар бөлүгүндө -24507 сом
		Контролдоонун аккредиттелген органынын ишин инспекциялык контролдоону эске алуу менен эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык контролдоо органынын компетенттүүлүгүн ырастоо	11170 сом	Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз аккредитациялоо борбору аткарган акы төлөнүүчү жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын прейскурантында белгиленген нарктан 10% жеңилдик менен - 10053 сом
		Табыштамалар жана келишимдер боюнча тийиштүү түрдөгү документ берүү менен чөнөө каражаттарын текшерүү жана калибрлөө	Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук мекемелери аткарган жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө тарифтердин прейскурантына ылайык	Баткен облусунун калкына Баткен сыноо, сертификаттоо жана метрология борбору аткарган жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө тарифтердин прейскурантында белгиленген нарктан акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын 10%га төмөндөтүү

";

- 3-пункттун мамлекеттик тилдеги тексти төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

3.	Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги	Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасында каралган көлөмдөн жогору амбулаториялык деңгээлде консультациялык-диагностикалык жардам көрсөтүү медициналык кароо жана дарылоо иш-чараларын жүргүзүү	1. Көкүрөк клетка органдарынын флюорографиясы - 50 сом 2. Рентгенографиялык изилдөөлөр - 118 сом 3. Ички органдарды ультра добуш менен изилдөө - 177 сом	(Баткен облусунун саламаттык сактоо уюмдарынын баштапкы деңгээлинде) 1. Көкүрөк клетка органдарынын флюорографиясы - акысыз 2. Рентгенографиялык изилдөөлөр - акысыз 3. Ички органдарды ультра добуш менен изилдөө- акысыз
		Өмүрүнө коркунуч келтирген абалдан чыгаргандан кийин кечиктирилгис көрсөткүчтөр жана пландуу көрсөткүчтөр боюнча стационарларда мамлекеттик кепилдиктер программасында каралган көлөмдөн сырткары дарылоо	Стационардык жардам (ооруканага жаткырууда) Терапиялык профилдеги тең төлөө: минималдуу деңгээл - 330 сом; орточо деңгээл - 840 сом; максималдуу деңгээл - 2650 сом. Хирургиялык Профилдеги тең төлөө: минималдуу деңгээл - 430 сом; орточо деңгээл - 1090 сом; максималдуу деңгээл - 3440 сом	(Баткен облусунун саламаттык сактоо уюмдарынын стационардык деңгээлинде) 50% жеңилдик менен стационардык жардам (ооруканага жаткырууда) Терапиялык профилдеги тең төлөө: минималдуу деңгээл- 165 сом; орточо деңгээл - 420 сом; максималдуу деңгээл- 1325 сом. Хирургиялык профилдеги тең төлөө: минималдуу деңгээл - 215 сом; орточо деңгээл - 545 сом; максималдуу деңгээл- 1720 сом
		Табыштамалар жана келишимдер боюнча паразитологиялык изилдөөлөр: - биоматериалды; - тамак-аш продуктуларын; - айлана-чөйрөнүн объектилерин ж.б.	5 жаштан 16 жашка чейинки балдарды гельминттердин жумурткаларына изилдөө - 128 сом	(Баткен облусунун аймагында) 5 жаштан 16 жашка чейинки балдарды 50% жеңилдик менен гельминттердин жумурткаларына изилдөө - 64 сом

";

- «(*) - Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология боюнча борбордун аймактык органдары тарабынан аткарылуучу жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө тарифтердин прейскурантына ылайык белгиленген нарк» деген сөздөр алып салынсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 21-ноябры, №650

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2007-ЖЫЛДЫН 2-ОКТЯБРЫНДАГЫ №445 "ЫСЫККӨЛ ОБЛУСУНУН АЙМАГЫНДА КУРОРТТУК-РЕКРЕАЦИЯЛЫК ОБЪЕКТТЕРДИ КУРУУ, АБАТТОО, ТЕХНИКАЛЫК ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО ЖАНА КҮТҮҮ ЭРЕЖЕСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 13-майындагы №150 "Ысык-Көл облусунун калктуу конуштарынын тургундарынын пляж аймактарына кирүү укугун камсыз кылуу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 2-октябрындагы №445 "Ысык-көл облусунун аймагында курорттук-рекреациялык объекттерди куруу, абаттоо, техникалык эксплуатациялоо жана күтүү эрежесин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ысык-Көл облусунун аймагында курорттук-рекреациялык объекттерди куруу, абаттоо, техникалык эксплуатациялоо жана күтүү эрежеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

- өзгөчө учурларда Ысык-Көлдүн суу четинен 100 метрлик зонада рекреация объекттерин куруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен жүзөгө ашырылат.

2. Министрликтер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү, Ысык-Көл облусунун жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 21-ноябры, №652

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН ӨЗГӨН РАЙОНУНУН ТӨРТ-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун Төрт-Көл айыл аймагынын калктуу конуштарынын аймагын кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4, 20-беренелерине, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 17-мартындагы №01-39/275 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 5-апрелиндеги №11 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун Төрт-Көл айыл аймагында жайгашкан 58,48 га жер жеке турак үйлөрдү куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын), анын ичинде:

- №291 (10,81 га жайыт), №399 (0,68 га жайыт), №397 (1,32 га жайыт), №12 (3,77 га жайыт), №93 (1,23 га жайыт), №214 (2,28 га жайыт), №213 (3,90 га жайыт), №232 (0,04 га жайыт), №234 (0,23 га жайыт), №84 (1,88 га жайыт), №85 (0,52 га жайыт), №86 (0,90 га жайыт), №87 (0,20 га жайыт), №1343 (6,5 га жайыт), №1349 (1,28 га чөп сактоочу жай), №1350 (4,70 га жайыт), №1408-1409-1413 (5,54 га жайыт), №1414 (0,08 га кыштоо үчүн), №1413 (4,60 га жайыт), №816 (2,29 га жайыт), №817 (4,12 га жайыт), №853 (0,24 га жайыт), №818 (0,72 га чөп сактоочу жай), №1462 (0,15 га кыштоо үчүн), №858 (0,50 га жайыт) контурларда.

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдаланууну.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 23-ноябры, №655

КАТАР – 2022

ФУТБОЛДОН ФУТБОЛГО ЧЕЙИНКИ ӨМҮР

Футбол боюнча дүйнө чемпионатынын биринчи жана экинчи айлампасы тууралуу сөз кылуудан мурда, анын ачылышы жана андагы стадиондор жөнүндө кыскача айта кетсек. Чемпионаттын ачылышына Катар өлкөсү философиялык терең ойдун, араб дүйнөсүнүн рухунун камтылышына аракет жасаганы көрүндү. Ал мурункуларга окшобогон оригиналдуулугу менен айырмаланды. Дүйнө көрөрмандары анын көркөмдүгүнө суктанышты. Мындагы көңүлдү айрыкча өзүнө бурган фактор бул чемпионатка атайын арналып курулган стадиондор. Алар көз жоосун алган кооздугу, келишимүүлүгү менен дүйнө жүзүн таң калтырды. Көз алдыбызга Египет пирамидалары элестегендей болду. Андагы 8 стадиондун ар бири дүйнөдөгү эң мыкты деген стадиондордон ашса ашат, кем калышпаганына күбө болуп отурабыз. Бул стадиондорду курууга Катар мамлекети 20 миллиард доллар өлчөмүндөгү рекорддук сумманы жумшап, дүйнөлүк футболдун аброюн көтөрүүгө салымын кошкон.

Мына ушундай стадиондордо болуп өткөн дүйнөлүк чемпионаттын эки айлампасындагы оюндар жогорку жыйынтыктар, тең чыгуулар жана күтүүсүздүктөр менен коштолду. Чемпионат талаа ээси Катар менен Эквадор өлкөсүнүн курама командаларынын беттешүүсү менен башталды. Албетте Катардын курамасы бул оюнга үлкөн даярдык жана чоң үмүт менен келгени белгилүү, бирок спортто ким күчтүү болсо ошол жеңет деген өзгөрүлгүс аксиома бар эмеспи. Ошондуктан Катар командасы Эквадордон 2:0 эсебинде утулуп калды. Муну моюнга алуу керек. Ал эми биринчи турда ойногон Нидерланды командасы менен Африка континентиндеги күчтүү командалардын бири катары саналган Сенегал командасынын беттешүүсүн экинчи тайм аяктап баратканга чейин көрүп отуруп, бул беттеш тең чыгуу менен аяктайт го деп ойлогонбуз. Бирок, оюндун аяк ченинде Нидерланды командасы эки голду биринин артынан бирин киргизип, жеңишти алып кетишти. Футболдо кээде кырдаалдын кандай өзгөргөнүн билбей да каласың.

Аргентина менен Сауд Аравиясынын командаларынын биринчи айлампадагы беттешүүсүнүн жыйынтыгы дүйнөлүк чемпионаттагы биринчи күтүүсүздүктү жаратты. Оюн башталганга чейин Аргентина Сауд Аравия командасын сөзсүз жеңет деген ишеничте болушкан. Бирок андай болбой калды. Сауд Аравиясынын командасы алгырлыгын көрсөтүшүп, Аргентинанын оңой-олтоң жеңип алышына жол беришкен жок. Ырас, Сауд Аравиялыктар биринчи таймда айып аянтчасында эрежени бузушуп, атаандаштарына 11 метрден тебүүгө мүмкүнчүлүк берип коюшту. Месси пенальтиден биринчи голду киргизди. Бирок балээни кайдан деп болобу дегендей экинчи таймда Сауд Аравиялыктар Аргентинанын дарбазасына эки голду киргизип салышты да коргонууга катуу өтүп алышты. Ошентип Сауд Аравиясы даңазалуу жеңишке жетишти. Ал эми биринчи айлампада ойногон Мексика менен Польшанын тең чыгуусу, Аргентина командасына аздыр-көптүр демкүч берди. Себеби тигилердин тең чыгуулары упай саноого келгенде маанаге ээ болот эмеспи.

Чемпионаттын биринчи эле айлампасында футбол дүйнөсүнө чуулган салган экинчи окуя Германия менен Японияны оюну болуп калды. Чынында бул беттешүүдө Германия утат деген ишеним күч болчу. Бирок оюндун жүрүшүндө жапан футболчулары бой жагынан алдырганы менен ылдамдык жана чеберчилик жагынан немец футболчуларына алдырышкан жок. Ырас, жапандар биринчи таймда кудум Сауд Аравиясыныкындай 11 метрлик айыпка жыгылышып калышты. Ошентип 1-0 эсебинде Германия алдыга чыккан болчу. Бирок жапан футболчулар ушунчалык жүрөктүү экен, Германия командасынын атак-даңкынан чочулашкан жок. Экинчи таймда Германиянын дарбазасынын алдына үстөккө-босток коркунуч жаратып туруп алышты. Акыры ушундай чабуулдардын биринде жапан оюнчусу Рацу Доан Германия командасынын дарбазасына гол киргизип эпти теңеди. Андан төрт минут өткөндөн кийин оюнга алмашып чыккан жапан чабуулчусу Такумо Асано немец командасына зор чеберчилик менен гол киргизип, командасын алга сүрөп чыкты. Жапандар жеңиш менен оюнду соңуна чыгарууга жетише алышты.

Биринчи айлампада эң ири эсепти көрсөткөн команда Испаниянын курамасы болду. Алар Коста-Рика командасын 7:0 эсебинде утту. Чынында Коста-Рика Латын Америкадагы акыркы команда эмес болчу. Болгону Испания курамасы жакшы оюн көрсөтүп койду. Дагы бир ири эсеп Англия – Иран менен беттешүүсүндө 6:2 эсебинде утту. Бирок ирандыктар 2 гол киргизип алганына аябай кубанышты. Чемпионаттын фавориттеринин бири болуп саналган Франциянын курамасы Австралия командасын 4:1 эсебинде, европалык дагы бир күчтүү командасы болуп саналган Бельгия Канаданын командасын 1 : 0 эсебинде утту.

Биринчи айлампада Дания – Тунис командалары 0 : 0 эсебинде, АКШ – Уэльс командалары 1:1 эсебинде, Хорватия – Марокко командалары 0:0 эсебинде тең чыгууларды камсыз кылышты. Өткөн жуманын аягында Швейцария – Камерун 1:0, Уругвай – Корея 0:0, Португалия – Гана 3:1, Бразилия – Сербия 2:1 эсебинде дүйнөлүк чемпионаттын биринчи айлампасын аякташкан болчу.

Андан кийинки чемпионаттын экинчи айлампасындагы беттешүүлөр да абдан курч мүнөздө өтүп, упай алгандар упай алганга, упай албай калгандар упай алуу үчүн аябагандай тырышып оюн көрсөтүштү. Натыйжада 2-айлампадагы оюндар төмөндөгүдөй эсептер менен аяктады: Франция – Дания-2:1, Австралия – Тунис-1:0, Катар – Сенегал-1:3, Нидерланды – Эквадор-1:1, Уэльс – Иран-0:2, Англия – АКШ-0:0, Польша – Сауд Аравиясы-2:0, Аргентина-Мексика-2:0, Япония–Коста-Рика-0:1, Испания – Германия-1:1, Бельгия – Марокко-0:2, Хорватия – Канада-4:1. Бул айлампада Узльстин Иранга 2:0 эсебинде, Япониянын Коста-Рикага 1:0 эсебинде, Бельгиянын Мароккого 2:0 эсебинде утулуп калууларын сенсация катары бааласак болот. Ал эми Сербия – Швейцария, Камерун – Бразилия, Корея – Гана, Португалия – Уругвай командаларынын экинчи айлампадагы оюндары кечээ кеч аяктагандыктан алардын жыйынтыктарын бере албадык. Бүгүн башталган үчүнчү айлампа футбол күйөрмандарын оң эмоция менен сугарып, ырахат тартуулаары талашсыз. Ошон үчүн футбол оюнунун болгону кандай жакшы деп айткың келет.

Абдимухтар АБИЛОВ

БАЯМАН ЭРКИНБАЕВДИН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛДЫ

Ош шаарында “Алыш” күрөшүнүн негиздөөчүсү, Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Баяман Эркинбаевдин элесине арналган грек-рим күрөшү боюнча эл аралык турнир өттү. Турнирге Өзбекстан, Казакстан, Россия жана Кыргызстандын 7 облусунан, Ош, Бишкек шаарларынан 200дөн ашык спортчулар катышып, 10 салмактык категорияда таймашышты.

Иш-чараны Ош шаарынын вице-мэри Жасур Азимов ачып, шаардын коомдук турмушун өнүктүрүүдө спорттун маанисин, спортту жайылтууда жана таланттуу спортчуларды колдоодо жергиликтүү бийликтин ишмердүүлүгүн белгилеп, бардык катышуучуларга ийгиликтерди каалады. Ошондой эле мелдештин ачылыш аземине ардагерлер жана спорттун эмгек сиңирген чеберлери, Б.Эркинбаевдин жакындары, машыктыруучулар, спортчулар, Ош шаарынын мэриясынын дене тарбия жана спорт комитетинин кызматкерлери катышты.

Турнирдин жеңүүчүлөрү медалдар, дипломдор жана баалуу белектер менен сыйланышып, турнирдин жыйынтыгы менен жеңүүчүлөргө “спорт чебери” наамы ыйгарылды.

“Эркин-Тоо” пресс

КЫРСЫКТАРДЫН ТОБОКЕЛДИГИН АЗАЙТУУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ПЛАТФОРМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча улуттук механизмди аныктоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык "Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук платформасы жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук платформасынын катышуучуларынын курамы 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги бул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 21-ноябры, №653

НООКАТ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү М.А.Пахердиновдун Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан чыгаруу жөнүндө арызынын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 19-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген «Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө» Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- «Элдик партия» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Пахердинов Медетбек Ахунович комиссиянын курамынан чыгарылсын;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Пазылов Кубанычбек Турдубаевич резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

2. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГАНЫН ОРУН БАСАРЫ **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 25-ноябры, №99

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 30-ИЮНУНДАГЫ №360 "ЭЛЕКТР БАЙЛАНЫШЫНЫН ОПЕРАТОРЛОРУНУН ЖАНА МОБИЛДҮҮ УЮКТУК БАЙЛАНЫШТЫН ОПЕРАТОРЛОРУНУН ИЗИН СУУТПАЙ ИЗДӨӨ ИШИН ЖҮЗӨГӨ АШЫРГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫ МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Карама-каршылыктарды жоюу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-июнундагы №360 "Электр байланышынын операторлорунун жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлорунун изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана 1-пункттагы "изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) преамбула төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Тармактарда жана байланыш каналдарында инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына зыян келтирүүчү кылмыштуу кол салууларды аныктоо, болтурбоо жана бөгөт коюу боюнча атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу максатында, "Электр жана почта байланышы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21 жана 21^1-статьяларына, "Контрчалгындоо иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине, "Изин суутпай издөө иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-статьясына, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 219-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:";

3) 2-пунктгагы "Изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган" деген сөздөр "Атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Электр байланышынын операторлорунун жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлорунун изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө нускамада:

- аталышындагы "изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын:

- 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Ушул Нускама "Изин суутпай издөө иши жөнүндө", "Контрчалгындоо иши жөнүндө", "Электр жана почта байланышы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине ылайык атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө электр байланышынын операторлорунун жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлорунун өз ара аракеттенүү тартибин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын байланыш тармактарында жана каналдарында атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын камсыздоо тутумунун техникалык каражаттарын киргизүү жана пайдалануу тартибин аныктайт.";

- 2-пунктта:

экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын камсыздоо тутумунун техникалык каражаттары (мындан ары - ИСИИК ТК) - байланыш тармактарында жана каналдарында атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүнүн техникалык жана аппараттык-программалык каражаттарынын комплекси;";

төртүнчү абзацындагы "коопсуздук маселелерин тескеген" деген сөздөр "коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 3-пункттагы "изин суутпай издөө иш-чараларын" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. ИСИИК ТКны киргизүү жана пайдалануу маселелери боюнча электр байланышынын операторлору жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлору менен түздөн-түз өз ара аракеттенүү ИСИИКти пайдалануучу тарабынан жүзөгө ашырылат.";

- 7-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7. Электр байланышынын операторлору жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлору ИСИИКти пайдалануучуга байланыш кызматтарын пайдалануучулар жөнүндө маалыматты, ошондой эле улуттук коопсуздук органдарына жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон башка маалыматты берет, "Электр жана почта байланышы жөнүндө", "Контрчалгындоо иши жөнүндө", "Изин суутпай издөө иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде, ошондой эле ушул Нускамада белгиленген учурларда аларга бардык байланыш тармактарында жана каналдарында атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүгө уюштуруучулук жана программалык-техникалык мүмкүнчүлүктөрдү, маалымат базасына, байланыш операторунун автоматташтырылган тутумдарына жетүүнү камсыздайт.";

экинчи абзацындагы "изин суутпай издөө" деген сөздөр "тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 10-пункттагы "ИСИИКти жүзөгө ашырган" деген сөздөр "сотко чейинки өндүрүштү, атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын жана контрчалгындоо иш-чараларын жүзөгө ашырган" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 13-пунктта:

үчүнчү абзацындагы "абоненттер тууралуу байланыш операторунун маалымат базасы төмөнкү маалыматтарды камтыйт" деген сөздөр "төмөнкү маалыматтарды камтыган абоненттер жөнүндө байланыш операторунун маалымат базасын түзөт" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төртүнчү абзацындагы "ИСИИни" деген аббревиатура "атайын тергөө аракеттерин, изин суутпай издөө жана контрчалгындоо иш-чараларын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

алтынчы абзацындагы "изин суутпай издөө" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин, изин суутпай издөө жана контрчалгындоо" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 15-пункттагы "изин суутпай издөө" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 16-пунктта:

биринчи абзацындагы "изин суутпай издөө иш-чараларын" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- алтынчы абзацындагы "изин суутпай издөө" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 4-главанын аталышындагы "Изин суутпай издөө иш-чараларын жүзөгө ашырууда" деген сөздөр "Атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 21-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"21. Абоненттер жана аларга көрсөтүлгөн байланыш кызматтары жана электр байланышынын операторлорунун жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлорунун автоматташтырылган тутумдары жөнүндө маалымат базаларында камтылган маалыматтарды берүү "Изин суутпай издөө иши жөнүндө, "Контрчалгындоо иши жөнүндө", "Электр жана почта байланышы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде белгиленген атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүү үчүн негиздер жана шарттар болгон учурда жүзөгө ашырылат.";

- 22-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"22. Кошулуулар жөнүндө маалыматты алуу, байланыштын техникалык каналдарынан, компьютердик тутумдардан жана башка техникалык каражаттардан маалыматты алуу, ошондой эле электр байланышынын операторлорунун жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлорунун тармактарында жана каналдарында башка иш-чараларды жүргүзүү төмөнкүдөй тартипте жүзөгө ашырылат:";

экинчи абзацындагы "изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөр "тергөөчү жана контрчалгындоо ишин жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу болгон органдын ыйгарым укуктуу кызмат адамы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 23-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"23. Атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүдө түздөн-түз электр байланышынын операторлорунан жана мобилдүү уюктук байланыштын операторлорунан кошулуулар жөнүндө маалыматты алуу Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында аныкталган тартипте жүргүзүлөт.";

- 24-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Байланыш тармактарында жана каналдарында атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын өткөрүүдө мыйзамдуулуктун сакталышы, абоненттер жана аларга көрсөтүлгөн байланыш кызматтары жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле башка маалыматтарды колдонуу үчүн жоопкерчиликти сотко чейинки өндүрүштү жана контрчалгындоо ишин жүзөгө ашырган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тиешелүү кызмат адамдары тартат.";

5) жогоруда аталган Нускаманын 1-тиркемесинде:

- тиркеменин жогорку оң бурчундагы "изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- аталышындагы "Маалыматтарды берүү тармагында изин суутпай издөө иш-чараларынын" деген сөздөр "Байланыш тармактарында жана каналдарында атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө маалыматтарды берүү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 1-пункттагы "изин суутпай издөө иш-чараларынын" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдөгү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 11-главанын сегизинчи абзацындагы "изин суутпай издөө иш-чараларынын" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларынын, атайын тергөө аракеттеринин жана контрчалгындоо иш-чараларынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

6) жогоруда аталган Нускаманын 2-тиркемесинде:

- тиркеменин жогорку оң бурчундагы "изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- аталышындагы "изин суутпай издөө иш-чараларынын" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

7) жогоруда аталган Нускаманын 3-тиркемесинде:

- тиркеменин жогорку оң бурчундагы "изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен" деген сөздөр "атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын жүргүзүүдө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- аталышындагы "Изин суутпай издөө" деген сөздөр "Атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 1-пункттагы "изин суутпай издөө иш-чараларын" деген сөздөр "жана каналдарында атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларын, атайын тергөө аракеттерин жана контрчалгындоо иш-чараларын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 3-пункттагы "изин суутпай издөө иш-чараларынын" деген сөздөр "тармактарда жана каналдарда атайын тергөө аракеттери боюнча изин суутпай издөө иш-чараларынын, атайын тергөө аракеттеринин жана контрчалгындоо иш-чараларынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети ушул токтомду ишке ашыруу боюнча зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул токтом расмий жарыялануу тийиш жана 2023-жылдын 8-январынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 16-ноябры, №626

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2008-ЖЫЛДЫН 13-НОЯБРЫНДАГЫ №626 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРГА ЖАНА ЖАРАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРГА ЖАШАП ТУРУУГА УБАКТЫЛУУ ЖАНА ТУРУКТУУ УРУКСАТТАРДЫ ТАРИЗДӨӨНҮН ЖАНА БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Чет өлкөлүк жарандарга (Кыргыз Республикасы менен чектешкен мамлекеттердин жарандарын кошпогондо) жашап турууга уруксат берүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн системасын киргизүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 13-ноябрындагы №626 "Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жашап турууга убактылуу жана туруктуу уруксаттарды тариздөөнүн жана берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жашап турууга убактылуу жана туруктуу уруксаттарды тариздөөнүн жана берүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

- 2-пункттун биринчи абзацы "жарандыгы жок адам" деген сөздөрдөн кийин ", Кыргыз Республикасынын экономикасына 10 000 000 (он миллиондон) ашык сом салган чет өлкөлүк жаран (Кыргыз Республикасы менен чектешкен мамлекеттердин жарандарын кошпогондо)" деген сөздөр менен толуктасын;

- 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Кыргыз Республикасынын экономикасына 10 000 000ң(он миллиондон) ашык сом салган чет өлкөлүк жаран (Кыргыз Республикасы менен чектешкен мамлекеттердин жарандарын кошпогондо) үчүн жашап турууга убактылуу уруксаттар боюнча материалдарды кароонун жалпы мөөнөтү арыз берилген күндөн тартып 14 жумуш күндөн, калгандары үчүн - 1 айдан, ал эми жашап турууга туруктуу уруксаттар боюнча - 1 жылдан ашпоого тийиш.";

- "Арыздарды кабыл алуунун уюштурулушу" II главасы төмөнкүдөй мазмундагы 13^1-пункт менен толуктасын:

"13^1. Кыргыз Республикасынын экономикасына 10 000 000 (он миллиондон) ашык сом салган чет өлкөлүк жарандар (Кыргыз Республикасы менен чектешкен мамлекеттердин жарандарын кошпогондо), алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан арыз менен кошо төмөнкү документтер тапшырылат:

- паспорттун же аны алмаштыруучу, арыз ээсинин ким экенин билдирүүчү документтин көчүрмөсү;

- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн же ага теңештирилген документтин көчүрмөсү;

- жашаган жеринен үй-бүлөсүнүн курамы жөнүндө маалымкат;

- ник жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү (эгер никелүү болсо);

- инвестициялык саясатты иштеп чыгуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан күбөлөндүрүлгөн 10 000 000 (он миллион) сомдон ашык суммага инвестициялык макулдашуунун көчүрмөсү (инвестициялык макулдашуу түзүлгөн учурда);

- инвестициялык саясатты иштеп чыгуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын арыз ээсинин инвестор статусуна ылайык келишин жана 6 айдан кем эмес инвестициялык долбоорду ишке ашыруу мөөнөтүн ырастаган, ошол мамлекеттик органдын жетекчиси кол койгон өтүнмөсү;

- ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык маалымкаттар (Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык "СПИД" борборунун, наркологиялык жана психоневрологиялык диспансерлердин маалымкаты);

- чет өлкөлүк жарандын өзү жараны болгон мамлекеттин аймагында соттолбогондугу жөнүндө маалымкат;

- чет өлкөлүк жарандын Кыргыз Республикасынын аймагында соттолбогондугу жөнүндө маалымкат;

- арыз ээсинин өмүр баяны.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 16-ноябры, №627

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ МЫЙЗАМДАРЫН БУЗУУ ТУУРАЛУУ ИШТЕРДИ КАРОО ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик символдорунун техникалык өзгөчөлүгүн сактоону камсыз кылуу максатында, "Атаандаштык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарын бузуу тууралуу иштерди кароо эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-июнундагы №362 токтому менен бекитилген "Кара ниет атаандаштык жаатында монополияга каршы мыйзамдарды бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кара ниет атаандаштык жаатында монополияга каршы мыйзамдарды бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартибинде:

- 1-пунктунун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;
- 2-пунктунда:

экинчи абзацындагы "органдары (мындан ары - монополияга каршы орган) өз демилгеси менен, анын ичинде жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен кара ниет атаандаштык боюнча иштерди кароону демилгелөөгө укуктуу" деген сөздөр "бөлүмдөрү (мындан ары - монополияга каршы орган) кара ниет атаандаштык боюнча иштерди, анын ичинде жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен кароону демилгелейт" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

үчүнчү абзацындагы "органдар" деген сөз "бөлүмдөр" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 4-пунктунда:

бешинчи абзацындагы "боюнча, мыйзамдарда каралган башка ыкма менен жиберилет" деген сөздөр ", электрондук почта, курьер менен жиберилет же колмо-кол берилет" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

1-пунктчасынын төртүнчү абзацы "Кыргыз Республикасынын" деген сөздөн кийин "жарандык" деген сөз менен толукталсын;

- 13-пунктунда:

биринчи абзацындагы "(жазма буйрук)" деген сөздөр ", бузууларды четтетүү жөнүндө эскертүү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 14, 15-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"14. Эскертүү жазуу жүзүндө таризделет, ага монополияга каршы жөнгө салуу органынын жетекчиси же анын орун басары жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн начальниктери кол коюшат жана анда төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

1) эскертүү берилген жактын аталышы, жайгашкан жеринин дареги;

2) эскертүү берүү үчүн негиздердин тизмеси;

3) кара ниет атаандаштыктын белгилерин камтыган адамдын аракеттерин (аракетсиздигин) баяндоо;

4) кара ниет атаандаштыктын белгилерин камтыган аракеттерди (аракетсиздикти) токтотуу зарылдыгы жөнүндө талап жана мындай укук бузуунун келип чыгышына жөндөм түзгөн себептерди жана шарттарды жана мындай аракеттердин (аракетсиздиктин) кесепеттерин четтетүү боюнча көрүлүүгө тийиш болгон чаралардын тизмеси;

5) эскертүүнү аткаруу мөөнөтү;

6) эскертүүнү аткаруу жөнүндө монополияга каршы органга билдирүү жөнүндө талап.

15. Эскертүүнү аткаруу мөөнөтү аны ишке ашыруунун алкагында көрүлүүгө тийиш болгон чаралардын тизмесин эске алууга тийиш жана эскертүү берилген жак аны алган күндөн тартып 10 жумуш күндөн кем эмес болушу керек.

Эскертүү берилген жактын жүйөлүү өтүнүчү боюнча жана эскертүүнү белгиленген мөөнөттө аткаруу мүмкүн эместиги жөнүндө жетиштүү негиздер болгон учурда көрсөтүлгөн мөөнөт монополияга каршы органдын жетекчиси же анын орун басары жана аймактык бөлүмдөрдүн начальниктери тарабынан узартылышы мүмкүн.

Эскертүүнү аткаруунун мөөнөтүн узартуу анын аткарылышын узартуу бөлүгүндө ага тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен жүзөгө ашырылат.";

- 4-главасынын аталышы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 16, 17-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"16. Монополияга каршы органдын жетекчиси же анын орун басары жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн начальниктери кол койгон кошумча кат менен берилген эскертүү бир жумуш күндүн ичинде ал бериле турган жакка чарбакер субъекттин юридикалык дареги (жайгашкан дареги) боюнча тапшырылгандыгы жөнүндө (же чарбакер субъекттин мыйзамдуу өкүлү же канцеляриясынын кызматкери тиешелүү документти алган фактысын документтик ырастоону камсыз кылган башка ыкма менен) кабарлоо менен берилет.

17. Эскертүү ал берилген адам тарабынан анда көрсөтүлгөн мөөнөттө милдеттүү түрдө каралууга тийиш.

Эскертүү берилген жак аны аткаруу үчүн белгиленген мөөнөт аяктаган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде монополияга каршы органга эскертүүнү аткаргандыгы жөнүндө кабарлайт. Кабарлоого эскертүүнүн аткарылгандыгын ырастаган материалдар (документтер, маалыматтар) тиркелүүгө тийиш.

Эскертүү берилген жак эскертүүдө көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин берилген эскертүүгө макул эместиги жөнүндө монополияга каршы органга жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу.";

- төмөнкүдөй мазмундагы 18–21-пункттар менен толукталсын:

"18. Монополияга каршы орган эскертүүнү аткаруу жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып 15 жумуш күндүн ичинде берилген маалыматтардын аныктыгын, анын ичинде арыз ээсине тиешелүү суроо-талаптарды жөнөтүү жолу менен текшерет.

19. Эскертүү белгиленген мөөнөттө аткарылбаган учурда, эскертүүнү аткаруу мөөнөтү аяктаган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде жана (же) адам ага берилген эскертүү менен макул болбогон учурда, ишти кароо жандандырылат жана төмөнкү чечимдердин бири кабыл алынат:

- "Атаандаштык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык мыйзамсыз алынган кирешенин суммасынын ордун толтуруу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик чараларын көрүү жөнүндө;
- көрсөтүлгөн иштерди кароо компетенциясына кирген мамлекеттик органдарга иштерди өткөрүп берүү жөнүндө;
- иштерди сот, укук коргоо органдарына өткөрүп берүү жөнүндө.

20. Чечимдин көчүрмөсү үч жумуш күндүн ичинде ал чыгарылган адамга, ошондой эле арыз ээсине тапшырылат же жөнөтүлөт.

Чечимдин көчүрмөсү кол коюу менен тапшырылат. Көчүрмө жиберилген учурда бул тууралуу делого тиешелүү жазуу жүргүзүлөт жана жөнөтүү жөнүндө квитанция тиркелет.

21. Кара ниет атаандаштык жаатындагы монополияга каршы мыйзамдарды бузуу жөнүндө ишти кароонун натыйжасында кабыл алынган чечим менен макул болбогон учурда тараптар ага "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте даттанууга укуктуу.".

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө жободо:

- 11-пунктунун 7-пунктчасындагы "даярдоо эрежелеринин" деген сөздөр "даярдоодо, сатууда жана пайдалануууда техникалык өзгөчөлүктөрүнүн" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 12-пунктунун 3-пунктчасында:

экинчи абзацы "буйруктарды," деген сөздөн кийин "эскертме," деген сөз менен толукталсын;

отуз сегизинчи абзацындагы "даярдоо эрежелеринин" деген сөздөр "даярдоодо, сатууда жана пайдалануууда техникалык өзгөчөлүктөрүнүн" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-июнундагы №365 "Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамын бузуу тууралуу иштерди карап чыгуунун эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-июнундагы №403 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгертүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-майындагы №267 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгертүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2022-жылдын 4-ноябры, №619

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2007-ЖЫЛДЫН 9-НОЯБРЫНДАГЫ №543 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КОНТРОЛДОНУУГА ТИЙИШ БОЛГОН БАҢГИ КАРАЖАТТАРЫ, ПСИХОТРОПТУК ЗАТТАР ЖАНА ПРЕКУРСОРЛОР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 96-беренесин, "Баңги кылуучу каражаттар, акыл-эске таасир берүүчү заттар жана прекурсорлор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 16-апрелиндеги №1498-XII токтомуна ылайык Кыргыз Республикасы кошулган Баңги каражаттары жөнүндө 1961-жылдагы бирдиктүү конвенцияны, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 16-апрелиндеги №1499-XII токтомуна ылайык Кыргыз Республикасы кошулган Психотроптук заттар жөнүндө 1971-жылдагы конвенцияны, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 16-апрелиндеги №1500-XII токтомуна ылайык Кыргыз Республикасы кошулган Баңги каражаттарын жана психотроптук заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү жөнүндө БУУнун 1988-жылдагы конвенциясын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 9-ноябрындагы №543 "Кыргыз Республикасында контролдонууга тийиш болгон баңги каражаттары, психотроптук заттар жана прекурсорлор жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбуласы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Баңги кылуучу каражаттар, акыл-эске таасир берүүчү заттар жана прекурсорлор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 96-беренесин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:";

2) 1-пунктунда:

- үчүнчү - бешинчи абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- баңги каражаттарынын, психотроптук заттардын, алардын аналогдорунун жана прекурсорлордун, ошондой эле өстүрүүгө тыюу салынган, курамында баңги каражаттары, психотроптук заттар жана прекурсорлор бар баңги заттарды камтыган өсүмдүктөрдүн тизмеги (2-тиркеме);

- прекурсорлордун таблицасына киргизилбеген, бирок чектелген контролдонууга тийиш болгон заттардын тизмеги (3-тиркеме);

- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси боюнча жосундарды квалификациялоо үчүн мааниге ээ болгон баңги каражаттарынын, психотроптук заттардын, алардын аналогдорунун жана прекурсорлордун, ошондой эле өстүрүүгө тыюу салынган, курамында баңги каражаттары, психотроптук заттар жана прекурсорлор бар баңги заттарды камтыган өсүмдүктөрдүн өлчөмдөрү (4-тиркеме);";

- сегизинчи, тогузунчу абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 2-4-тиркемелери ушул токтомдун 1-3-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 16-ноябры, №633

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 18-АВГУСТУНДАГЫ №495 "МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО ЖАНА МААЛЫМАТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ТИПТҮҮ ЧЕКТЕЛГЕН ШТАТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын чыгармачылык жана өндүрүштүк шарттарын жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №495 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 6-пункттагы "24" деген цифралар "22" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 10-пункттагы "22" деген цифралар "20" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 11-пункттагы "7" деген цифра "5" деген цифра менен алмаштырылсын;
- 12-пункттагы "22" деген цифралар "19" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 13-пункттагы "6" деген цифра "4" деген цифра менен алмаштырылсын;
- 14-пункттагы "40" деген цифралар "27" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 16-пункттагы "27" деген цифралар "20" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 20-пункттагы "3" деген цифра "2" деген цифра менен алмаштырылсын;
- 21-пункттагы "2" деген цифра "1" деген цифра менен алмаштырылсын;
- 22-пункттагы "5" деген цифра "3" деген цифра менен алмаштырылсын;
- "Жыйынтыгы" позициясындагы "206" деген цифралар "171" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- "Бардыгы" позициясындагы "303" деген цифралар "268" деген цифралар менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтомдун 4-тиркемесинде:

"II. Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясы, облустук филармониялар жана Абубакир Изибаев атындагы Кыргыз мамлекеттик цирки" бөлүгүндө:

- 35-пунктта:

"44" деген цифралар "59" деген цифралар менен алмаштырылсын;

1-пунктчасындагы "33" деген цифралар "48" деген цифралар менен алмаштырылсын;

- 36-пункттагы "камералык" деген сөз "эстрадалык-симфониялык" деген сөздөр менен, "28" деген цифралар "43" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- "Жыйынтыгы" позициясындагы "186" деген цифралар "216" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 73-пункттагы "11" деген цифралар "10" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 74-пункттагы "5" деген цифра алып салынсын;
- "Жыйынтыгы" позициясындагы "54" деген цифралар "48" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- 119-пункттагы "2" деген цифра "8" деген цифра менен алмаштырылсын;
- "Жыйынтыгы" позициясындагы "39" деген цифралар "45" деген цифралар менен алмаштырылсын;
- "Бардыгы" позициясындагы "376" деген цифралар "406" деген цифралар менен алмаштырылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №636

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА САНАРИПТИК ДОКУМЕНТТЕРДИ ПАЙДАЛАНУУНУ КИРГИЗҮҮ МАКСАТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №27 "Калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу боюнча мындан аркы чаралар жөнүндө", 2020-жылдын 17-декабрындагы №64 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" жарлыктарын аткаруу максатында, "Электрондук башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 4-августундагы №421 "Жол кыймылынын эрежелерин жана Транспорт каражаттарын пайдалануура уруксат берүү боюнча негизги жоболорду жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча кызмат адамдарынын милдеттерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жол кыймылынын эрежелеринде:

- 1.2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы сексен алтынчы абзац менен толуктасын:

"Түндүк" мобилдик тиркемеси" - Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынын бөлүгү болуп саналган, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле сервистерди электрондук формада берүүнү камсыз кылуучу, анын ичинде документтерди санариптик форматта берүүчү мобилдик түзүлүштөрдө жеткиликтүү программалык камсыздоо.";

- 2.1.1-пункттун биринчи абзацы "токтотууга жана" деген сөздөрдөн кийин "эгерде артыкчылыктуу тартипте "Түндүк" мобилдик тиркемесинин жардамы менен документтерди санариптик форматта бөлүшүү мүмкүнчүлүгү жок болгон шартта," деген сөздөр менен толуктасын;

- 2.4-пункт "көрсөтүүгө" деген сөздөн кийин "жана "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу берилүүчү документтерди санариптик форматта онлайн режимде текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү программалык-аппараттык каражатка ээ болууга" деген сөздөр менен толуктасын;

- 2.6-пункттун үчүнчү абзацы "документти" деген сөздөн кийин ", анын ичинде "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта" деген сөздөр менен толуктасын;

- 21.3-пункт "ошондой эле" деген сөздөрдөн кийин "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу бул документти санариптик форматта берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда" деген сөздөр менен толуктасын;

- 22.1-пункттун биринчи абзацы "стажы бар" деген сөздөрдөн кийин "же болбосо бул документти тиешелүү категориядагы транспорт каражаттарын башкаруу укугунун бар экендигин ырастаган "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон" деген сөздөр менен толуктасын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №196 "Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө жободо:

- 5-пункт "пайдалануу үчүн арналган" деген сөздөрдөн кийин ", анын ичинде "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы" деген сөздөр менен толуктасын;

- 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толуктасын:

"Эскертүү: "жетүү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу

Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан санариптик форматта берилген улуттук паспорт юридикалык күчкө ээ жана ушул Жобонун 6-пунктуна ылайык физикалык форматта улуттук паспорттун номиналдуу тибине карата документке барабар болуп саналат.".

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №197 "Идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) жөнүндө жободо:

- 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толуктасын:

"Жетүү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан санариптик форматта берилген идентификациялык карта юридикалык күчкө ээ жана физикалык форматтагы идентификациялык картанын номиналдуу тибине карата документке барабар болуп саналат.".

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 "Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринде:

- 22-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

-24-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

- 56-пунктта:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

жетинчи абзац "транспорт каражаттарынын" деген сөздөрдөн мурда "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн же" деген сөздөр менен толуктасын;

- 57-пунктта:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

жетинчи абзац "транспорт каражаттарынын" деген сөздөрдөн мурда "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн же" деген сөздөр менен толуктасын;

- 58-пункттун төртүнчү абзацы "транспорт каражаттарынын" деген сөздөрдөн мурда "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн же" деген сөздөр менен толуктасын;

- 59-пунктта:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

тогузунчу абзац "транспорт каражаттарына" деген сөздөрдөн мурда "жетүүнү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта берүү мүмкүн болгон" деген сөздөр менен толуктасын;

- 61-пунктунда:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

жетинчи абзац "тийиштүү" деген сөздөн мурда "жетүүнү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта берүү мүмкүн болгон" деген сөздөр менен толуктасын;

- 65-пунктта:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

жетинчи абзац "болгон тийиштүү" деген сөздөрдөн мурда "жетүүнү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта берүү мүмкүн" деген сөздөр менен толуктасын;

- 67-пунктта:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

жетинчи абзац "тийиштүү" деген сөздөн мурда "жетүүнү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта берүүгө мүмкүн болгон" деген сөздөр менен толуктасын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы №819 "Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелеринде:

- 3-пункт төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толуктасын:

"Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта берилүүчү квалификациялык сынактарды тапшыруу, ошондой эле улуттук жана эл аралык айдоочулук күбөлүктөрдү алуу же алмаштыруу үчүн документтер юридикалык күчкө ээ жана кагаз түрүндөгү документке барабар.";

- 12-пунктта:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

- 3-пунктун төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

- 37-пунктта:

3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

5-пунктча "Кыргыз Республикасынын улуттук айдоочулук күбөлүгүн" деген сөздөрдөн мурда "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы айдоочулук күбөлүгүн же" деген сөздөр менен толуктасын;

- 38-пунктунун 2-пунктчасы "өкүлдүн ким экендигин күбөлөндүргөн документ" деген сөздөрдөн кийин "же болбосо "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүргөн документти көрсөтүү" деген сөздөр менен толуктасын;

- 43-пунктта:

3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта), же болбосо Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспорту - Кыргыз Республикасында жайгашкан же андан тышкары жүргөн Кыргыз Республикасынын жараны үчүн;";

6-пунктча "улуттук жана/же эл аралык айдоочулук күбөлүктү" деген сөздөрдөн мурда "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы айдоочулук күбөлүктү же" деген сөздөр менен толуктасын;

- 64-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"-"Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелеринде:

- 10-пунктта:

2-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгү же Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) же идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта);";

7-пунктча "айдоочулук күбөлүктү" деген сөздөрдөн мурда "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы айдоочулук күбөлүктү же" деген сөздөр менен толуктасын.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы №525 "Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы 2^1-пункт менен толуктасын:

"2^1. Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же "Түндүк" мобилдик тиркемеси менен санариптик форматта берилген документтер өз колу менен кол коюлган жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн кагаз түрүндөгү документтер менен бирдей юридикалык күчкө ээ деп белгиленсин.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелеринде:

- 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он алтынчы жана он жетинчи абзацтар менен толуктасын:

"санариптик документ - бул Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген документтин мазмунуна ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын маалымат базаларында камтылган жана Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында, анын ичинде "Түндүк" мобилдик тиркемесинде түзүлгөн маалыматтардын жыйындысынан турган санариптик форматтагы документ;

"Түндүк" мобилдик тиркемеси — Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынын бөлүгү болуп саналган, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле сервистерди электрондук формада берүүнү камсыз кылуучу, анын ичинде документтерди санариптик форматта берүүчү мобилдик түзүлүштөрдө жеткиликтүү программалык камсыздоо.";

- 48-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толуктасын:

"Портал же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта берилүүчү документтер юридикалык күчкө ээ жана кагаз түрүндөгү документтерге барабар.".

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 11-мартындагы №90 "Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө нускамада:

- 3-пункт төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толуктасын:

"Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан санариптик форматта берилген жарандык абалдын актылары (туулгандыгы, никелешүү, никени бузуу, фамилиясын, атын, атасынын атын өзгертүү) өз колу менен кол коюлган жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн кагаз түрүндөгү документтер менен бирдей юридикалык күчкө ээ.";

- 6-пункт төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толуктасын:

"- "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ;";

- 15-пункттун жетинчи абзацы "туулган күнүн жана жерин көрсөтүү менен паспортун" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы паспортун" деген сөздөр менен толуктасын;

- 18-пункттун төртүнчү абзацы "ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтери" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтери" деген сөздөр менен толуктасын;

- 24-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтин же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы инсандын күбөлүгүнүн жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ишеним катынын;";

- 26-пунктта:

сегизинчи абзац "ата-энесинин ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөр менен толуктасын;

он экинчи абзац "ата-энесинин ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөр менен толуктасын;

он бешинчи абзац "атасынын ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөр менен толуктасын;

жыйырма үчүнчү абзац "энесинин ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөр менен толуктасын;

жыйырма алтынчы абзац "арыз ээсинин ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөр менен толуктасын;

- 29-пункттун экинчи абзацы "энесинин ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү күбөлүк" деген сөздөр менен толуктасын;

- 32-пункттун жетинчи абзацы "никеге туруп жаткандардын ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөр менен толуктасын;

- 37-пунктта:

биринчи абзац "(соттолгон адамдын ким экендигин күбөлөндүрүүчү документти (паспортту)" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документти" деген сөздөр менен толуктасын;

экинчи абзац "ким экендигин күбөлөндүрүүчү документи (паспорту)" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документи" деген сөздөр менен толуктасын;

- 40-пункттун төртүнчү абзацы "ким экендигин күбөлөндүрген документтер" деген сөздөрдөн кийин "же Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөр менен толуктасын;

- 46-пункттун төртүнчү абзацы "арыз ээлеринин ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөрдөн кийин "же Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөр менен толуктасын;

-49-пункттун сегизинчи абзацы "ким экендиган күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөр менен толуктасын;

- 53-пункттун үчүнчү абзацы "ата-энесинин (алардын биринин) ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтер" деген сөздөр менен толуктасын;

- 54-пункттун экинчи абзацы "арыз ээсинин ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөрдөн кийин "же "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматтагы ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ" деген сөздөр менен толуктасын.

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-апрелиндеги №142 "Кыргыз Республикасынын жарандарынын 2020-жылдын үлгүсүндөгү улуттук паспортторунун айрым типтерин киргизүү маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жаранынын 2020-жылдын үлгүсүндөгү жалпы жарандык паспорту жөнүндө жободо:

- 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толуктасын:

"Жетүү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан санариптик форматта берилген жалпы жарандык паспорт өз колу менен кол коюлган жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн кагаз түрүндөгү документтер менен бирдей юридикалык күчкө ээ.".

9. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары расмий жарыяланган күндөн тартып отуз күндүн ичинде өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

10. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып отуз күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №637

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 12-ИЮЛУНДАГЫ №379 «ЖАЛПЫ ПАЙДАЛАНУУДАГЫ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУН ОҢДООНУН ЖАНА КУРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ишин өркүндөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №379 «Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун оңдоонун жана куруунун айрым маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- төмөнкүдөй редакциядагы 4^1-пункт менен толуктасын:

«4^1. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жана Кыргыз Республикасында жолдорду куруу, реабилитациялоо жана реконструкциялоо боюнча инвестициялык долбоорлорго тартылган подрядчы уюмдар кол коюлган жана ратификацияланган кредиттик макулдашуулардын жоболоруна ылайык төмөнкүлөрдөн бошотулсун:

- айыл чарба өндүрүшүндөгү жоготуулардын жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн жерлерди бөлүп берүү менен байланышкан чыгымдардын ордун толтурууну төлөөдөн;

- жолдорду түздөө участокторун кошо алганда, автожолдордун долбоордук участокторун бөлүп берүү тилкесинде өскөн даректарды жана бадалдарды кыюуга келтирилген зыяндын ордун толтурууну төлөөдөн;

- жер казынасын пайдалануунда кеңири таралган пайдалуу кендер боюнча минералдык-сырьёлук базаны (жарылган таштарды казып алуу боюнча жергиликтүү карьерлер, кум-шагыл аралашмалар, эшилме материалдар) өнүктүрүү жана кайра өндүрүү үчүн чегерүүлөрдөн.».

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №635

ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАР МАССИВДЕРИН КАРМООЧУЛАРДЫН (ЭЭЛЕРИНИН) РЕЕСТРИНЕ ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАР МАССИВДЕРИН КАРМООЧУЛАРДЫ (ЭЭЛЕРИН), ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАР МАССИВДЕРИН ЖАНА ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАР ТИЗМЕСИН КАТТОО, ОШОНДОЙ ЭЛЕ АНЫ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА ЖАРЫЯЛОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18, 30-статьяларына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Жеке маалыматтар массивдерин кармоочулардын (ээлеринин) реестрине жеке маалыматтар массивдерин кармоочуларды (ээлерин), жеке маалыматтар массивдерин жана жеке маалыматтар тизмесин каттоо, ошондой эле аны жүргүзүү жана жарыялоо тартиби киргемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом кабыл алынганга чейин жеке маалыматтарды чогултууну, иштеп чыгууну жана сактоону баштаган уюмдар ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып алты айдын ичинде Жеке маалыматтар массивдерин кармоочулардын (ээлеринин) реестринде эсептик каттоодон өтүүгө тийиш.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №638

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-АТКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА МЕКЕМЕЛЕРИНИН КАТАРДАГЫ ЖАНА ЖЕТЕКТӨӨЧҮ КУРАМЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИН БУЮМ МҮЛКҮ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ЧЕНЕМДЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын органдарынын жана мекемелеринин катардагы жана жетектөөчү курамынын кызматкерлерин буюм мүлкү менен камсыз кылуунун ченемдери 1-5-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 21-июнундагы №236 «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин жазык-аткаруу тутумунун өздүк курамынын форма кийиминин жеңиндеги белгиси жөнүндө жана фуражкасынын маңдайындагы эмблемасы тууралуу» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 14-сентябрындагы №406 «Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын органдарынын жана мекемелеринин катардагы жана жетекчи курамынын кызматчыларын кийим мүлкү менен камсыз кылуу нормаларын бекитүү жөнүндө» токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-январындагы №10 «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин жазык-аткаруу системасынын органдарынын жана мекемелеринин катардагы жана жетекчи курамынын кызматчыларын кийим мүлкү менен тынчтык мезгилде камсыз кылуу нормаларын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 14-сентябрындагы №406 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013 -жылдын 18-февралындагы №79 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтомунун 3-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-сентябрындагы №532 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 21-июнундагы №236 "Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин жазык-аткаруу тутумунун өздүк курамынын форма кийиминин жеңиндеги белгиси жөнүндө жана фуражкасынын маңдайындагы эмблемасы тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому.

3. Бул токтомду ишке ашырууга байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына тийиштүү жылга республикалык бюджетте каралган каражаттарынын чегинде ишке ашырылсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №642

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 21-ИЮНУНДАГЫ №34 “ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН ТЕХНИКАЛЫК РЕГЛАМЕНТТЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН САКТООГО МАМЛЕКЕТТИК КОНТРОЛДУ (КӨЗӨМӨЛДӨӨ) ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Евразия экономикалык биримдигинин техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого мамлекеттик контролду (көзөмөлдөө) жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарды актуалдаштыруу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы №114 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 21-июнундагы №34 "Евразия экономикалык биримдигинин техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого мамлекеттик контролду (көзөмөлдөө) жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Евразия экономикалык биримдигинин техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого мамлекеттик контролду (көзөмөлдөө) төмөнкү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жүргүзөт деп белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги - Евразия экономикалык биримдигинин төмөнкү техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого:

- "Пиротехникалык буюмдардын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 006/2011);

- "Өрт коопсуздугун камсыздоо жана өрт өчүрүү каражаттарына карата талаптар жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 043/2017);

- "Жарандык коргоого, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргонууга арналган продукциялардын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 050/2021);

2) Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жол-транспорттук коопсуздук чөйрөсүндөгү контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча башкармалыгы - Евразия экономикалык биримдигинин төмөнкү техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого:

- "Темир жолдун кыймылдуу курамынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 001/2011);

- "Жогорку ылдамдыктагы темир жол транспортунун коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 002/2011);

- "Темир жол транспортунун инфраструктурасынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 003/2011);

- "Автомобиль жолдорунун коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 014/2011);

- "Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 018/2011);

- "Чакан көлөмдүү кемелердин коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 026/2012);

- "Айыл чарба жана токой чарба тракторлорунун жана алардын чиркегичтеринин коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 031/2012);

- "Метрополитендин кыймылдуу курамынын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 052/2021);

3) Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча кызмат - Евразия экономикалык биримдигинин төмөнкү техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого:

- "Төмөнкү вольттуу жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 004/2011);

- "Жарылуу коркунучу бар чөйрөлөрдө иштөө үчүн жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө" (ББ ТР 012/2011);

- "Техникалык каражаттардын электр магниттик шайкештиги" (БС ТР 020/2011);

- "Энергияны керектөөчү түзүлүштөрдүн энергетикалык натыйжалуулугуна карата талаптар жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 048/2019);

- "Жогорку вольттуу жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 053/2021);

4) Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызмат - Евразия экономикалык биримдигинин төмөнкү техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого:

- "Сүт жана сүт азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 033/2013), эпизоотиялык бейпилдик бөлүгүндө;

- "Эт жана эт азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 034/2013), эпизоотиялык бейпилдик бөлүгүндө;

- "Балык жана балык азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 040/2016), эпизоотиялык бейпилдик бөлүгүндө;

5) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти - Евразия экономикалык биримдигинин төмөнкү техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого:

- "Таңгактын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 005/2011);

- "Балдар жана өспүрүмдөр үчүн арналган продукциянын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 007/2011);

- "Оюнчуктардын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 008/2011);

- "Парфюмерия-косметикалык продукциянын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 009/2011);

- "Жеңил өнөр жай продукциясынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 017/2011);

- "Жеке коргонуу каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 019/2011);

- "Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 021/2011);

- "Тамак-аш азыктары аны маркалоо бөлүгүндө" (БС ТР 022/2011);

- "Жемиштерден жана жашылчалардан жасалган шире продукциясына техникалык регламент" (БС ТР 023/2011);

- "Май-тоң май продукциясына техникалык регламент" (БС ТР 024/2011);

- "Эмерек продукциясынын жюпсуздугу жөнүндө" (БС ТР 025/2012);

- "Адистештирилген тамак-аш азыктарынын, анын ичинде диеталык дарылык жана диеталык алдын алуучу тамактануунун өзүнчө түрлөрүнүн коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 027/2012);

- "Тамак-аш кошулмаларынын, жыпар жыт берүүчүлөрдүн жана технологиялык көмөкчү каражаттардын коопсуздугуна карата талаптар" (БС ТР 029/2012);

- "Сүт жана сүт азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 033/2013), эпизоотиялык бейпилдик бөлүгүн кошпогондо;

- "Эт жана эт азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 034/2013); эпизоотиялык бейпилдик бөлүгүн кошпогондо;

- "Тамеки продукциясына техникалык регламент" (БС ТР 035/2014);

- "Балык жана балык азыктарынын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 040/2016), эпизоотиялык бейпилдик бөлүгүн кошпогондо;

- "Химиялык продукциянын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 041/2017);

- "Идишке куюлган ичүүчү суунун, анын ичинде табигый минералдык суунун коопсуздуту жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 044/2017);

- "Алкоголдук продукциянын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 047/2018);

- "Канаттуулардын этинин жана аны кайра иштетүүдөн алынган азыктардын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭС ТР 051/2021);

6) Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги:

- "Дандын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 015/2011);

- "Минералдык жер семиртkичтерге карата талаптар жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 039/2016);

7) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы - Евразия экономикалык биримдигинин төмөнкү техникалык регламенттеринин талаптарын сактоого:

- "Машиналардын жана жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 010/2011);

- "Лифттердин коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 011/2011);

- "Автомобилдик жана авиациялык бензинге, дизель жана кеме отунуна, реактивдүү кыймылдаткычтар үчүн отунга жана мазутка карата талаптар жөнүндө" (БС ТР 013/2011);

- "Газ түрүндөгү отун менен иштөөчү аппараттардын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 016/2011);

- "Жарылуучу заттардын жана алардын негизиндеги буюмдардын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 028/2012);

- "Майлоочу материалдарга, майларга жана атайын суюктуктарга карата талаптар жөнүндө" (БС ТР 030/2012);

- "Ашыкча басым менен иштөөчү жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө" (БС ТР 032/2013);

- "Отун катары пайдалануу үчүн суюлтулган көмүр суутектүү газга карата талаптар" (ЕАЭБ ТР 036/2016);

- "Электротехника жана радиоэлектроника буюмдарында кооптуу заттарды колдонууну чектөө жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 037/2016);

- "Аттракциондордун коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 038/2016);

- "Балдар ойноочу аянтчалар үчүн жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 042/2017);

- "Ташууга жана (же) пайдалануага даярдалган мунайдын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 045/2017);

- "Ташууга жана (же) пайдалануага даярдалган күйүүчү жаратылыш газынын коопсуздугу жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 046/2018);

- "Суюк жана газ түрүндөгү көмүр суутекти ташуу үчүн магистралдык өткөргүч түтүктөргө карата талаптар жөнүндө" (ЕАЭБ ТР 049/2020).";

2) 2-пункттагы "финансы" деген сөз "коммерция" деген сөз менен алмаштырылсын;

3) 3-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №639

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

"КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТУРИЗМДИ ӨНҮКТҮРҮҮНҮ КОЛДОО ФОНДУ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНУН ТОСОР АЙЫЛЫНДАГЫ ЖЕР УЧАСТОГУН ЖАНА СЕЙИЛ БАК-ПЛЯЖДЫК ЗОНАНЫ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик менчикти натыйжалуу башкаруу жана туристтик инфраструктураны реконструкциялоого жана өнүктүрүүгө ички жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 32-статьясынын 4-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун мамлекеттик администрациясы мыйзамдарда белгиленген тартипте "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ачык акционердик коомуна (мындан ары – "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ААК) эл аралык спорттук комплексти капиталдык куруу үчүн Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району, Тосор айылы, №116 контур дареги боюнча жайгашкан, аянты 72,2 га жер участогун 49 жылдык мөөнөткө акысыз пайдалануга өткөрүп берсин.

2. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун мамлекеттик администрациясы "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ААКка Ысык-Көлдүн суусу бүткөн жерден туурасы 100 метрге чейинки сейил бак-пляждык зонаны, Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Тосор айылындагы борбору менен №116 контурдагы, узундугу 7 километр "Түштүк" курорттук чакан районду 49 жылдык мөөнөткө, аны көрктөндүрүү жана келүүчүлөргө жагымдуу шарттарды түзүү үчүн ижара шартында берүү мүмкүнчүлүгүн карасын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун мамлекеттик администрациясы мыйзамдарда белгиленген тартипте төмөнкүлөрдү жүргүзсүн:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участогун "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлери" категориясынан "Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууну (трансформациялоону);
- "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ААКка ушул токтомдун 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн жер участогун жана сейил бак-пляждык зонаны убактылуу пайдалануу укугун каттоону;
- жерди эсепке алуу документтерине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрүүнү.

4. "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ААКка төмөнкүлөр сунушталсын:

- ушул токтомдун 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн жер участогун жана сейил бак-пляждык зонаны белгиленген тартипте кабыл алуу;
- жер участогун жана сейил бак-пляждык зонаны максаттуу пайдалануунун камсыз кылуу;
- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирүү.

5. Эл аралык спорттук комплексти курууну жана сейил бак-пляждык зонаны көрктөндүрүүнү каржылоо "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ААКтын уставдык капиталында каралган каражаттардын чегинде жана "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду" ААК тарткан гранттык, зайымдык жана кредиттик каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №640

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН КАРА-СУУ РАЙОНУНУН НАРИМАН АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Нариман айыл аймагынын жашоочуларын жеке турак үйлөрдү куруу үчүн жер участоктору менен камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2021-жылдын 19-ноябрындагы №03/1343 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №27 токтомун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Нариман айыл аймагында жайгашкан 215,79 га жерлер жеке турак үйлөрдү куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын), алардын ичинен:

- №259 (15,92 га), №263 (5,57 га), №265 (30,16 га), №278 (7,36 га), №279 (3,59 га), №267 (13,43 га), №198 (20,0 га), №196 (15,0 га), №208 (8,0 га), №212 (6,0 га), №250 (29,80 га), №249 (13,70 га) контурларындагы жалпы аянты 168,53 га кайрак айдоо;
- №338 (43,85 га), №345 (0,08 га), №347 (0,05 га), №349 (0,04 га), №262 (0,18 га), №268 (0,14 га), №270 (0,09 га), №346 (0,09 га), №348 (0,03 га), №350 (0,05 га), №264 (0,39 га), №269 (0,07 га), №260 (2,20 га) контурларындагы жалпы аянты 47,26 га жайыт.

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануу;
3) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлердин шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 18-ноябры, №643

МАМЛЕКЕТТИК СЫРЛАРДЫ КОРГООГО БАЙЛАНЫШКАН ТОВАРЛАРДЫ, ЖУМУШТАРДЫ ЖАНА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАРДЫ УЮШТУРУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктун ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Мамлекеттик сырларды коргоого байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук өкүлчүлүк борбору мамлекеттик сырларды коргоого байланышкан мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырган башка мамлекеттик органдар жана юридикалык жактар мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча мамлекеттик сатып алууларды ушул токтом менен бекитилген Тартипке ылайык жүргүзүүнүн ички эрежелерин иштеп чыксын.

3. Ушул токтомдун 2-пунктунда белгиленген мамлекеттик органдардын (уюмдардын) жетекчилери мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу органга товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жөнүндө ар жылдык отчётторду берип турсун.

Мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу орган ушул токтомдун жоболорунун сакталышын контролдоону жүргүзсүн.

4. Мамлекеттик сырларды коргоого байланышкан мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу тартибинин сакталышы үчүн жеке жоопкерчилик ушул токтомдун 2-пунктунда белгиленген мамлекеттик органдардын (уюмдардын) жетекчилерине жүктөлсүн.

5. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонуу, улуттук коопсуздук, мамлекеттик сырды сактоо, жаратылыш кырсыктарынын кесепетин жоюу менен байланышкан товарларды, жумуштарды, көрсөтүлчү кызмат сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 1-июнундагы №304 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы "Улуттук коргоого, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды сактоого жана табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюуга байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алуу тартибин бекитүү жөнүндө" №398 токтомуна толуктоо киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-сентябрындагы №529 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алуулар жана материалдык резервдер чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 16-январындагы №16 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 5-сентябрындагы №392 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонуу, улуттук коопсуздук, мамлекеттик сырды сактоо, жаратылыш кырсыктарынын кесепетин жоюу иштерине байланышкан товарларды, жумуштарды, көрсөтүлчү кызматтарды сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 7-августундагы №432 "Улуттук коргонуу, улуттук коопсуздук, мамлекеттик сырды сактоо, жаратылыш кырсыктарынын кесепетин жоюу менен байланышкан товарларды, жумуштарды, көрсөтүлчү кызматтарды сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 13-сентябрындагы №548 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргоо, улуттук коопсуздук, мамлекеттик сырды сактоо жана табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу менен байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 28-ноябрындагы №681 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

9) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 2-мартындагы №93 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды коргоого жана жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланыштуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

10) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 2-июнундагы №336 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонуу, улуттук коопсуздук, жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланыштуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

11) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-августундагы №570 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды коргоого жана жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланыштуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

12) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-февралындагы №63 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды коргоого жана жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланыштуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

13) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-июлундагы №422 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды коргоого жана жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланыштуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

14) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 24-майындагы №253 "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү жана сатып алуу чөйрөсүндөгү ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

15) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 6-декабрындагы №565 "Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын ишин жөнгө салган, ошондой эле товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашкан запастарын эсепке алуу менен байланышкан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

16) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №602 "Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 5-пункту;

17) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 16-мартындагы №159 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик материалдык резерв маселеси боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

18) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-мартындагы №67 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргоо, улуттук коопсуздук, мамлекеттик сырды сактоо, маалыматтык коопсуздук жана табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу менен байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

19) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 12-августундагы №127 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды коргоого жана жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

20) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №261 "Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин айрым маселелери жөнүндө" токтомунун 3-пункту;

21) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №226 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 "Улуттук коргонуу, улуттук коопсуздук, мамлекеттик сырды сактоо, маалыматтык коопсуздук жана табигый кырсыктардын кесепетин жоюу менен байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2022-жылдын 18-ноябры, №641

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КАТТАЛГАН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ НАРЫН ШААРДЫК, АК-ТАЛАА, ЫСЫК-КӨЛ ЖАНА СОКУЛУК АЙМАКТЫК ШАЙЛООКОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештерде депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын – Нарын облусунун Нарын шаардык кеңеши боюнча;
- Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын – Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Кош-Дөбө айылдык кеңеши боюнча;
- Ысык-Көл аймактык шайлоо комиссиясынын – Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Абдрахманов, Садыр-Аке жана Кумбел айылдык кеңештери боюнча;
- Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын – Чүй облусунун Сокулук районундагы Фрунзе айылдык кеңеши боюнча;

Ошондой эле Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Кумбел жана Чүй облусунун Сокулук районундагы Фрунзе айылдык кеңештеринин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу жөнүндө Ысык-Көл жана Сокулук аймактык шайлоо комиссияларынан чечимдери келип түштү.

Аталган чечимдер “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, “Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет".

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Нарын шаардык, Ак-Талаа, Ысык-Көл жана Сокулук аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ысык-Көл жана Сокулук аймактык шайлоо комиссияларынын талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу боюнча чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Нарын шаардык, Ак-Талаа, Ысык-Көл жана Сокулук аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

5. Нарын шаардык, Ак-Талаа, Ысык-Көл жана Сокулук аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

6. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

7. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназарово жүктөлсүн.

ТӨРАГАНЫН ОРУН БАСАРЫ **Т.ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 25 ноябры, №98

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 25-ноябрындагы №98 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз
Нарын облусу			
Нарын шаары			
1.	Нарын шаардык	Осмокеев Алмазбек Алымкулович (№2) «Патриот Ынтымагы» депутаттык фракциясы	№79, 17.11.2022-ж. (30.10.2022-ж. - өз арызы)
2.		Зайдинов Дастан Арыстанбекович (№5) «Патриот Ынтымагы» депутаттык фракциясы	№79, 17.11.2022-ж. (30.10.2022-ж. - өз арызы)
3.		Дыйканбаев Аксатбек Толомушович (№7) «Патриот Ынтымагы» депутаттык фракциясы	№80, 18.11.2022-ж. (01.11.2022-ж. - өз арызы)
Ак-Талаа району			
4.	Кош-Дөбө айылдык	Эргешов Айжигит Калыйбекович	№89, 18.11.2022-ж. (04.11.2022-ж. - өз арызы)
Ысык-Көл облусу			
Ысык-Көл району			
5.	Абдрахманов айылдык	Ажекова Гульжан Идырысовна	№7, 17.11.2022-ж. (Ысык-Көл район жарандык ал-абалдын актыларын жазуу бөлүмү тарабынан берилген өлгөндүгү тууралуу күбөлүк берилген күнү - 27.07.2022-ж., №KGZ07 0189529, №313);
6.	Садыр-Аке айылдык	Дюшембеков Акылбек Дюшембекович	№7, 17.11.2022-ж. (07.11.2022-ж. - өз арызы)
7.		Намазов Эльдар Уланбекович	№7, 17.11.2022-ж. (07.11.2022-ж. - өз арызы)
8.	Кумбел айылдык	Садыков Сейитбек Бердикожоевич	№7, 17.11.2022-ж. (11.11.2022-ж. - өз арызы)
Чүй облусу			
Сокулук району			
9.	Фрунзе айылдык	Бекбердинов Асылбек Баишпекович	№15, 21.11.2022-ж. (Сокулук район жарандык ал-абалдын актыларын жазуу бөлүмү тарабынан берилген өлгөндүгү тууралуу күбөлүк берилген күнү - 11.10.2022-ж., №KGZ07 0206142, №916);

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 25-ноябрындагы №98 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А.	Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз
Ысык-Көл облусу			
Ысык-Көл району			
1.	Кумбел айылдык	Дюшекеев Олжобай Самакович	№7, 17.11.2022-ж. (11.11.2022-ж.- өз арызы)
Чүй облусу			
Сокулук району			
2.	Фрунзе айылдык	Джузумалиев Мурат Шаршенбекович	№7, 17.11.2022-ж. (19.11.2022-ж.- өз арызы)

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 25-ноябрындагы №98 токтомунун 3-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Нарын облусу				
Нарын шаары				
1.	Нарын шаардык	Усубалиев Ашырбек Жапарович (№9) «Патриот Ынтымагы» саясий партиясы	Орто мектебинин директору	№80, 17.11.2022-ж.
2.		Насыров Кубанычбек Алмазбекович (№10) «Патриот Ынтымагы» саясий партиясы »	Электр тармактар ишканасынын инженери	
3.		Черикчиев Адилет Черикчиевич (№21) «Патриот Ынтымагы» саясий партиясы	Мергенчилер жана балыкчылар коомунун төрагасы	01.11.2022-ж. «Патриот Ынтымагы» саясий партиясынын чечими)
Ак-Талаа району				
4.	Кош-Дөбө айылдык	Жолдошев Кутман Бердибаевич	дыйкан	№89, 18.11.2022-ж.
Ысык-Көл облусу				
Ысык-Көл району				
5.	Абдрахманов айылдык	Байгелдиев Эрлан Дурболонович	Жеке ишкер	№7, 17.11.2022-ж.
6.	Садыр-Аке айылдык	Мусабеков Талант Шаршембаевич	Жеке ишке	№7, 17.11.2022-ж.
7.		Акылбек уулу Нурланбек	Сакчы	№7, 17.11.2022-ж.
8.	Кумбел айылдык	Дубаев Нурзат Болотканович	Жеке ишкер	№7, 17.11.2022-ж.
Чүй облусу				
Сокулук району				
9.	Фрунзе айылдык	Усупкулов Азамат Доктурбекович	Райондук суу чарба, инженер	№15, 21.11.2022-ж.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

«АВИАЦИЯЛЫК КООПСУЗДУК. КРАЭ-17» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АВИАЦИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН

БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, ошондой эле Жарандык авиация эл аралык уюмунун (ИКАО) стандарттары жана сунушталган практикасы менен максималдуу ыраттуулугун камсыз кылуу максатында **буйрук кылам:**

1. «Авиациялык коопсуздук. КРАЭ-17» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери мамлекеттик жана расмий тилдеринде тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигине:

- күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн ушул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде электрондук документ жүгүртүү тутуму аркылуу Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн;
- катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйрук мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин-Тоо» газетасына жарыяласын;
- ушул буйрукту аткарууга кабыл алсын.

3. Жарандык авиация уюмдар жана окуу борборлору «Авиациялык коопсуздук. КРАЭ-17» Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин аткарууга кабыл алынсын, ошондой эле сапатты контролдоо боюнча программаларга жана даярдоо программаларына, авиациялык коопсуздук даярдоо программаларына зарыл болгон толуктоолорду киргизишсин.

4. 2016-жылдын 27-январындагы №1 «Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин «Авиациялык коопсуздук КРАЭ-17» буйругунун 1-пунктунун 17-абзацы жана 2021-жылдын 14-сентябрындагы №256 «Авиациялык коопсуздук КРАЭ-17» «Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары Т.А. Аскаровго жүктөлсүн.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Директор **А.И.НАСТАЕВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 24-ноябры, №787/б

ПРИКАЗ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ОБ УТВЕРЖДЕНИИ АВИАЦИОННЫХ ПРАВИЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «АПКР 17. АВИАЦИОННАЯ БЕЗОПАСНОСТЬ»

В соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики от 15 сентября 2014 года №530 «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики ряду государственных органов исполнительной власти», а также в целях обеспечения максимального единообразия со Стандартами и Рекомендуемой практикой Международной организации гражданской авиации (ИКАО), **приказываю:**

1. Утвердить Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность» на государственном и официальном языках согласно приложению.

2. Государственному агентству гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

- направить настоящий приказ на государственном и официальном языках через систему электронного документооборота в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики, а также в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации, в течении трех рабочих дней со дня вступления в силу;
- опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо» в течение трех рабочих дней со дня регистрации;
- принять к исполнению настоящий приказ.

3. Организациям гражданской авиации и учебным центрам принять к исполнению Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность», а также внести необходимые изменения в программы авиационной безопасности, программы подготовки и программы по контролю качества.

4. Абзац 17 пункта 1 «АПКР-17. Авиационная безопасность» приказа Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики «Об утверждении Авиационных правил Кыргызской Республики №1 от 27 января 2016 года, а также приказ Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики «О внесении изменений в Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность» №256 от 14 сентября 2021 года признать утратившими силу.

5. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Аскарова Т.А.

6. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня его официального опубликования.

Директор **А.И.НАСТАЕВ**

г. Бишкек, 24 ноября 2022 года, №787/б

Нарын облусунун Ат-Башы райондук Сот аткаруучулар кызмат бөлүмү

карызкор К.Т.Шаршенбаев өндүрүп алуучу Турдумбай кызы Эркебүбүнүн пайдасына ушул райсотунун 16.09.2022-ж. Ак-Муз айыл өкмөтүнүн Малатай, Булак участкаларындагы – 4-02-10-0003-0556, 4-02-10-0001-0452 таануу коддорундагы, баштапкы баалары 45 000 (кырк беш миң), 17 000 (он жети миң) сомдон башталган 0,776 га, 0,333 га үлүш жерлерине ачык соода-сатык (аукцион) жарыялайт.

Аукцион **2022-жылдын 29-декабрында саат 14.00дө Ак-Муз а/ө** имаратында өтөт.

Катышуучулар үлүштөрдүн баштапкы баасынын **5%** кепилдик суммасын аукцион болгонго чейин Ат-Башы райондук САКБнын депозиттик БИК **440001**, эсеби **№4405032100000155**, төлөө коду **14511900** төлөөгө жана арыз жазууга тийиш. Жеңүүчү 7 күндө төлөйт жана кепилдик кошулуп эсептелет. Башка кепилдиктер кайтарылат.

Н-114

Уюштуруучу Э.Мукашов,
Байланыш тел.: (03534) 2-47-94, (0500) 44-44-27, (0701) 91-63-63.

ЧАКАН ГЭС КУРУУ ҮЧҮН КОНКУРС ЖАРЫЯЛАНАТ

Аксы районундагы Аркыт токой чарбасынын Кара-Суу токойчулугунун:

квартал-10; выдел- 42, квартал-11-12, выдел-10-19-07; квартал-13-14-18, выдел-12-9-2 бөлүкчөсүндөгү, Түрдүк токойчулугунун: квартал- 54, выдел 21; квартал 58, выдел 57 бөлүкчөсүндөгү суунун жээгинен 6,5 га жерге КР Өкмөтүнүн 10-апрель 2018-жылдагы №192 токтомунун негизинде.

Конкурска бардык кызыккан тараптар катыша алат.

Тел.: (0773) 18-09-30, (0705) 14-09-65. Н-113

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельную долю №0109591 на имя Беделбаевой Майрамкул Орозбековны считать недействительным.

Н-118

Асанбаева Күлүйпа Намазбековнага тиешелүү диплом №072597 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-120

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Шаршенова Азема Максатовна код ОКПО 31467476, ИНН 10504200101193 считать недействительным.

Н-121

Ноокен районуна караштуу Момбеков айыл өкмөтүнүн тургуну Жунусов Камилжан Эгемовичтин 2021-жылдын 12-майында №9957 санда катталган кыймылсыз мүлктү белекке берүү жөнүндөгү келишиминин негизинде каттоодо турган, жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү 2020-жылдын 27-декабрындагы №945318 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-344

Запрос на выражение заинтересованности (Консультационные услуги – Отбор компаний)

ОТБОР КОНСУЛЬТАНТА - МЕЖДУНАРОДНОГО ЭКСПЕРТА В ОБЛАСТИ ВСЕМИРНОГО НАСЛЕДИЯ

Подробное техническое задание можно будет получить после регистрации на официальном сайте АРИС: **www.aris.kg**

Выражение заинтересованности должно быть доставлено в письменной форме по указанному ниже адресу (лично, по почте, по факсу или по электронной почте) до **18.00 часов (местное время) 14 декабря 2022 года.**

Минимальные требования, предъявляемые к компаниям, можете узнать на официальном сайте АРИС.

Агентство Развития и Инвестирования Сообществ Кыргызской Республики (АРИС)

Кабинет 11, Отдел закупок
720040, ул. Бокомбаева, 102
г. Бишкек, Кыргызская Республика
Tel: +996 (312) 62-07-52, + 996 (312) 30-18-05 (доб. 118)
Tel: +996 (312) 62-07-52
Fax: +996 (312) 62-47-48
E-mail: eibraev@aris.kg
Web site: www.aris.kg

С/О-582

Запрос на выражение заинтересованности (Консультационные услуги – Отбор компаний)

ОТБОР КОНСУЛЬТАНТА - МЕЖДУНАРОДНОГО ЭКСПЕРТА В ОБЛАСТИ МУЗЕОЛОГИИ (МУЗЕЕВЕДЕНИЯ)

Подробное техническое задание можно будет получить после регистрации на официальном сайте АРИС: **www.aris.kg**

Выражение заинтересованности должно быть доставлено в письменной форме по указанному ниже адресу (лично, по почте, по факсу или по электронной почте) до **18.00 часов (местное время) 14 декабря 2022 года.**

Минимальные требования, предъявляемые к компаниям, можете узнать на официальном сайте АРИС.

Агентство Развития и Инвестирования Сообществ Кыргызской Республики (АРИС)

Кабинет 11, Отдел закупок
720040, ул. Бокомбаева, 102
г. Бишкек, Кыргызская Республика
Tel: +996 (312) 62-07-52, + 996 (312) 30-18-05 (доб. 118)
Tel: +996 (312) 62-07-52
Fax: +996 (312) 62-47-48
E-mail: eibraev@aris.kg
Web site: www.aris.kg

С/О-583

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей гос. акта Ч №340229, технический паспорт ид. код 7-05-01-1001-1097, договор дарения (от 29.07.2019 г.) на имя Кулназарова Талисмана Ишеновича считать недействительными.

Н-111

Турсунова Мадина Шарабидиновнага таандык Базар-Коргон районунун Базар-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Базар-Коргон айылында жайгашкан жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы ЧҮ№612760, берилген күнү 14.08.2015-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-59

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Жоошалиева Чолпонкул Мамбетсадыковна код ОКПО 22996655, ИНН 10802197600410 считать недействительным.

Н-115

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Камалидин кызы Айжамал код ОКПО 29938810, ИНН 10603199101639 считать недействительным.

Н-119

Чылабаев Курманбекке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү АБ №01605 (26.11.1998-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-117

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ СҮТ ЖАНА БАШКА СҮТ АЗЫКТАРЫН САТЫП АЛУУ ТУУРАЛУУ ЖАРЫЯЛАЙТ.

Баа котировкалары (сунуштар), «Сүт жана башка сүт азыктарын сатып алууга баа котировкалары» белгисин коюу менен чапталган конверт түрүндө **2022-жылдын 8-декабрына чейин саат 10.00дөн** кечиктирилбестен, Улуттук банктын **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча жайгашкан имаратынын **№117** иш бөлмөсүндө (экспедиция) кабыл алынат.

Толук маалымат алуу үчүн **(0312) 39-22-77** телефону жана **rmambetakunova@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу кайрылсаңыздар болот.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ ИЧЕ ТУРГАН ТАЗА СУУ САТЫП АЛУУ ТУУРАЛУУ ЖАРЫЯЛАЙТ.

Баа котировкалары (сунуштар), «Иче турган таза суу сатып алууга баа котировкалары» белгисин коюу менен чапталган конверт түрүндө **2022-жылдын 7-декабрына чейин саат 10.00дөн** кечиктирилбестен, Улуттук банктын **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча жайгашкан имаратынын **№117** иш бөлмөсүндө (экспедиция) кабыл алынат.

Толук маалымат алуу үчүн **(0312) 66-92-03** телефону жана **rkyzalakova@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу кайрылсаңыздар болот.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы DLP-системасына техникалык колдоону (купуя маалыматтын сыртка чыгышын алдын алуу системасы) сатып алууга кайрадан АЧЫК РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРӨТ.

Сынак боюнча документтер **2022-жылдын 8-декабрында саат 17.30га** чейин сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу берилет.

Катышуучулар үчүн сынакка чейинки конференция **2022-жылдын 6-декабрында саат 14.00дө Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча суроолор менен техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2022-жылдын 13-декабрында саат 14.00гө** чейин **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт. Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын катышуусунда **2022-жылдын 13-декабрында саат 14.00дө** каралат.

Бардык уюштуруу маселелери боюнча **+996 (312) 66-91-52** телефон номери же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

Баткен облусунун Баткен районунун Дара айыл аймагындагы айыл өкмөтүнүн Кан айылындагы муниципалдык менчикте турган айыл өкмөтүнө караштуу 0,44 га жер аянтынын серия Б №028409, катталган күнү 2019-жылдын 22-майындагы иден. коду 8-01-08-1003-0149 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. С/О-577

В связи с утерей гос. акта Ч №421373 (от 18.02.2013 г.) на имя Исмаиловой Чынаркуль Чурбаевны считать недействительным. Н-110

В связи с утерей диплома БЕ №52671 на имя Бараковой Асель Анарбековны считать недействительным. Н-112

«Халык Банк Кыргызстан» ААК

Директорлор кеңешинин курамынын өзгөргөндүгү тууралуу билдирет. ***24.11.2022-жылдан*** *баштап* ***Сатубалдина Жаннат Сагандыковна*** *Банктын Директорлор кеңешинин курамынан чыкты.*

ОАО «Халык Банк Кыргызстан»

уведомляет об изменениях в составе Совета директоров. Из состава Совета директоров Банка с ***24.11.2022 года*** *вышла* ***Сатубалдина Жаннат Сагандыковна.***

С/О-576

ПОСТАНОВЛЕНИЕ

ВНЕОЧЕРЕДНОГО V СОБРАНИЕ XXVIII СОЗЫВА ДЕПУТАТОВ ОРОКСКОГО АЙЫЛНОГО КЕНЕША

О ТРАНСФОРМАЦИИ ЗЕМЕЛЬНОГО УЧАСТКА

Обсуждено на внеочередной 5 сессии Орокского айылного Кенеша 28-го созыва Орокский айылный кенеш

Постановил:

1. Земельный участок Арыкпаевой Надиры Сулеймановой общей площадью 0,50 га расположенный на контуре №105 перевести из категории «земли сельскохозяйственного назначения» в категорию «земли промышленности, транспорта, связи, энергетики, обороны и иного назначения».

2. Ответственному секретарю Орокского айыл окмоту опубликовать данное постановление на сайте отдела юстиции Чуйской области.

3. Исполнения настоящего постановления возложить на главу Орокского айыл окмоту.

Председатель Орокского айылного кенеша **Э.КАДЫРКУЛОВ**

село Джал, 13 сентября 2021 года, №4/7

Н-107

Подразделение службы судебных исполнителей

ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ - НА ИМУЩЕСТВО:

гостиницу с полезной площадью - 130,7 кв.м., жилой площадью - 71,9 кв.м., расположенную на земельном участке мерою - 1010 кв.м., находящуюся по адресу: г.Токмок, ул.Ломоносова, д.46, принадлежащий на праве собственности Бегалиевой Т.И., установить стартовую цену 1 860 000 (один миллион восемьсот шестьдесят тысяч) сом.

Так же: жилой дом - с полезной площадью - 82,6 кв.м., жилой площадью - 55,5 кв.м., расположенный на земельном участке мерою - 685 кв.м., находящийся по адресу: г.Токмок, ул.Тюлебердиева, д.8, принадлежащий на праве собственности Бегалиевой Т.И., установить стартовую цену 1 980 000 (один миллион девятьсот восемьдесят тысяч) сом.

Торги состоятся **9 января 2023 г. в 10.00 часов** по месту расположения имущества. Желающим принять участие в торгах за 1 день до торгов необходимо внести гарантийный взнос - **5%** от начальной стартовой стоимости на расчетный счет ПССИ г.Токмок, «РСК Банк» Токмокский филиал БИК **129012**, депозитный счет **4403092100000155**,

Организатор торгов ПССИ города Токмок, ул.Ленина, 389, тел.: (03138) 6-29-73, 6-29-87, (0507) 77-76-26. С/О-573

Судебный исполнитель ПССИ г.Токмок Акылбеков К.А.

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (АРИС)

Проект «Регионального экономического развития»

ПОВТОРНОЕ ПРИГЛАШЕНИЕ НА ПОДАЧУ ЦЕНОВЫХ КОТИРОВОК

НА ПОСТАВКУ ОРГТЕХНИКИ

Более подробную информацию по тендеру можете получить по телефону, указанному ниже или отправив запрос на электронную почту **eibraev@aris.kg.**

Для получения тендерных документов необходимо пройти регистрацию на сайте АРИС если вы еще не зарегистрированы, затем подать заявку на участие в данном тендере.

Конкурсные предложения должны быть доставлены в нижеуказанный офис не позднее **16 декабря 2022 года 11.00 (местного времени).**

Кыргызская Республика 720040, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, кабинет №11, тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05 (внут.116), факс: + 996 (312) 62-47-48.

С/О-575

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Аксы районундагы Жерге-Тал айыл аймагынын тургуну Бабакулов Жусупбек Узеналиевичтин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №247274 (2021-жылы берилген), идентификациялык номери 3-04-02-0006-04025 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-023

В связи с утерей гос. акта серии Ч №155996, договор купли-продажи (от 26.05.2008 г.) на имя Абдыкеримова Руслана Орозбековича считать недействительными. Н-106

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №4-1-7-0-304-2-330-1 на имя Жороева Бактыбека Токтоназаровича считать недействительным. Н-105

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Бороздин Анатолий Леонидович код ОКПО 27353301, ИНН 20801195600335 считать недействительным. Н-108

Кожобеков Женишбек Эсенгазиевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануугa укук берүүчү күбөлүктөрү №0129067, №129066 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-109

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серии Ч №295760 на имя Абдырахмановой Караматхан считать недействительным. П/П-153

Темиров Алибек Турсунбаевичке берилген сериясы Ч №1011370 (25.08.2021-ж.) мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-006

Суеркулов Кумушбек Молдотаевичке тиешелүү жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актылары Ч №252870, Ч №397013 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-028

Эркин-Тоо Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор АСАНБАЕВ Наралы Камбаралиевич

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Коммерциялык директор САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс

Уюлдук тел.:н(0705) 11-75-87

н(0773) 11-75-87

Жооптуу катчы КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27

Маданият, адабият жана спорт бөлүмүн– 62-38-71

Веб-сайт – 62-18-64

Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71

Башкы эсепчи – 62-38-73

Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.

Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.

Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз: Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.

Буйрутма №1102. Нускасы 5283

Басууга 28.11.2022-ж. саат 20.00дө берилди

Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Ааламга жол айылдан башталат

Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы 1-Май айыл өкмөтүнүн башчысы Мухтар ШЕРБАЕВ:

“ЭКОНОМИКАНЫ КӨТӨРҮҮГӨ, ИНФРАСТРУКТУРАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТ АЛДЫК”

Ала-Бука районунун 1-Май айыл аймагы чек арада жайгашкан жана шарты катаал айыл аймактарынын бири. Аталган айыл аймакта 7 айылдагы 3080 кожолукта 15250 калк жашайт. 8 мектеп, 2 балдар бакчасы, 5 ФАП, бир айылдык оорукана, 2 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 1 балдардын искусство мектеби жайгашкан. Айыл аймагынын борбору – Айры-Там айылы. Айтылуу 1-Май жергесин жердеген калк мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенип келет. Табигый кырсыктар көп катталат. Облустун жана райондун борборунан бир кыйла алыс. Ошону менен катар Өзбекстан Республикасынын эки району менен чектеш жайгашкандыгына карабастан, 1-Май айылдык аймагы республикабыздагы алдыңкы айыл аймактарынын бири. Жыл тогошоор алдында айыл өкмөтүнүн башчысы менен аткарылган иштер жана жаңы жылда аткарыла турган иштери жөнүндө мектештик.

- Мухтар Нурмаматович, айыл өкмөттүн быйылкы жылдагы жараткан ийгиликтерине токтолсоңуз?

- 2022-жылды 1-Май айыл өкмөтү аймактын жалпы кайратман калкынын зор салымы менен ийгиликтүү, бир топ жетишкендиктер менен жыйынтыктоо алдында турабыз. Ушул жылдын 9 айында айыл аймагынын бардык тармактарында алдыга коюлган милдеттер так аткарылып, айыл чарбасында, өнөр жай тармагында, калкка кызмат көрсөтүү жана башка тармактарда ийгиликтер жаралып, айрыкча аймакка инвестиция тартууга катуу басым жасоо менен экономикалык жана социалдык жактан дагы бир тепкичке жогорулады. Айрыкча, айыл чарбасы, саламаттыкты сактоо, билим берүү, спорт жана маданият тармактарында жакшы ийгиликтер жаралып жатат. Натыйжада аймактын стратегиялык өнүктүрүү программасында белгиленген милдеттерди дээрлик аткарууга жетиштик. Албетте, бул ийгиликтерде айыл өкмөттүн аракеттерин ар тараптан колдоого алып турган 15 000ден ашуун кайратман элдин ролу өтө жогору болду. Мунун натыйжасында, 2022-жылы айыл аймагында бир нече ири курулуштар башталып, бир тобу пайдаланууга берилген. Аймактын социалдык-экономикалык абалына таасир этүүчү бир нече долбоорлор ишке ашырылган.

Эл аралык уюмдар менен тыгыз иштөөнүн аркасында инвестициялардын жалпы көлөмү өткөн жылдарга салыштырмалуу бир топко жогорулаган. Тармактар боюнча алганда, 2022-жылдын 9 айында айыл чарбасына 37,4 млн сом, социалдык жаатка 47,6 млн сом, кызмат көрсөтүү тармагына 8,5 млн сом жана башка тармактарга 9,3 млн сомдук инвестиция тартылган. Бул иш-аракеттер дагы уланууда.

Ал эми, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аткарылган иштер да көңүл кубантаарлык десек болот. Алардын айрымдарына токтоло кетели:

2022-жылдын 9 айына карата жалпы кирешелер 23232,9 миң сомго пландаштырылган болсо, 34678,3 миң сом акча каражаты чогултулган. Тактап айтканда, пландалган киреше 11445,4 миң сомго ашыкча аткарылып, салыштырмалуу 149,2%ды түзгөн.

Анын ичинде салыктык кирешелер жалпы 16206,0 миң сомго пландалган болсо, анын аткарылышы 24011,7 миң сомду түзүп, пландалган салыктык төлөмдөрдү 7805,7 миң сомго ашыкча аткарып, салыштырмалуу 148%ды түздү.

Транспорт каражаттары үчүн салык төлөмдөрү 110,2%, тамарка үчүн жекече жер салыгы 107,6%, айыл чарба эмес жерлеринен алынуучу салык 287,6% га аткарылып, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүшүн шарттаган.

Бул жерде, айыл өкмөттүн кызматкерлери ар бир салык төлөөчү менен жакындан, тыгыз иш алып баргандыгынын натыйжасы деп айтсак болот.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толтурууда Айылдык Кенештин депутаттары, коомдук активисттер тарабынан да бир топ салымдар болуп, бир-гелешкен аракеттердин натыйжасында, автоунаа жана жер салыгын чогултууда эл арасында түшүндүрүү иштери жогорку деңгээлде жүрдү.

- Айыл аймагындагы билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарында жүргүзүлгөн иштерге токтоло кетсеңиз?

- Айыл аймагынын негизги приоритети – саламаттыкты сактоо, билим берүү жана айыл чарбасын өнүктүрүү. Бул багытта өтө көп аракеттер жумшалып келе жатат. Маселелерди чечүүдө инфраструктура жана жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу чоң роль ойноору белгилүү болгондуктан, аймакта инфраструктураны жаңылоо жаатында бир топ иштер аткарылууда. Атап айтканда, Айры-Там үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, Жаңы-Шаар фельдшердик-акушердик пункттун имараттарынын жылытуу системалары жаңыдан жасалып, Совет-Сай айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын эшик-терезелерин алмаштыруу жана жылытуу системасын ремонттоо сыяктуу иштер жыйынтыкталган. Саламаттыкты сактоо тармагына атайын долбоор менен реанимациялык атайын унаа, ИВЛ, УЗИ, ЭКГ жабдуулары алынып берилген. Бул багытта үстүбүздөгү жылы да катуу аракеттер көрүлүүдө.

- Башка райондордон өзгөчөлөнүп сиздерде "Мектеп автобусу" долбоору жолго коюлуптур ошого токтолсоңуз?

- Учурда өтө зарыл болгон “Мектеп автобусу” долбоору ишке киргизилип, 3 айылда – Айры-Там, Ак-Башат жана Алма-Бел айылдарында алыскы тоо арасында жашаган, чек ара аймагында жашаган балдарды акысыз мектепке алып келүү жана кайра үйлөрүнө жеткирүү жолго коюлган. Ажек айылында 230 орундуу, Жаңы-Шаар айылында 150 орундуу жана Кара-Үңкүр айылында 150 орундуу заманбап мектептердин имараттарынын курулуштары учурда жүрүп жатат. Кара-Үңкүр орто мектебинин курулушу үчүн 1,2 млн сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен каралган. Ошондой эле, Айры-Там айылындагы №39 Айры-Там гимназия мектебинин чатыры, М.Алымбеков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин сырткы эшиктери алмаштырылды, №39 Айры-Там гимназия мектебинин эшик-терезелери алмаштырылып, ашканалары ремонттолуп, аталган билим берүү мекемелери ылдам интернет менен камсыздалган. Ошондой эле, Совет-Сай айылындагы “Ак-Тилек” балдар бакчасынын имараты республикалык түрткү берүүчү гранттын каржылоосу менен капиталдык ремонттон өткөрүлүп, заманбап үлгүдөгү имарат пайдаланууга берилген.

Совет-Сай айылында айылдын эс алуу борбору түптөлүп, заманбап китепкана имараты пайдаланууга берилген. Айыл аймагындагы бардык китепканалардын китеп фондун жаңылоо иштери жүрдү. Бардык мектептерге спорттук инвентарлар алынып берилип, бокс клубуна ринг, спорттук жабдуулар алынып берилген.

- Мухтар Нурмаматович, айыл аймагындагы жолдордун абалы кандай?

- СССР таркагандан бери унутулуп калган жолдорду асфальттоо иштерин жандантып, Айры-Там айылында жалпы 1,5 км аралыкка асфальт басылды. Жыл ичинде аймагыбыздагы Жаңы-Шаар, Ынтымак, Айры-Там жана Ажек айылдарында жалпысынан 23,5 км жолго шагыл ташылып төгүлүп, тегизделип, адамдар үчүн өтмөк жолдор-тротуарлар курулуп, пайдаланууга берилген. Бул аракеттер учурда да уланууда.

- Айыл аймагынын айыл-чарбасында кандай ийгиликтер бар?

- Айыл чарбасы – айыл аймагынын экономикасынын негизги потенциалы болуп саналат. Жыл сайын айыл чарба тармагына олуттуу көңүл бөлүнүп, бул жаатта алгылыктуу иштер аткарылып келүүдө. Ветеринардык клиниканын курулушу соңуна чыгып, пайдаланууга берүү алдында турат. Бул клиника малдын башын асылдандыруу, жасалма уруктандыруу, дарылоо, ар кандай эпизоотиялык кырдаалдардын алдын алууга багытталган.

Айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталган жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу максатында акыркы үлгүдөгү автогрейдер атайын техникасы, 14 тонна суу жеткирүүгө ылайыкташкан атайын таза суу тартуучу унаа алынып, учурда элге кызмат кылууда. Айыл чарба тармагындагы фронталдык жүктөөчү, чөп прессТөөчү, дан оруучу комбайн сыяктуу атайын техникалар сатылып алынып, элдин жүгү жеңилдеди.

Айыл аймагындагы 2 насостук станциянын насостук кыймылдаткычтары алмаштырылды. Сумсар-Сай суу каналында ремонт иштери жүргүзүлүп, жабдуулары алмаштырылып, сугат суу тармагын бир кадам алдыга жылдырды. Жалал-Абад областтык өнүктүрүү фондунун каржылоосу менен Алма-Бел айылындагы ички чарбалык канал пайдаланууга берилди. Ала-Бука райондук өнүктүрүү фондунун каржылоосу менен Алма-Бел айылындагы суугат сууну өткөрүүчү жабдуу курулуп, пайдаланууга берилген. Мындан сырткары, Өзбекстан Республикасынын Наманган облусуна караштуу Чуст жана Касан-Сай райондорунун калкы менен бир тууганчылык мамиленин аркасында, айыл чарбанын күрөө тамыры саналган «Чуст» каналын тазалоо иштери үчүн зарыл техникалар Өзбекстандан келип 9,5 км аралыкта каналды тазалоо, арыктарды ондоо сыяктуу иштер аткарылды. Ички чарбалык каналдарды биргелешип тазалоо иштери өткөрүлгөн.

- Айыл өкмөттүн кышка даярдыгы кандай?

- Алдыда кирип келе жаткан кычыраган кыш айларына кам көрүү максатында 1-Май айыл аймагынын Айры-Там жана Ак-Башат айылдарына трансформаторлор жана электр мамычалары сатып алынып, орнотулду. Көмүрдүн баасын арзандатуу, туруктуу кармоо үчүн айылдагы жеке ишкерлердин колдоосу менен арзан баада көмүр сатылып жатат. Турмуш шарты оор үй-бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга бекер көмүр жеткирилип берилди. Мектептерге, балдар бакчаларына жана социалдык объектилерге кышка карата керектүү материалдар сатылып алынып, ар бир мекеме үчүн кам көрүлдү.

- Дагы эмне кошумчаларыңыз бар?

- Биз жогоруда белгилегендей, 1-Май айыл аймагы шарты катаал, жолу алыс жана чек арада жайгашкан айыл аймак болсо да, бир топ жетишкендиктер жаралып келе жатат. Бул ийгиликтердин башында, 1-Май айыл аймагынын кажыбас кайраттуу эли турат. Быйылкы жылы, 1-Май айыл аймагынын уюштурулгандыгына 70 жыл болуп, ага карата “70 жылдыкка 70 иш-чара” программасы кабыл алынып, анын алкагында эл үчүн зарыл иштер аткарылууда. Андыктан, айыл аймагынын элин мааракеменен куттуктап,“Бар бол, касиеттүү 1-Майдын эли” деп аймакчыбыз!

Орункул САТЫКУЛОВ

1-Май айыл өкмөтүнүн башчысы Шербаев Мухтар Нурмаматович 1977-жылы туулган. Билими жогорку, Жалал-Абад Мамлекеттик Университетин, КР Президенттине караштуу Башкаруу Академиясын аяктаган. Кесиби боюнча экономист-менеджмент. Кытай Эл Республикасында билимин жогорулаткан. Муниципалдык кызматтын отличниги, 1-класстагы муниципалдык кеңешчи, бир нече министрликтердин Ардак грамоталарынын ээси.

Эмгек жолун 1999-жылы “Ак-Ниет” коомдук бирикмесинде жетектөөчү адис болуп баштаган. 2000–2005-жылдар аралагында Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясында, 1-Май айыл өкмөтүндө эмгектенген. 2005–2013-жылдары “Эгида-Шанс” укук коргоо уюмунда жетекчи, “Айыл банк” ачык акционердик коомунда кредит боюнча адис, 1-Май айыл Өкмөтүнүн жооптуу катчысы, “КазМинералз” жоопкерчилиги чектелген коомунда жетектөөчү адис болуп иштеген. 2013-жылдан тартып 1-Май айыл өкмөтүнүн башчылыгына шайланган. Ушул эле айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп, 2017-жылы жана 2021-жылы жергиликтүү Кеңештин депутаттарынын бир добуштан колдоосу менен шайланган. Ал жетектеген мезгилде айыл аймагы республикабыздагы алдыңкы айыл аймактарынын катарын толуктап, ар жылкы көрсөткүчтөрү боюнча 2022-жылы мамлекеттик дотациядан чыгарылган.